**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ**
**КАРАШТУУ ЖУСУП АБДРАХМАНОВ АТЫНДАГЫ**
**МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ**

Кол жазма укугунда

**УДК: 32:005.92 (575.2) (043)**

**Джумалиева Чолпон Асылбековна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МААЛЫМАТТЫК КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗДООНУН МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТЫ

23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар

Саясий илимдердин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
ДИССЕРТАЦИЯ

**Илимий жетекчи:** саясий илимдеринин доктору, доцент
Торогельдиева Б.М.

**Бишкек – 2024**

**Мазмуну**

Киришүү.........................................................................................................4-15

**I БАП. МААЛЫМАТ КООПСУЗДУКТУ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**....................................................16-57

1.1.Дүйнөлүк маалымат коомун изилдөөнүн теориялык аспектилери.......16-32

1.2.Маалымат коопсуздугу, мамлекеттин маалымат саясаты түшүнүгү....32-49

1.3. Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары.......................................49-57

**II БАП. КЫРГЫЗСТАНДЫН МААЛЫМАТ КООПСУЗДУГУНУН НЕГИЗДЕРИН ТҮЗҮҮДӨГҮ МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТ**...................58-95

2.1.Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугун камсыздоо тармагындагы ченемдик-укуктук базасы....................................................58-70

2.2.Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугун сактоо багытындагы мамлекеттик саясатын ишке ашыруу ишмердиги.................70-82

2.3.Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын Кыргыз Республикасынын саясий турмушундагы ролу……………….....………........................82-95

**III БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МААЛЫМАТТЫК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО ЖААТЫНДАГЫ САЯСАТТЫН АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ**.................................................................96-150

3.1.Кыргызстандын маалыматтык коомунун өнүгүшүнө заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын таасири..................96-118

3.2.Кыргыз Республикасынын маалыматтык суверенитетин камсыздоо жана улуттук контентти өнүктүрүү..............................................................118-136

3.3.Ааламдашуу шартында Кыргызстандын маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун саясий механизмдери............................................................136-151

Корутунду.....................................................................................152-156

Колдонулган адабияттардын тизмеси......................................................157-168

Тиркеме.........................................................................................169-178

**Кыскартылган сөздөр**

КР - Кыргыз Республикасы

ММК - массалык маалымат каражаттары

ЖМК - жалпыга маалымдоо каражаттары

МКТ - маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар

УТРК - Улуттук телерадиоберүү корпорациясы

КТРК - Коомдук телерадиоберүү корпорациясы

БУУ - Бириккен улуттар уюму

КМШ - Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги

ӨЭУ - өкмөттүк эмес уюмдар

ИИМ - Ички иштер министрлиги

IT технологиялар - Information Technology технологиялар

КР ММСЖМ  - Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу**. Эл аралык саясий мейкиндиктин конфигурациясынын өзгөрүшү, глобалдашуу шартында жаңы бийлик борборлорунун жана саясий акторлордун пайда болушу мамлекеттердин маалыматтык коопсуздугун изилдөөгө илимий кызыгууну жаратууда. Заманбап доордун эң таасирдүү дүйнөлүк саясий тенденцияларынын бири катары мамлекеттердин жана элдердин өз ара байланыштары күчөп бири бирине көз каранды болууда. Бул позитивдүү көрүнүштөр менен гана коштолбостон, мамлекеттердин улуттук кызыкчылыктарына, алардын саясий, экономикалык, руханий, социалдык, геосаясий жана аскердик чөйрөсүнө, эл аралык кызматташтыкка жана стратегиялык туруктуулукка глобалдык маалыматтык коркунучтардын келип чыгышы жана күчөшү менен коштолууда.

Бул коркунучтар тышкы саясаттын белгилүү субъекттеринин маалымат мейкиндигинде үстөмдүк кылууга умтулуусу жана инсандарга, социалдык топторго, саясий бирикмелерге, уюмдарга жана бүтүндөй коомго маалыматтык таасир көрсөтүү аркылуу ишке ашырылат. Алар ошондой эле коомдун салттуу баалуулуктарын жок кылууга, жеке иденттүүлүккө жана саясий системаны туруксуздаштырууга, эгемендүүлүккө шек келтирүүгө жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн бузууга багытталган акыркы маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу ишке ашырылат. Белгилүү афоризмди эстесек: «Ким маалыматка ээ болсо, ал дүйнөгө ээлик кылат» деп айтылган, ал эми азыр: «Ким маалымат чыгарса, ошол дүйнөнү башкарат» деген пикир туура болууда. Өнүккөн өлкөлөр адамдык өнүгүүнүн постиндустриалдык баскычын эбак басып өтүп, «маалымат коому» деп аталып калган өнүгүү фазасына ишенимдүү кадам ташташты. Анын өзгөчө белгиси - билимдин (маалыматтын) акчадан жана табигый ресурстардан маанилүү болгону.

Ушуга байланыштуу окумуштуулардын көңүлү саясий чөйрөдөгү маалыматтык өз ара аракеттенүүнүн жаңы принциптерин жана технологияларын изилдөө, тирешүү мүмкүнчүлүктөрүн, пайда болгон

коркунучтарды аныктоо аймактык, республикалык жана глобалдык деңгээлде саясий коммуникациянын коопсуздугун камсыз кылуу менен байланышкан көйгөйлөргө бурулууда. Бул тенденциялардын бардыгы диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугун көрсөтүп турат.

Саясий система 30 жылдан бери калыптануу жана трансформациялоо процессинде турган Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугунун абалы изилдөөдө өзгөчө кызыгуу жаратат. Кыргызстан эл аралык коомчулукка кошулуу менен ага ийгиликтүү ыңгайлашты десек болот. Кыргыз Республикасы жайгашкан аймак туруксуздуктун мезгилдүү толкундары менен мүнөздөлөт. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясында белгиленгендей улуттук кызыкчылыктар бул Концепциянын негизи болуп саналат [1].

Маалымат коопсуздугу маселесинин пайда болушу XXI кылымдагы жалпы ааламдашуу процессиндеги малымат таратуучу технологиялардын күндөн-күнгө өнүгүп, жайылуусу менен байланыштуу. Өнүккөн чет өлкөлөр тарабынан тарап келген жаңы заманбап технологиялар адамзаттын ар тарабындагы жашоосуна чоң жаңылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү киргизүүдө. Учурдагы заманбап коомдун талабына жараша адамдардын аң сезими, дүйнө таанымы, жашоо-шарты ааламдашуунун багыты менен жаңы нукка бурулууда.

«Маалымат коопсуздугу», «маалыматтык кризис», «маалыматтык согуш», «глобалдык маалыматтык төңкөрүшү» сыяктуу терминдер илимий-теориялык адабияттарда, басылмаларда гана эмес коомдук-турмушта да кеңири таралууда. Аталган түшүнүктөрдүн объективдүү башатын жана негизин түзгөн маалымат анын түзүлүшүнө жана тартууланышына көз карандысыз кырдаал, факт, окуя жана процесс боюнча кабар берет. Заманбап учурда жашап жаткан коомдо өлкөнүн жарандарынын жашоосун маалыматсыз элестетүү болбойт.

Кыргызстан эл аралык коомчулукка кошулуу менен ага ийгиликтүү ыңгайлашты десе болот. Республиканын маалымат мейкиндиги, калктын маалымат алуу каражаттары улам-улам жаңыланып, өнүгүп, элдин ар-түрдүү

маалыматка болгон муктаждыгы күндөн-күнгө өсүүдө. Мындай шарттын жаралышына интернет тармагынын тийгизген таасири чоң. Кыргызстандын маалымат мейкиндигинде алгачкы ирээт Интернет сайттар, электрондук басылмалар жана социалдык тармактар 2005-жылдан тарта маалымат булак катары ишмердүүлүк жүргүзө башташкан болсо, учурда Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча Кыргызстанда 2020-жылы кыргызстандыктардын 99% мобилдик түйүндөр менен камтылган, анын 70 пайызы жогорку сапаттагы 4G интернетке ээ. Кыргызстандын 15 жаштан жогорку курактагы калкынын 63 пайызга жакыны интернетти колдонот. Ошол эле учурда интернетти эң активдүү колдонуучулар 15-28 жаштагы жаштар [2].

DataReportal порталынын маалыматына ылайык, 2024- жылдын башына карата Кыргызстанда интернет колдонуучулардын саны 5,41 миллион адамга жеткен. Республика боюнча интернеттин жайылуусу 79,8 пайызды түзөт. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда 2 миллион 950 миң социалдык тармакты колдонуучу бар. Жыл ичинде интернет колдонуучулардын жалпы саны 83 миң адамга (+1,6 пайызга) өскөн [3] .

Гезит, журнал, радио жана телеберүүгө салыштырганда акыркы жылдары социалдык тармактар, веб-сайттар аркылуу маалымат алгандардын саны көбөйүп, коомдун басымдуу бөлүгүн түзүп, мамлекетке өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыздоо маселесин жаратууда. Анткени, интернет маалымат таратуу булагы катары ар түрдүү деструктивдүү, экстремисстик күчтөрдүн өз саясатын жана иш аракеттерин жайылтууга өтө ыңгайлуу. Буга далил катары интернет аркылуу түзүлгөн байланыш, маалымат алуунун жыйынтыгында ар түрдүү диний агымдарга, террористтик, экстремисттик уюмдардын иштерине аралашып, алардын колуна түшкөн жарандар тууралуу фактылар дүйнө коомчулугунда кеңири белгилүү.

Маалымат технологияларынын өнүгүүсүн толук көзөмөлгө алуу мүмкүн болбогон заманбап шарттарда Кыргызстандагы маалымат ресурстардын, коомдун, ар бир жарандын жана жалпы мамлекеттин маалымат коопсуздугун сактоо зарыл. Маалымат айдыңында жарандардын, коомдун жана мамлекеттин

маалымат коопсуздугун сактоо маселеси, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыздоосунун негизги багыттарынын бири десек жаңылышпайбыз.

Кыргызстандын жарандарына өспүрүм курагынан тартып улуу муундагы өкүлдөрүнүн аң сезимине өзүнүн терс таасирин тийгизген, ар түрдүү диний, экстремисттик багыттагы көз караштар, маалыматтар коомдун өнүгүшүнө, мамлекеттин ишине терс таасирин тийгизип, бул жааттагы маалымат коопсуздугун камсыздоо зарылдыгын белгилейт. Өлкөнүн маалымат чөйрөсүнүн ички жана тышкы коркунучтардан сактоо маселеси мамлекеттин тиешелүү маалымат саясатын жана маалымат коопсуздугун камсыздоо боюнча кабыл алынган Концепциялар мезгилдин талабы болгон.

2021-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясында белгиленгендей: «Улуттук коопсуздукту камсыз кылуу кыргыз мамлекеттүүлүгүн коргоо, элдин улуттук өзгөчөлүгүн сактоо, Кыргызстандын андан ары туруктуу, ар тараптуу жана ырааттуу өнүгүүсү, ошондой эле региондо коопсуздукту жана туруктуулукту талаптагыдай деңгээлде колдоп туруу үчүн маанилүү процесс болуп саналат» [4].

Дүйнөнүн өнүгүүсүнүн заманбап этабы маалыматтык коопсуздуктун абалына түздөн-түз таасир тийгизет. Маалыматты түзүү, кайра өзгөртүү жана керектөө менен байланышкан мамлекеттик башкаруу, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жарандык коомдун институттарынын ишинин негизги компоненттеринин бири болуп саналган маалыматтык мамилелердин ролу утурлап өсүп жатат.

Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү жашоонун бардык чөйрөлөрүнө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды ар тараптуу колдонууга киргизүүнүн жана колдонуунун аныктоочу фактору болуп калды, бул болсо маалыматтык коопсуздук маселелерин чечүүгө жогорку талаптарды коёт.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, негизги илимий программалар (долбоорлор), окуу жана илимий мекемелер**

**тарабынан аткарылуучу негизги изилдөө иштери менен байланышы**. Бул диссертациялык иш изилдөөчүнүн демилгесинин негизде жүргүзүлгөн. Ошондуктан, аталган теманын актуалдуулугу түздөн-түз Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугу менен байланыштуу, анткени мамлекеттин коопсуздугунун маанилүү маселесине арналган. Кыргызстандагы улуттук коопсуздук маселелерине арналган илимий эмгектерде маалымат коопсуздугу жана мамлекеттин маалымат саясатына арналган диссертациялык иштер саналуу. Ошондуктан бул диссертациялык эмгекте аталган маселе алгачкылардан болуп козголгон. Акыркы жылдары ата мекендик илимий изилдөөчүлөр маалымат коопсуздугу темасын теориялык-методологиялык жана ченемдик-укуктук багыттан карап, изилдешүүдө. Изилдөөнүн темасынын мамлекеттик органдардын, мекемелердин өткөрүлгөн иш-чаралары жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы бар.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүшүү менен байланышкан жаңы чакырыктардын жана коркунучтардын контекстинде мамлекеттердин маалыматтык коопсуздугу.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети** Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылууда массалык маалымат каражаттары тарабынан мамлекеттик саясатты ишке ашыруусу.

**Изилдөөнүн максаты** - эгемендүү Кыргызстандын, коомдун жана жеке жарандардын маалымат коопсуздугун камсыздоодо маалымат мейкиндигинде болгон коркунучтардан сактоо максатында мамлекеттик маалымат саясатын, маалымдоо каражаттарынын ролун иликтөө, келечектеги өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыздоо ыкмаларын жана механизмдерин талдоо. Бул максатка жетишүү үчүн алдыга төмөнкү милдеттер коюлган:

- Маалымат коомун изилдөөчүлөрдүн илимий көз караштарын талдоо.
- Маалымат коопсуздугу, мамлекеттин маалымат саясатынын түшүнүгүн талдоо.
- Изилдөөнүн методологиясын жана ыкмаларын изилдөө.

- Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар өнүккөн доордо Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугун камсыздоо жаатындагы ченемдик-укуктук базасын талдоо.
- Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугун сактоо багытындагы мамлекеттик саясатын ишке ашыруу ишмердигин анализдөө.
- КР Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын жана анын республиканын саясий турмушундагы ролун иликтөө.
- Кыргызстандын маалыматтык коомунун өнүгүүсүндө заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын таасирин иликтөө.
- Кыргыз Республикасынын маалыматтык суверенитетин камсыздоо жана улуттук контентти өнүктүрүү иш – аракеттерин иликтөө.
- Маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун саясий механизмдери жана ыкмаларын аныктоо менен келечекте мамлекеттин маалымат саясатын ишке ашыруунун багыттарын изилдөө.

**Изилдөө ыкмалары.** Диссертацияда анализ жана жалпылоо ыкмалары катары индукция, дедукция, логика, аргументация, анализ, синтез сыяктуу жалпы теориялык ыкмалар колдонулган. Мындан тышкары, төмөндөгү саясий жана дисциплиналар аралык ыкмалар колдонулган, алар: салыштыруу, институционалдык, саясий-укуктук, структуралык-функционалдык, сандык-сапаттык, социологиялык, экономикалык, жүрүм-турум, социологиялык, статистикалык, байкоо, нарктык-ченемдик ж.б.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы** автордун бул багыттардагы илимий изилдөөлөрү жана жетишкендиктери менен негизделет. Алар төмөнкү тармактар боюнча жүргүзүлгөн:

- Постиндустриалдык, технологиялык доордун, цивилизациянын өнүгүүсүнүн жаңы тарыхый фазасы катары маалыматтык коом түшүнүгүнө автордук аныктама берилген. Мындагы өндүрүштүн негизги товары болуп маалымат жана билим эсептелет. Маалыматтык коом жарандарга, коомго оң жана терс таасир берет.

- Автор тарабынан маалыматтык коом ар башка өлкөлөрдө экономикалык жана социалдык өнүгүү шарттарына жараша ар кандай деңгээлде өнүгүп жаткандыгына көңүл бурган. Техногендик цивилизациянын жана маалыматтык-телекоммуникациялык электрондук доордун калыптанышы менен ар бир жаранды, бүтүндөй коомду маалымат менен камсыз кылып, маалыматтык коопсуздук боюнча мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн түзүүдө.

- Мамлеттин маалыматтык коопсуздугун изилдөөдө дисциплиналар аралык ыкмаларды колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталган.

- Автор маалыматтык коопсуздуктун укуктук негизи жарандарды, коомду жана мамлекеттин суверендигин маалыматтын терс таасиринен коргоо экендигине көңүл бурат.

- Биринчи жолу мамлекеттин маалыматтык саясатын ишке ашыруу үчүн жооптуу болгон Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин ишмердүүлүгүнө системалуу талдоо жүргүзүлдү. 2007-жылдан 2013-жылга чейин маалыматтык саясатты жүргүзүү ишмердүүлүгү бул министрликтин карамагына киргизилип же анын курамынан чыгарылып келген. Бул министрликтин ар тараптуулугу (маданият, спорт, жаштар саясаты, туризм, миграция) маалыматтык саясаттын натыйжалуулугуна, иштин жыйынтыгына терс таасирин тийгизүүдө.

- Улуттук телекорпорациянын мисалында биринчи жолу маалыматтык ресурстардын жана саясий күрөштүн мүмкүнчүлүктөрү менен байланышкан республикалык массалык маалымат каражаттарынын ыраатсыз ишмердүүлүгү көрсөтүлгөн.

- Биринчи жолу республикада маалыматтык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү IT-технологиялардын өнүгүү процессинде жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (массалык маалымат каражаттары, Интернет) кеңири таралышында көрсөтүлгөн.

- Биринчи жолу өлкөнүн расмий, ички жана тышкы саясаты тууралуу калкты ишенимдүү маалымат менен камсыз кылууда, элдин бүтүндүгүн жана

биримдигин сактоодо, эне тилди жана улуттук баалуулуктарды өнүктүрүүдө негизги актор катары мамлекеттик кызматтын жана мамлекеттик маалымат каражаттарынын жоопкерчилигин кароо сунушталды.

- Автор тарабынан биринчи жолу өлкөнүн реалдуулугун эске алуу менен маалыматтын, компьютердик технологиялардын, массалык маалымат каражаттарынын жана социалдык тармактардын көлөмүнүн өсүшү менен өлкөдө маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун жаңы саясий механизмдерин жана ыкмаларын иштеп чыгуу зарылдыгын сунуш кылган.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**

Диссертациялык изилдөөнүн материалдары КР Президенттик администрациянын маалымат саясат бөлүмү, КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, мамлекеттик органдардын пресс-кызматтары, мамлекеттик телерадио каналдары (УТРК, ЭлТР ж.б.) стратегияларды, саясий чечимдерди, ченемдик-укуктук документтерди жазууда, контенттин түзүүдө колдонсо болот. Ошондой эле илимий изилдөө иштеринде жана «Мамлекеттик маалымат коопсуздук», «Маалымат саясат», «Мамлекеттик башкаруу», «Саясий технологиялар» боюнча лекциялык курстарды, окуу усулдарын даярдоодо, илимий изилдөө иштеринде колдонууга болот.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор**

1. Маалыматтык коом бул постиндустриалдык, технологиялардын доору, цивилизациянын өнүгүүсүнүн жаңы тарыхый фазасы, мындагы өндүрүштүн негизги товары болуп маалымат жана билим, илим эсептелет. Маалыматтык коомдун адамдарга жана коомго болгон оң жана терс таасирлери бар. Маалыматтык коом ар башка өлкөлөрдө экономикалык жана социалдык өнүгүү шартына жараша ар түрдүү деңгээлде өнүгөт. Ал техногендик цивилизациялык маалыматтык жана телекоммуникациялык электрондук доорунун калыптанышы менен ар бир жарандын, коомдун маалымат алуусун камсыздайт жана мамлекеттик чечимдердин кабыл алынышына мүмкүнчүлүк түзөт.

2. Маалыматтык коопсуздук - бул глобалдык маалымат мейкиндигин көзөмөлдөө жана реалдуу жана потенциалдуу коркунучтарды жоюу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн, шарттардын жана каражаттардын болушу. Мамлекеттин маалымат саясаты өлкөнүн коопсуздугун камсыздоодо негизги бөлүгү катары өлкөнүн кызыкчылыгын коргоп, калкка объективдүү маалымат жеткирүүгө шарт түзүү менен дүйнө коомчулугуна өлкөнүн жакшы имиджин түзүүгө багытталат.

3. Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты изилдөөдө илимий методдорду жана топтолгон теориялык-эмпирикалык материалдарды колдонуу менен өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу багытындагы рационалдуу мамлекеттик саясаттын ролу жана мааниси жөнүндө бир катар теориялык жалпылоолорду жасоого мүмкүндүк берди жана мамлекеттик органдарга бир катар сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн негиз болгон.

4. Ченемдик-укуктук актылар жарандардын, коомдун, мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыз кылууга багытталган. Бирок жалпыга маалымдоо каражаттары чөйрөсүндөгү учурдагы ченемдик-укуктук база жарандардын маалымат коопсуздугун камсыздоо боюнча медиа тармагынын иштешине таасири аз. Маалыматтык укук коргоочулар, ММК, мамлекеттик органдар жетишсиз каржылоо, кадрлардын жетишсиздиги заманбап даярдыгы, ата мекендик медиа контенттин начардыгы терс таасирин тийгизүүдө. Ченемдик-укуктук базаны кайра карап чыгуу жана тиешелүү мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин жогорулатуу талабы турат.

5. Кыргызстандын рыноктук мамилелерге өтүү, жаңы саясий системанын калыптанышы, саясий кризистер жана туруксуздук бийликтин узак убакыт бою, өлкөнүн маалыматтык коопсуздугуна тийиштүү көңүл бурулбай калганына алып келген. Кадрдык секириктер, республиканын маалымат тармагынын чет элдик агенттер жана демөөрчүлөр тарабынан терс таасирин тийгизген. Бүгүнкү маалымат доорунда бийликтин бардык бутактарынын, административдик-аймактык жана улуттук түзүмдөрдүн, жарандык коомдун,

жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана мамлекеттик бийлик органдарынын ортосунда маалымат менен камсыз кылуу жана мамлекеттик маалымат коопсуздугу камсыздоо саясатын колдоо мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн ишке ашыруунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

6. Мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзүүдө, коомчулукка расмий маалымат жеткирүүдө Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы мамлекеттин маалыматтык негизги борбору. Маалымат ресурстары жана ага жетүү үчүн саясий күрөш Улуттук телекорпорациянын ишиндеги ыраатсыздыка алып келген. Эгемен Кыргызстандын тарыхындагы саясий кризистерде наарязы тараптар УТРК телеканалды ээлик кылуу дайыма аракет жазашкан. Телекорпорация жана анын аймактардагы филиалдары үчүн негизги саясий актолордун ортосунда тынымсыз саясий оюн болуп турду. Телекорпорациянын маалыматтык ишмердүүлүгү мамлекеттин суверендүүлүгүн сактоодо стратегиялык мааниси зор.

7. Кыргызстанда маалыматтык коомдун калыптанышы медиа мейкиндигинин өнүгүү деңгээлинен көз каранды. Бүгүнкү күндөрү өлкөдө салттуу маалымат каражаттары - теле жана радио онлайн медиа жана социалдык тармактардын басымы менен артка чегинүүгө аргасыз болуп жатканы көрүнөт. Социалдык тармактар: Instagram, TikTok, Facebook, Одноклассники, В Контакте, Twitter жалпысынан негизги маалымат булагы катары телеберүүнүн ордун басууда. Телеберүү менен радионун ордун смартфондор алмаштырууда. Бирок ишеним жагынан телеберүү социалдык тармактардан жогору турат. Маалыматты колдонуучулардын көңүл буруусу да өзгөрүүдө - бул тексттик мазмундан визуалдык мазмунга өтүүдө. Маалыматтын каналдары гана эмес аны алуунун каражаттары да өзгөрүүдө.

8. Мамлекеттик кызыкчылыкты, маалымат коопсуздугун коргоп улуттук контентти өнүктүрүүдө мамлекеттик маалымдоо каражаттары чечүүчү ролду аткарат. Радио, теле менен чектелбестен заман талабына жараша жаңы медианы колдонуу, Интернет тармагында улуттук контентти өнүктүрүү, социалдык тармактар аркылуу коомчулукка маалымат жеткирүү учурдун

талабы. Ал эми көп сандаган жана түрлүү жеке менчик маалымдоо каражаттарынын берүүлөрүнүн мазмуну жеке адамдардын же ким тарабынан каржыланса ошол тараптын кызыкчылыгы мамлекеттикинен жогору тураары белгилүү. Кыргыз тилинде контенттин жетишсиздиги, тиешелүү мыйзам талаптарын аткаруу татаалдыгы аныкталып, мында мамлекет тиешелүү механизмдерди иштеп чыгуу зарыл. УТРК, ЭлТР телеканалдарында, Интернет тармагында жана жеке медиалар да кыргыз жана орус тилинен тышкары англис тилинде контент жаратса Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугун сактап, оң имиджин түзүп, дүйнө коомчулугуна жакшы жагынан маалымат жеткирилет. Бул көрүнүш мамлекетти оң жагынан тааныттууга таасир берип, маалымат мейкиндигинде дүйнөлүк атаандаштыкта туруштук берүүсүнө шарт түзмөкчү.

9. Маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун саясий механизмдери жана ыкмалары катары төмөнкүлөрдү айтса болот: улуттук кызыкчылыктарды маалымат чөйрөсүндө «инсан-коом-мамлекет» үчилтигинин таламдарын тең салмактуу укуктук камсыздоо аркылуу ишке ашырылышы; Интернет технологиялары өнүккөн азыркы коомдо массалык маалымат каражаттарынын, интернет тармагынын ишин жөнгө салуучу, келечек багыттарын аныктоочу ченемдик-укуктук документтерин аныктоо; улуттук маалымат каражаттарын жана кадрларын (материалдык-техникалык базасын камсыздоо, кесипкөй кадрларды даярдоо, тажрыйба алмашуу, квалификациясын жогорулатуу ж.б.) чыңдоо; маалымдоо каражаттарын каржылоону оптималдаштыруу, жеке менчик ММКга мамлекеттик субсидия берүү; улуттук контентти атаандаштыка туруштук берген кыргыз, орус, англис ж.б. эл аралык тилдеринде контентти өнүктүрүү. Өзгөчө көңүл бурула турган маселе дүйнө коомчулугуна Кыргызстан тууралуу имидж оң мазмундуу контентти жайылтуу.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** бул диссертациянын темасын кеңири изилдеп, анын натыйжасында келип чыккан жыйынтыктары, тыянактары жана сунуштары менен негизделет.

**Илимий иштин апробацияланышы**. Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары темага толугу менен шайкеш келет жана рецензияланган илимий басылмаларда11 макала жарыяланган. Изилдөөнүн негизги жоболору менен тыянактары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда доклад катары сунушталган.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иштин түзүмү изилдөөнүн негизги милдетине ылайык коюлган маселелерди логикалык ырааттуу чечүү менен аныкталат. Диссертация кириш сөздөн, үч баптан, тогуз параграфтан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен жана бир тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү 178 баракты түзөт.

# I БАП. МААЛЫМАТ КООПСУЗДУКТУ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК - МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Дүйнөлүк маалымат коомун изилдөөнүн теориялык аспектилери

Учурда илимдин негизги милдеттеринин бири, бул - адамзаттын маалымат коомуна, жаңы цивилизацияларга өтүү процессин иликтөө болуп эсептелет. Маалымат технологияларынын өнүгүү мезгилинде теориялык изилдөөлөр жана иликтөөнүн келечеги үчүн концептуалдуу көз караштарды кароо зарыл. Маселенин негизги өзөгү, дүйнөнүн өнүгүү этаптарын ар тараптан илимий негизде изилдеп, илимий-техникалык жактан өнүгүп жаткан шарттарында ааламдашкан маалымат коомунун калыптанышын аныктоо маселеси турат. Учурдагы дүйнөлүк цивилизация, компьютерлештирүү, ааламдашуу жана илимий-техникалык өнүгүүлөрдүн терс жактарын жокко чыгаруу жолдорун издөөдө.

Маалымат коому, бул постиндустриалдык коомдун концепциясы, цивилизациянын өнүгүүсүнүн жаңы тарыхый фазасы болгондуктан, мындагы өндүрүштүн негизги товары болуп маалымат жана билим эсептелет. Азыркы мезгилде маалыматтык технологиялар, маалымат социалдык өнүгүүнүн чечүүчү факторуна айланды. Маалымат коомунун өзгөчө белгилери, бул коомдук турмуштагы маалыматтын жана билимдин ролунун жогорулашы, калктын эффективдүү маалымат алмашуусу, дүйнөлүк маалымат ресурстарына, коомчулуктун маалымат каражаттарына жана кызматтарга болгон талабын канааттандырган глобалдуу маалымат мейкиндигин түзүү эсептелет. Маалыматтык коомдо адам канчалык көп маалыматка жана билимге ээ болсо, ошончолук өнүккөн жана алдыга кеткендигин түшүндүрөт.

Негизинен жаңы ааламдашкан маалыматтык коомдун концепциясы XX кылымдын ортосунда маалыматтык-компьютердик революциялар шартында коомдук өнүгүүнү теориялык жалпылоо катары пайда болгон. Илимий-техникалык жана маалымат технологияларынын өнүгүүсүнө негизделген коомдун түзүлүш этаптарын изилдөө процесси тиешелүү тажрыйба топтолгонго чейин эле алгач батыш өлкөлөрүндө башталган. Илимий-

философиялык ойлор коомдун өнүгүү багыттарын болжолдоп аныктоого тиешелүү шарт түзгөн. Мисалы, орус окумуштуусу В.И. Вернадскийдин ноосфера, акыл-эс катмары тууралуу пикири маалымат коом концепциясынын пайда болушуна жана өнүгүүсүнө шарт түзгөн [5, 12]. Маалымат коомунун концепциясын түзүү көбүнчө батыш өлкөлөрүнүн изилдөөчүлөрүнө таандык болуп, маанилүү маселе катары советтик окумуштулар тараптан кеңири изилденбей калган (идеологиянын басымы менен). Маалыматтык жана илимий-техникалык өнүгүүлөрдүн негизиндеги жаңы коомдун иликтениши либералдык капиталисттик өлкөлөрдө ишке ашырылган.

Маалыматтык коом, постиндустриалдык коомдун концепциясы өндүрүштүн негизги каражаты катары маалымат жана билим болгон цивилизациянын жаңы тарыхый өнүгүү фазасы болуп эсептелет. 1960 - 1980-жылдары батыш өлкөлөрүндө жаңы коомдун өнүгүү моделин түзүү милдети пайда болгон.

Негизи «маалыматтык коом» деген түшүнүк алгачкы ирээт батышта коомдук-экономикалык өнүгүүнүн абалын мүнөздөө үчүн пайда болгон. Маалымат коомунун концепциясы 1960-жылдары түптөлө баштаган. Жогоруда белгиленгендей, маалыматтык коом идеясынын авторлорунун коомдун өнүгүүсүн үч этапка: агрардык, индустриалдык жана постиндустриалдык же маалыматтык коомго бөлүүсү ушул кезге чейин жалпы кабыл алынган көз караш жана концепция катары жашап келатат.

Белгилей кетүүчү жагдай, маалыматтык коом ар башка өлкөлөрдө экономикалык жана социалдык өнүгүү шартына жараша ар түрдүү деңгээлде өнүгөт, бирок маалыматташтыруу өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө карай жалпы тенденцияны көрсөтөт. Алсак, кара күч эмгегине таянган агрардык революция тарыхта алгачкы жолу адамдар коомчулугу түзүлгөндө эле аяктаган (1650-1750-ж.). Бул мезгилде туруктуу аскер жана кесиптик чеберчилиги жогору кужүрмөн кызмат болгон эмес. Өнөр жай революциясы массалык өндүрүштүн, кеңири коомчулуктун жана куралдуу массалык аскерлердин түзүлүшүнө алып келген. 1950-1970-жылдар

аралыгында индустриалдык коом өкүм сүргөн, анын негизги өндүрүш каражаты болуп машиналык техника эсептелген. 1970-жылдардын аягында 1980-жылдын башында жаңы технологиялар индустриалдык өлкөлөрдөгү коомду өзгөртө баштаган. Алгачкы массалык индустриалдык коомдон кийинки постиндустриалдык коом акырындык менен маалыматтык коомго өткөн.

Маалымат концепциясын социалдык жана маданий өнүгүүнүн тепкичи катары биринчилерден болуп француз изилдөөчүсү Ж. Фурастье «XX кылымдын улуу үмүтү» деген китебин атасак болот. Бул эмгекте адамзат коомунун тарыхын жана маданиятын ал эки мезгилге бөлгөн: салттуу өнүгүү (неолиттен 1800-жылга чейин) жана маалыматтык коом (1800-жылдан XX кылымга чейин). Ж. Фурастье экинчи мезгилдин өнүгүүсүнүн негизи катары маданиятты гана өзгөртпөстөн, бүтүндөй коомду өзгөрткөн техникалык прогрессти аныктаган. Ж. Фурастье маалымат коомун калыптандырган маанилүү методологиялык принципти сунуштап, анын негизги мүмкүнчүлүктөрүн аныктаган [6, 33]. Ал келечектеги коомчулук менен алектенген көпчүлүк жарандардын кызмат көрсөтүү, маалымат тармагына кызыктар болоорун белгилеген. Күн санап өнүгүп жаткан техникалык прогресс экономикалык, социалдык жана маданий жактан да өнүгүүнү камсыздап, маалымат цивилизациясынын камсыздалышына алып келет.

1960-жылдары маалымат коомунун калыптануу мезгилинде маданиятты изилдөө иши менен канадалык философ М. Маклюэн 1962-жылы алгачкылардан болуп «электрондук коом» түшүнүгүн киргизген. М. Маклюэндин афоризмге айланган негизги аныктамасы төмөнкүдөй: «Байланыш каражаты аркылуу берилген билдирүүнүн өзү каражат болуп саналат». Изилдөөчүнүн негизги көңүлү телекөрсөтүүгө бурулуп, ал бул маалымат каражатын жогорку деңгээлдеги электрондук реалдуулук катары баалаган. Телеберүү башка массалык маалымат каражаттарынан айырмаланып, курчап турган дүйнөгө эстетикалык-психологиялык чоң таасир берет. М Маклюэндин пикиринде, маалымат коомдо басма сөз публиканы, ал

эми электрондук техникалар массаны пайда кылат. Электрондук түзүлүштөр арасындагы үнсүз байланыш адамдарды бири-бири менен бекем байланыштырат деп изилдөөчү таамай белгилеген. Себеби, маалымат алынгандан көп өтпөй ал коомчулукка жарыяланат. Биздин электрондук коомдо маалыматты бөлүштүрүп, иретке келтирип колдо кармап туруудан эч пайда жок [7,56].

Жапон окумуштуусу Й. Масуданын изилдөөсү боюнча, жаңы коом компьютердик техниканы колдонууга басым жасайт жана ошол техниканын өнүгүүсүнө адам баласы өзү акыл-эсин аянбай жумшайт. Экономикалык өнүгүүнүн негизи Й. Масуданын пикиринде, жаңы телекоммуникациялык технологиянын жардамы менен таркай турган продукция интеллектуалдык өндүрүштү түзөт [8,56]. Маалыматтык коомдо эң баалуу нерсе болуп убакыт эсептелет. Убакыттан уткан адам барына жетишет, баарына үлгүрөт.

Белгилүү социологдор Д. Белл, Ж. Гэлбрейт, Э. Тоффлер жана З. Бжезинский маалымат коомунун концепциясынын теориялык негиздерин аныктоо менен компьютерлештирүү шартында бүткүл адамзат коомунун алдында турган көйгөйлүү маселеге мүнөздөмө беришкен. Алар коомду заманбап доордун тармактарына жараша ар кандай аташкан. Америкалык окумуштуу, философ Э.Тоффлер жаңы коомго «супериндустриалдуу» [9], Ж. Гэлбрейт «жаңы индустриалдуу» [10], З. Бжезинский «кибернетикалык электрондуу» [11] коом деп мүнөздөмө беришкен.

Э.Тоффлер келечектеги бүткүл дүйнөлүк коомдун идеясын «инфоноосфера» менен байланыштыруу аркылуу өнүктүргөн. Бир эле мезгилде жаңы коомдун түзүлүшүнүн тиешелүү таасирлери да көрсөтүлгөн. Э. Тоффлер «Үчүнчү толкун» китебинде цивилизациянын өнүгүүсүнө карата шарттуу түрдө бири-бирин улаган коомдун үч түрүн белгилеген. Алар «агрардык», «өнөр жай» жана «маалымат коому». Ар биринин өзүнүн өндүрүш каражаты жана согуш жүргүзүүнүн өз ыкмасы бар [9,25].1970-жылы чыккан «Болочоктун болжолу» эмгегинде ал жаңы коммуникация кантип пайда болгондугун кенен сүрөттөп берген. О. Тоффлер, маалымат коомунун

өнүгүү этабын үчкө бөлүп караган. Биринчи этапы жергиликтүү коомчулукта маалымат көп чогулган элдер жана католик чиркөөсүндө уюштурулган жыйынга келгендер аркылуу тараган. Ал эми массалык маалымат каражаттары экинчи орунда туруп, «экинчи толкун» деп аталган. Технологиялык өндүрүшкө негизделген каражаттар, бул гезит, журнал, тасма, телекөрсөтүү жана радио тармактары. Коомдун маалыматтык өнүгүү этабын ал «үчүнчү толкун» деп атаган. Үчүнчү толкун этабында маалыматты иштеп чыгуу, таркатуу өзгөчө мааниге ээ болуп, өзгөрүүлөргө дуушар болот. Себеби, компьютердик мүмкүнчүлүк жана жаңы технологиялык өзгөрүүлөр бул өндүрүш тармагынын чөйрөсүн кеңейтет. Жаңы компьютердик технологиялар коомдун өнүгүүсүнө жана ар бир жарандын аң сезимине таасирин тийгизген «инфосфераның» түзүлүшүнө шарт түзөт [12].

Маалыматтык коомдун теориясынын калыптанышына америкалык окумуштуу Д. Белл «Келе жаткан индустриалдык коом» эмгегинде ар тараптуу изилдеп, маселенин илимий сыпатталышына чоң салымын кошкон. Д. Беллдин маалыматтык телекоммуникациялык технологиялардын өнүгүшү өлкөдөгү демократиянын, мамлекеттин, коомдун жана анын маданиятынын, ар бир жарандын жемиштүү өсүп-өнүгүүсүнө чоң мүмкүнчүлүк түзөт деп билдирген. Ошондой эле «постиндустриалдык коом» түшүнүгү жаңы технология, экономикалык өсүш жана коомдун социалдык структурасы жайгашкан белгилүү бир теориялык билимдин борбордук ролун көрсөтөт деген.

Д. Беллдин пикири боюнча, маалыматтык коом билим берүү, саламаттыкты сактоо, изилдөө жана башкаруу менен байланышкан өзгөчө мүнөздөмөлөргө ээ. Белгилүү болгондой, мында коомдогу адамдардын ишмердүүлүк чөйрөсү өзгөрүп, билимдүү, кесипкөй кадрлардын саны өсөт жана постиндустриалдык коомдо кош идеологиянын конвергенциялоого жолу башталат. Анткени постиндустриалдык коомдо негизги орунда билим турат. Маалымат коомунун идеологиясынын негизинде Д. Беллдин маалымат коому

боюнча эмгектеринде негизги басым жаңы, мыкты бааланган мүмкүнчүлүктөргө жасалган [13].

XX кылымдын экинчи жарымында пайда болгон маалымат коому бүгүнкү күндө батыш салттар тарабынан кабыл алынган социалдык-маданий метатеория болуп эсептелинет. Анын негизги жыйынтыгы индустриалдык коомду алмаштыра турган жаңы социалдык түзүлүштү, илим менен билимдин өнүгүүсүн жана маалымат жыйноо, сактоо, таркатуу багытындагы технологиялык өнүгүүлөр түзөт. Индустриалдык коомдун тарыхы жана теориясынын методологиялык негиздери агартуучулукка таандык.

Канадалык окумуштуу М. Маклюэн да коомдун өнүгүү тарыхын үч этапка бөлүп караган. Биринчи этапты алгачкы - жазуу маданиятына чейинки мезгил - деп бөлгөн, бул учурда адамдар курчап турган чөйрөнү угуу жана көрүү аркылуу кабыл алып, маалыматты оозеки түрүндө айтып беришкен. Кийинки өнүгүү баскычы жазуу, басма маданияты, басма сөздүн жана китеп басып чыгаруунун пайда болушуна түрткү болгон. Так ушул мезгилде басмакана өндүрүшү өнүккөн. Кийинкиси электрондук медиа-үналгы жана сыналгы, кайрадан алгачкы доорго мүнөздүү угуу жана көрүү мүмкүнчүлүгү. Электрондук массалык маалымат каражаттарынын таасири алдында телекоммуникациялык тармактардын жардамы менен бүткүл дүйнө биригет. Бул көрүнүштү М. Маклюэн «глобалдуу айыл» деп атаган [7,78].

Адам баласынын жаңы доорго кирүүсүндөгү маданий, социалдык жана экономикалык жагдайларын ачыктаган дагы бир концепциянын ээси испан социологу М. Кастельс заманбап коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөргө «маалыматташкан коом» терминин сунуштайт. М. Кастельстин пикири боюнча тарыхый мезгилде жаңы технологиялык шартта пайда болгон социалдык уюмдун атайын формасы болот. М. Кастельс «Маалыматтык доор: экономика, коом, маданият» аталган эмгегинде маалыматтык коомду «реалдуу виртуалдуулуктун» маданияты катары аныктайт. Маалыматты берүүнүн жаңы техникалык мүмкүнчүлүктөрүнүн пайда болушу менен тармактык ишканалар, капиталдын кыймылы, эмгекти уюштуруу жаатындагы радикалдуу

өзгөрүүлөр сыяктуу көрүнүштөр кантип пайда болгону көрсөтүлөт. Маалыматташтыруу процесстери саясий чөйрөгө, атап айтканда, калктын түрдүү топторунун жарандык катышуусунун өсүшүнө, классикалык эмес маалымат каражаттарынын ар кандай формаларында, анын ичинде саясий мүнөздөгү веб-сайттарда, блогдордо, подкасттарда жана коомдун электрондук байланыштын башка формаларына таасирин тийгизет. Өзгөрүүлөр маданий жана жеке планда болот [14,32].

Реалдуу виртуалдуулуктун маданияты реалдуу адам виртуалдуу дүйнөгө кирип өзүнүн образын түзөт. Мындай маалымат коомунун маданиятынын ачык далили болуп интернет тармагы эсептелет Л.Г. Свитич төмөндөгү изилдөөлөрдү толуктоо менен маалыматтык коомго тиешелүү мүнөздөмөлөрдү берет:

- глобалдуу маалымат тармактарынын таркашы;
- маалыматты экономикалык ресурс жана жалпы керектелүүчү предмет катары колдонуу;
- маалыматтык эмгектин түрүнө ээ болуу;
- телекоммуникациялык, транспорттук, уюштуруучулук инфраструктуранын ролунун жогорулашы [15, 77]. Окумуштуулардын пикиринде, маалыматтык коом, массалык маалымат каражаттары (мындан ары ММК) жаңы багытынын пайда болушунун негизи болуп саналат. «Маалыматтык коом» түшүнүгүнүн аныктамасы теориялык изилдөөлөрдө белгилүү болгондой, илимий иштеги бирден-бир маанилүү учур. 1950 – 1970-жылдары адамзат техника, компьютердик технология жана илимий техникалык төңкөрүш күчтүү өнүккөн жаңы доорго өтө баштайт. Адамдардын бүтүндөй жашоо шарты, ишмердүүлүгү «техника» жана «маалымат» менен байланышы окумуштуу, философтордун көңүлүн бурдуруп, «маалымат коомунун» концепциясынын калыптанышына түрткү болду. Бул маселени изилдеген философтордун пикиринде, жаңы ааламдашуу коомунда адамдардын жашоосу, аң сезими өзгөрүлөт, буга чейин алар маселени саясий, экономикалык же социалдык көз караштан бир тараптуу иликтеп келишкен.

Жогоруда айтылгандай, жаңы доорго «маалыматтык коом» аталышын америкалык окумуштуу Э. Тоффлер сунуштаган. «Маалымат коомунун» концепциясынын авторлору, философтор өз тарыхый концепцияларында руханий же материалдык чөйрө кайсынысы биринчи орунда турат деген маселе боюнча бир пикирге келе алышкан эмес. Муну Э. Тоффлер менен К. Ясперстин айткан аныктамалары далилдеп турат. Эки окумуштуунун көз карашындагы негизги айырмачылыктар тууралуу айтсак, К. Ясперстин пикиринде жаңы цивилизациялар дооруна өтүүнүн башталышы адамдардын аң сезиминин өзгөрүлүшү, ал эми Э. Тоффлердин пикири боюнча жаңы толкундун келишине адамдардын жашоо-шарты жана чөйрөсү таасир тийгизген. Бирок, түрдүү көз караштарга карабастан, тарыхый өнүгүү тартиби боюнча бардык авторлордун жалпы мүнөздөмөсүн карап чыгууга болот. Алардын тарыхы негизги үч маанилүү этапка бөлүнөт, алар «айыл чарбачылык», «индустриалдык» жана «постиндустриалдык». Ар бир этапка өтүүдө адамзаттын жашоо-шарты, аң сезими өзгөрүүгө дуушар болот, анын баары илимий-техникалык өзгөрүү жолу менен коштолот. Тарыхый жыйынтыктоочу этап «маалыматтык коом», кээ бир философтордун пикири боюнча бул доор бизге келген, ал эми башка окумуштуулардын ырасташынча, мунун баары жакынкы келечекте пайда болот. Белгилүү болгондой, «маалымат коомунун» авторлорунун концепциясынын өнүгүү тарыхы «формациялык» теорияга жакындыгы байкалат. Бирок тилекке каршы Э. Тоффлерден башка «маалымат коомунун» концепциясынын авторлору коом адамдардын маданий жашоосуна кандай таасир тийгизет деген маселеге көңүл бурушкан эмес. Бул суроого Э.Тоффлер гана жооп издеп, ал өзүнүн «Үчүнчү толкун» эмгегинде кенен токтолгон. «Маалымат доорундагы» негизги милдет катары, жаңылыкты болушунча тез убакытта даярдоо менен коомго таркатуу жана анын кабыл алынуусун жогорулатуу эсептелет [9]. Ошондуктан маалымат агымын иштеп чыгуу процессин тездетүү максатында маалымат стандарттташылат жана классификацияланат. Бул көрүнүш маданиятка эки багытта таасир берет: биринчиден-адамдын жашоосунун руханий жана

материалдык жактарын болушунча жакындатат; экинчиден-маданияттын эмоционалдык жана маалыматтык түрлөрүнүн ортосунда тез арада бөлүнүү пайда болот. Анткени, чыныгы маданиятка кызыккан адам кургак маалыматтык текст, окуяны кыска баяндап айтып берүүгө эч качан канааттанбайт. Маданияттын эмоционалдык жана маалыматтык элементтеринин ортосундагы ажырымдын негизги себеби да ушул.

Жаңы «маалымат коомунун» келиши менен дүйнөдө буга чейин маани берилбеген көптөгөн маселелер да жаралды. Айрым авторлор ушул маселенин үч түрүн белгилешүүдө, учурдагы кыйынчылык, жаңы коомго өтүүдөгү кыйынчылык жана жаңы коомдун кыйын маселелери. Булардын ар бирин карап чыксак, заманбап дүйнөнүн көйгөйлүү маселелери: экология, куралдуу согуш, батыш менен «үчүнчү дүйнө» өлкөлөрүнүн ортосундагы экономикалык туңгуюк ж.б. Дүйнө өзгөрүп, жаңы маалымат коомунун калыптанышына багыт алууда. Ал постиндустриалдык түрдөгү социалдык түзүлүштөн айырмаланып турат. Мисалы, маалымат эң баалуу товар катары саналып, телекоммуникациянын ролу өсөт. Макроэкономиканын деңгээлинде структуралык секириктер пайда болуп, жыйынтыгында негизги каражат «маалымат өндүрүшү» тармагына түшө баштайт. Мындай көрүнүш өзгөчө өнүккөн өлкөлөрдө байкалат. Көптөгөн «маалымат коомун» өнүктүрүү боюнча өкмөттөр аралык комиссиялар сунуш-пикирлерди даярдап, улуттук экономиканын чегиндеги глобалдык интернет тармагынын базасында «электрондук өкмөт» түзүү боюнча чыныгы таймаш башталат. Бул концепциянын негизги мазмуну жаңы коомдо көптөгөн жарандар бардык багыттагы өз иштерин интернет тармактары аркылуу жеке менчик компаниялар, уюмдар менен жүргүзө баштайт. Ошол эле учурда мындай мүмкүнчүлүктүн мамлекеттик мекеме-уюмдар менен иштешүүдө да түзүлсө деген талаптар коюла баштайт. Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү жашоонун бардык чөйрөлөрүнө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды ар тараптуу колдонууга киргизүүнүн

жана колдонуунун аныктоочу фактору болуп калды. Аталган концепция үч маселеден кабар берет:

1. Жарандарга жана жеке компанияларга мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуу үчүн кайрылган тараптардын иш убактысында гана эмес, күнүмдүк 24 саат бою тез жана ыңгайлуу компьютердик интернет байланышы талап кылынат.
2. Күнүмдүк мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр бардык коомчулук үчүн ачык-айкын болуусу шарт.
3. Жарандар үчүн иштеген мамлекеттик кызматтар атка минерлердин бюрократиялык ишмердүүлүгүнө көз каранды болбоосу шарт.

Коомдогу мындай өзгөрүүлөргө маалыматтык жана коммуникациялык технологиялардын өнүгүүсү, маалымат таркатууда чоң мүмкүнчүлүккө ээ болгон компьютердин негизги эмгек куралына айланышы себеп болууда. Маалымат доорунун эң негизги жетишкендиги коомдук жашоо-турмуштагы төңкөрүштүк процесстер: ишкердик, жарандар жана мамлекеттик органдардын ортосундагы байланыштар ачыкталат; коррупциянын саны азаят; маалымат алмашуу иштери ыкчамдап, убакыт жана каражат үнөмдөлүү менен коомду башкаруунун принциптери, салттары да өзгөрүүгө муктаж болот.

Азыркы учурда маалымат коомунун мүмкүнчүлүктөрү өнүккөн өлкөлөрдө жогорку индустриалдык коомдун өнүгүүсүнө карай ачкыч катары каралып, XXI кылымда саясатчыларга, ишкерлерге, мамлекетке жана бүтүндөй коомчулукка чакырык болду десек жаңылышпайбыз. Мындан тышкары, дүйнөлүк деңгээлде маалымат адам укуктарынын бири болуп саналат. Бириккен улуттар уюмунун башкы ассамблеясында 1948-жылы 10-декабрында кабыл алынган «Адамдардын жана жарандардын укуктары» боюнча бирдиктүү декларациясынын 19-беренесинде жазылгандай, ар бир жаран мамлекеттердин чек арасына карабастан, маалыматты жана идеяларды издөөгө, алууга жана таркатууга толук укуктуу. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар чөйрөсүндөгү илимий-техникалык революция жаңы дүйнө өнүгүүсүндөгү экономикалык жана саясий

глобалдашуу процессине, ошондой эле улуттук маданияттын өз ара аракеттенүүсүнүн күч алуусуна, адамзат коомунун социалдык структурасынын өзгөрүүсүнө жаңы дем-күч берди деп белгилеген.

Мунун бардыгы дүйнөлүк коомчулукту «маалыматтык коом» аталган жаңы өнүгүү этабына өтүүсүн шарттаган. 1992-жылдан тартып аталган терминди батыш өлкөлөрүндө да колдоно башташкан, мисалы «улуттук глобалдуу маалыматтык инфраструктура» деген түшүнүк Америка Кошмо Штаттарындагы (АКШ) Улуттук илимий фонддун конференциясынан жана Б. Клинтон менен А. Гордун баяндамасынан кийин кирген. XX кылымдын аягында маалыматтык коом жана ааламдашуу түшүнүгү маалымат чөйрөсүндөгү кесипкөйлөрдүн гана эмес, саясий ишмерлердин, экономистердин, мугалимдердин жана илимпоздордун ишмердүүлүгүндө өз ордун тапты. Көпчүлүк учурларда бул сөз маалымат технологияларынын жана телекоммуникациялык каражаттардын өнүгүүсү менен айкалышууда. Буга ылайык, 2006-жылдын 27-мартында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясында (БУУ) атайын резолюция кабыл алуу менен 17-май маалымат коомунун Эл аралык күнү катары жарыяланган [16].

Ошентип, маалымат коомунун концепциясынын теориясын изилдөөдөн белгилүү болгондой, бардык окумуштуу, авторлор өз көз караштарында маалымат коомунун концепциясынын тарыхый өнүгүү багытын негизинен бирдей аныкташкан:

1. Тарых негизги үч глобалдык этапка бөлүнөт, алардын аталышы төмөнкүдөй: «айыл чарбачылык», «индустриалдык» жана «постиндустриалдык»;
2. Этаптар-аралык чектөөлөр өндүрүштүк мамилелердин же адам менен жаратылыштын ортосундагы байланыштын негизинде жүргүзүлөт (эмгек куралы, техника жана маалымат аркылуу);
3. Кийинки этапка өтүү илимий-техникалык революция жолу менен ишке ашат. Мунун жүрүшүндө жашоо-шарт, адамдардын аң сезими өзгөрүлөт;

4. Жыйынтыктоочу тарыхый этап кээ бир философтордун пикиринде, бизге келип жеткен, ал эми дагы башка окумуштуулардын билдирүүсүндө, «маалыматтык коом» деп аталган бул этап жакынкы келечекте бизге да келет. Бул мезгилде маданият чөйрөсүнө постмодерн доору башталат [17,125].

Тилекке каршы, «маалымат коомунун» концепциясынын Э.Тоффлерден башка изилдөөчүлөр бул коомдун келиши адамзаттын маданий жашоосуна кандай таасир бере тургандыгы тууралуу суроого тиешелүү көңүл бурушкан эмес. А.И. Ракитов 1980-жылдардын аягындагы эмгектеринде маалыматтык коомго өтүү өндүрүштү, кызмат көрсөтүүлөрдү жана билимди пайдалануу коомдук ишмердүүлүктүн эң маанилүү продуктусуна айланарын жана билимдин үлүшү өсө тургандыгын жазган. Жакынкы келечекте маалымат коому бүткүл цивилизациялык жана жалпы маданий процесстерге жогорку деңгээлдеги өз таасирин тийгизерин А.И. Ракитов белгилейт [18, 201].

Коомдун постиндустриалдык, ал эми маданияттын-постмодерн дооруна кириши билимдин, илимдин статусун өзгөртөт. Билим баарынан маанилүү дүйнөдөгү бийлик үчүн болгон күрөштөгү негизге айланат.

Маалымат коомунун өзгөчөлүктөрү: коомдук турмуштагы маалыматтын жана билимдин ролунун жогорулашы; маалыматтык байланыштык каражаттардын өсүшү.

Төмөнкүлөрдү камсыздаган глобалдык маалыматтык чөйрөнү түзүү:

- адамдардын эффективдүү маалыматтык өз ара байланышы,
- дүйнөлүк маалымат ресурстарын колдонууга мүмкүнчүлүк,
- маалыматка жана маалыматтык кызматтарга болгон талаптарын канаттандыруу.

Өз ара өнүгүүсүндөгү коомдун постиндустриалдык жана маалыматтык багыттарына өтүү критерийлери И.В. Соколовдун изилдөөсү боюнча төмөнкүдөй бөлүнөт: социалдык-экономикалык, техникалык, космостук. Маалыматтык коом:

1. Маалымат негизги экономикалык ресурс катары каралат, ал эми маалыматтык сектор өнүгүү темпи боюнча биринчи орунга чыгат.
2. Жетиштүү маалыматтык ресурстарды түзүүнү камсыз кылган өнүккөн инфратүзүмгө ээ. Бул биринчи кезекте билим берүү жана илим түзүмү.
3. Маалымат жалпы коомчулук колдонуучу каражатка айланат. Маалыматтык коом ар бир жаранды маалымат булагы менен камсыз кылат.
4. Маалыматтык коом маанилүү маселеге айланып, өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: дүйнөлүк «маалыматтык экономиканы»; бирдиктүү дүйнөлүк маалыматтык аймакты; түзүлүп жаткан дүйнөлүк мыйзамдуу-укуктук түзүмдү [19,154].

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, маалыматтык коом-маалыматтык-компьютердик цивилизациялар доорунун башталышында өнүккөн өлкөлөр кирген коомчулуктун жаңы өнүгүү этабын сапаттуу сүрөттөө үчүн колдонулуучу бирден-бир теориялык калып. Ал коомдун технологиялык негизин эмес, маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялар түзөт. «XXI кылымда окуганды, жазганды билбегендер билимсиз болбостон, үйрөнгөндү, үйрөнгөнгө аракет кылганды жана жаңы технологияларды өздөштүрбөгөндөр билимсиз болушат» деп америкалык окумуштуу Э.Тоффлер таамай айткан [12,44].

Мисалы, Э.Тоффлердин толкундары-коомдун жашоосун өзгөртүүгө алып келген, илим менен техникадагы секирик болуп эсептелет. 1980-жылы жарык көргөн поп-футурист Э.Тоффлердин «Үчүнчү толкун» китебинин тезистери учурда да актуалдуу, аны ар бир билимдүү адам окууга тийиштүү. Э. Тоффлердин келечекке болгон көз карашы боюнча биз «үчүнчү толкун» аталган маалымат коомунун кийинкиге алмашуу дооруна чейин, 2025-жылга чейин күбө болобуз. Окумуштуулардын пикиринде, маалымат коомунан кийинки жаңы коомго өтүүдө адамзат болуп көрбөгөндөй жаңы шарттарда ишмердүүлүк жүргүзүүгө үйрөнүшү керек. Бул үчүн адамдар, институттар биринчиден өздөрү өзгөрүлүшү керек.

Маалыматтык коомдун мүнөздүү белгилерин аныктоочу түрдүү багыттар бар. Изилдөөчү Г.Л. Акопов белгилегендей, «маалыматтык коом» заманы бул:

1. Маалымат негизги экономикалык ресурс, ал эми маалыматтык сектор өнүгүү темпи боюнча биринчи орунга чыгат.
2. «Маалыматтык коом» доору жетиштүү маалыматтык ресурстарды түзүүнү камсыздаган өнүккөн инфраструктурага ээ. Бул биринчи кезекте, билим берүү жана илим системасы. Мындай шарттарда, илим менен билимдин пайдасына ресурстарды кайра бөлүштүрүү процесси жүрөт.
3. Маалымат массалык колдонуунун предмети болот. Маалыматтык коом ар бир жарандын маалымат алуусун камсыздайт. Бул мыйзам жана техникалык мүмкүнчүлүктөр аркылуу аныкталат.
4. Технологиялык конвергенциянын негизинде бирдиктүү интеграциялык маалыматтык түзүм калыптанат (телекоммуникациялык, компьютердик-электрондук жана аудиовизуалдык техникалардын айкалышы). Бирдиктүү улуттук маалыматтык системалар түзүлөт.
5. Маалыматтык коом глобалдуу түрдө калыптанат, ал өзүнө дүйнөлүк «маалыматтык экономиканы», дүйнөлүк бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти, глобалдуу маалыматтык инфраструктураны, дүйнөлүк мыйзамдык - укуктук системаны өзүнө толук камтыйт [20, 32]

И.Л. Бачило маалыматтык коомдун өзгөчө белгилерин изилдөө менен, андан тышкары төмөнкүдөй мүнөздөмөлөрдү берет: «эл аралык, улуттук, аймактык деңгээлде маалымат алууга мүмкүнчүлүк түзгөнбилим берүүнүн жогорку деңгээли тиешелүү түрдө кесиптик чеберчилик, чыгармачылык шык эмгектин маанилүү мүнөздөмөсү болот» [21,34].

Саясат таануучулардын изилдөөлөрүнөн белгилүү болгондой, учурдагы маалыматтык коомдо көптөгөн жаңы диний агымдар, экстремисстик, сепаратисттик кыймылдар, илимий теориялар, философиялык ой-жүгүртүүлөр, искусствонун түрдүү тармактары болуп көрбөгөндөй көбөйүп, маалыматтын ролу күн санап өсүүдө. Мындан улам, көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине мүчө өлкөлөрдүн маалымат коопсуздугу

маселеси курчуп, ар бир мамлекет өз алдынча, ошондой эле бирдиктүү негизде иш алып баруусу мезгилдин талабына айланууда. Маалымат коопсуздугуна жана бүтүндүгүнө коомдун туруктуулугу, мамлекеттик баалуулуктардын жана улуттук кызыкчылыктардын сакталган абалы кирет. Ошондуктан, азыркы учурда маалымат коопсуздугун улуттук коопсуздуктун негизги бир багыты болуп саналат. Мисалы, мамлекеттик сырды камтыган илимий-техникалык маалыматтын сыртка чыгып кетүүсү мамлекеттин коргонуу жөндөмдүүлүгүнө катуу доо кетирет. Ар бир мамлекет өз маалымат коопсуздугун камсыздоо менен бирге, мисалы, Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине (КМШ) мүчө өлкөлөр арасындагы маалымат коопсуздугун камсыздоо иш-аракеттер коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндөгү илимий жана ченемдик активдүүлүгү тарыхый баскычтарга жана тиешелүү өнүгүү этабына ээ. КМШ өлкөлөрүнүн деңгээлинде да маалыматтык мамилелерди укуктук жөнгө салуу негизги үч багыт боюнча өнүгүүдө: КМШ өлкөлөрүндөгү жалпы маалыматтык мейкиндикти, маалымат коопсуздугун камсыз кылуудагы системалык эрежелерди түзүү, эң маанилүүсү аскердик маалымат коопсуздугун жана эл аралык маалымат алмашууну жөнгө салуу.

Маалымат технологияларынын өнүгүү мезгилинде теориялык изилдөөлөр жана иликтөөнүн келечеги үчүн концептуалдуу шарттарды түзүү зарыл. Маселенин негизги өзөгү, дүйнөнүн өнүгүү этаптарын ар тараптан илимий негизде изилдеп, илимий-техникалык жактан өнүгүп жаткан шарттарында ааламдашкан маалымат коомунун калыптанышын аныктоо маселеси зарыл турат. Учурдагы дүйнөлүк цивилизация, компьютерлештирүү, ааламдашуу жана илимий-техникалык өнүгүүлөрдүн терс жактарын жокко чыгаруу жолдорун издөөдө.

Маалыматтык коомдо адам канчалык көп маалыматка жана билимге ээ болсо, ошончолук өнүккөн жана алдыга кеткенди түшүндүрөт. Маалыматтык коом, постиндустриалдык коомдун концепциясы өндүрүштүн негизги каражаты катары маалымат жана билим болгон цивилизациянын жаңы тарыхый өнүгүү фазасы болуп эсептелет. Маалыматтык коом ар бир жарандын

маалымат алуусун камсыздайт. Бул мыйзам жана техникалык мүмкүнчүлүктөр аркылуу аныкталат.

- технологиялык конвергенциянын негизинде бирдиктүү интеграциялык маалыматтык түзүм калыптанат (телекоммуникациялык, компьютердик-электрондук жана аудиовизуалдык техникалардын айкалышы).
- бирдиктүү улуттук маалыматтык системалар түзүлөт.
- маалыматтык коом глобалдуу түрдө калыптанат, ал өзүнө дүйнөлүк «маалыматтык экономиканы», дүйнөлүк бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти, глобалдуу маалыматтык инфраструктураны, дүйнөлүк мыйзамдык - укуктук системаны өзүнө толук камтыйт.

Учурда маалымат коомунун концепциясы бир канча багыттарда өнүгүүдө, алар: заманбап коомдун өнүгүүсүн тарыхый-социологиялык жалпылоо; жаңы коомду социалдык-инженердик моделдөө; техника-технологиялык тапшырмаларды чечүү, маалымат коомун өнүктүрүү жана калыптануунун комплекстүү программасын иштеп чыгуу болуп саналат. Бардык маалымат коомунун теориялык концепциясы үчүн келечекке карай эки көз караш таандык: маалымат технологияларын маданий турмуштун бардык катмарларына сиңирүү же маданиятка коркунуч жараткан нерселерди алдын-ала айтуу. Изилдөөдөн белгилүү болгондой, маалыматтык коомго өтүүнүн оң жактары:

- маалыматтык технологиялар адамдын коомдук ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүн камтыган глобалдуу мүнөзгө ээ болот;
- бүткүл адамзат цивилизациясынын маалыматтык биримдиги түзүлүүдө;
- информатикалык каражаттардын жардамы менен ар бир адам бардык цивилизациянын маалымат ресурстарына эркин кире алат;
- коомду башкаруунун жана айлана-чөйрөгө таасир этүүнүн гуманисттик принциптери ишке ашырылды.

Ал эми маалыматтык коомго өтүүнүн терс жактары:

- коомго массалык маалымат каражаттарынын таасиринин күчөшү;

- маалыматтык технологиялар адамдардын жана уюмдардын купуялуулугун жок кылышы мүмкүн;
- сапаттуу жана ишенимдүү маалыматты тандоо көйгөйү жаралат;
- көп адамдар үчүн маалыматтык коом чөйрөсүнө көнүү кыйынга турат.

**Жыйынтыктоо:** Изилдөөдө белгилүү болгондой, маалыматтык коом бул постиндустриалдык, технологиялардын доору, цивилизациянын өнүгүүсүнүн жаңы тарыхый фазасы, мындагы өндүрүштүн негизги товары болуп маалымат жана билим, илим эсептелет.

Окумуштуулардын пикиринде, маалыматтык коом массалык маалымат каражаттарынын жаңы багытынын пайда болушунун негизи болуп, ар башка өлкөлөрдүн экономикалык жана социалдык өнүгүү шартына жараша ар түрдүү деңгээлде өнүгүүдө. XXI кылымдын башында маалыматтык коом мамлекеттердин экономикалык, коомдук-саясий түзүлүшүнө жана идеологиясына карабастан, заманбап цивилизация дооруна өтүүнүн жаңыча өнүгүү этабы катары аныкталган. Маалыматтык коом - илим менен техниканын өнүгүүсүнүн, заманбап цивилизациялык, маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялардын электрондук доорунун калыптанышы менен ар бир жарандын, коомдун маалымат алуусун камсыздайт жана мамлекеттик чечимдердин кабыл алынышына мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой эле маалыматтык коомунун адамдарга жана коомго болгон оң жана терс таасирлери бар.

## 1.2. Маалымат коопсуздугу, мамлекеттин маалымат саясаты түшүнүгү

Маалымат коомун изилдеген окумуштуулардын пикири боюнча, 1970-жылдары пайда болгон компьютердик коопсуздук түшүнүгү, 1980-жылдан тартып маалымат коопсуздугу катары түшүндүрүлө баштаган. «Маалымат коопсуздугу-жарандардын, уюмдардын жана мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн колдонулган жана өнүккөн коомдун маалымат чөйрөсүнүн корголгон абалы». Маалымат атайын негизде корголсо гана коопсуз болот, маалыматтык

коопсуздук - бул маалыматтын корголгон абалы, ал үчүн атайын чаралар көрүлөт. Маалымат коопсуздугу төмөнкү максаттарга жетүүгө кепилдик берет, алар: сын маалыматтын купуялуулугу, маалыматтын бүтүндүгү жана ага байланыштуу процесстер, ал эми зарыл учурда маалыматтын жеткиликтүүлүгүн, маалыматка байланыштуу болгон бардык процесстерди каттоону камсыз кылат десек болот [22,65].

Маалымат коомун изилдөөдөн белгилүү болгондой, коомдун өнүгүүсүнүн окумуштуулар ар кандай этаптарга бөлүп изилдешкен, ал эми ар бир этаптын өзүнө тиешелүү коркунучтары болгон. Учурда адамзаттын жашоосун маалыматсыз элестетүү кыйын жана «маалымат» түшүнүгү колдонулбаган ишмердүүлүк чөйрөсүн табуу мүмкүн эмес. XXI кылымды маалыматтын теориясы жана практикасы өнүккөн «маалымат кылымы» деп белгилесе болот.

Маалымат (англ.-information) адам, зат, факт, окуя жана көрүнүш тууралуу анын түзүлүшүнө, тартууланышына көз карандысыз болгон кабар же жаңылык. Негизинен «маалымат» термини латын тилинен алынган - informatio-түшүндүрүү, баяндоо деген мааниге ээ. Учурда жалпыга белгилүү болгондой маалымат, бул башаламандыкка каршы турган тартиптин жана татаал түзүлүштүн ченеми, ошондой эле түзүлүштүн ички ар түрдүүлүгүнүн мүнөздөмөсү. Маалымат түрдүү формада болот, мисалы компьютердик түзүлүштөрдө, кат, формула, чийме, диаграмма, диссертация, соттук документтер жана башкалар. Ошондой эле, маалымат илимий изилдөөнүн объектиси боло алат. Окумуштуу В.Н. Лопатин маалыматтын белгилерин төмөндөгүчө аныктаган: идеалдуулук, бүтпөстүүлүк, системалуулук жана обочолонгондук [23,125].

К.К. Юдахиндин орус-кыргыз сөздүгүндө «маалымат» сөзү «кабарландырма», «кабарландыруу», «маалымат берүү» деп түшүндүрүлөт [24, 276]. Ал эми А.Д. Урсулдун пикири боюнча, «маалымат» ар бир илимдин негизги бөлүгү катары философиялык жана методологиялык мүнөздөгү бир

катар суроолорду коюу менен «маалымат» түшүнүгү философиялык категорияга жакындайт [25].

Ошентип, философиялык багыттан алып караганда маалыматка таандык төмөнкүдөй өзгөчүлүктөрдү аныктоого болот: маалымат субъектисиз объективдүү реалдуулук катары саналат. Алсак, бардык объект өзүнө кандайдыр бир маалыматты камтыйт.

Көптөгөн авторлор маалымат түшүнүгүнө классификациянын жардамы менен илимий деңгээлде аныктама берүү аракетинде. Окумуштуу В.А. Копылов маалыматты жети түргө бөлүп карайт: биринчиси, маалымат-чыгармачылыктын жыйынтыгы (чыгарма, ойлоп табуу, ачылыш); маалыматтык мүнөздөгү билдирүүнү камтыган массалык маалымат; жарандар тууралуу документтештирилген маалымат (жеке маалыматтар); юридикалык жана физикалык тараптардан жеке ишмердүүлүктүн отчеттуулугу катары даярдалган расмий документтештирилген маалымат; товар катары калыптанып жана таркатылган чыгармачылыктын жыйынтыгы болбогон маалымат; бийлик бутактары тарабынан таркатылган расмий, документтештирилген маалымат; маалымат ресурстары формасындагы маалымат [26, 178].

Заманбап постиндустриалдык «санариптештирилген» дүйнөдө маалыматтык коопсуздугу мамлекеттин улуттук коопсуздук системасынын негизги бир болугу болуп саналат. Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун негизги багыттарынын бири - маалыматтык инфраструктураны коргоонун натыйжалуулугун жана анын ишинин туруктуулугун жогорулатуу, аныктоо механизмдерин иштеп чыгуу зарыл. Маалыматтык коопсуздук комплекстүү жана системаны түзүүчү категория катары көп жагынан каралышы керек: милдет катары, принцип жана ишке ашыруу багыты катары мамлекеттик маалыматтык саясатын маалыматтык коомду түзүү аракеттери көрүлүүдө.

Маалымат коопсуздугунун маңызын кароодон мурун коопсуздук багытындагы бул терминдерге түшүндүрмө берүү зарыл : «коопсуздук»,

«коопсуздук объекти», «коопсуздук коркунучу». «Коопсуздук» термини лингвистикалык жактан «коркунучтун, коопсуздуктун, ишенимдүүлүктүн жоктугу» деп түшүндүрүлөт, же «кимдир бирөөгө зыян келтирүүнүн мүмкүн эместиги, б.а. коркунучтардан коргоо».

Окумуштуу А.А. Кривоухов белгилегендей, изилденген багыттар маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун негизги милдети эл аралык маалымат чөйрөсүндө алардын жемиштүү кызматташуусунун негизинде жарандардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын толук коргоо болуп саналат деген тыянак чыгарууга болот. Кызыкчылыктарды тең салмактуу коргоо жалпысынан мамлекеттин коопсуздук саясатына шайкеш келүүгө тийиш экендигин өзгөчө белгилей кетүү керек. Мунун негизинде жогоруда айтылгандардын баары маалыматтык коопсуздук жана маалыматты коргоо тармагынын эффективдүү иштешинин негизги фактору болуп саналат [27, 109]. Маалымат коопсуздугуна коркунуч жараткан булактар: коркунучтун булагы катары субъектер (мамлекеттер, уюмдар, жарандар ж.б), ошондой эле объективдүү көрүнүштөр, мисалы, атаандаштар, саясатчылар, кылмышкерлер, коррупционерлер, административдик башкаруу органдары кирет. Маалымат коркунучтарды техникалык жана идеологиялык түрлөргө бөлсө болот.

Техникалык коркунучтар көп түрдүү маалыматтык технологияларды жана башка жашыруун маалымат алуу техникалык жолдорду колдонуу менен ишке ашат. Ага маалыматтык жана телекоммуникациялык түзүмдөрдүн ишин бузуу үчүн колдонулган киберпрограммалык технологияларды колдонуу кирет. Ал эми, экинчи идеологиялык коркунуч- мамлекеттин, коомдун, социалдык топтордун же башка жарандардын аң сезимине зыяндуу таасирин тийгизген факторлор кирет.

Идеологиялык коркунуч адамдардын дүйнө таанымына, руханий жашоосуна, жашоодогу баалуулуктарына жана идеалдарына таасир берип, зыян келтирет, талкаланууга, мамлекеттин жана элдердин жок болуусуна түрткү берет. Ааламдашуу заманбап доордо мамлекеттин жана коомдун туруктуулугу үчүн маанилүү болгон патриоттулук, жарандык милдет,

этникалык жана диний толеранттуулук, маданий, этикалык жана эстетикалык баалуулуктар зыяндуу чабуулдун астында калууда. Ал эми «маалымат коопсуздугу» негизинен жарандардын, коомдун жана мамлекеттин маалымат алуудагы коопсуздугун ички жана тышкы коркунучтардан сактоо болуп эсептелет. Маалымат айдыңындагы коркунучтардын түрлөрү [ 28]:

- руханий жашоо, маалыматтык ишмердүүлүк, жекелик, топтук жана коомдук аң сезим, жарандардын укуктары менен эркиндиктерине зыян келтирүүчү коркунучтар;
- мамлекеттик саясатын маалыматтык камсыздоодогу коркунучтар;
- мамлекеттин маалымат индустриясынын өнүгүүсүнө келтирилген коркунуч (ал өзүнө маалыматташтыруу каражаттарын, телекоммуникация жана байланыш тармактарын да камтыйт).
- маалыматтык, телекоммуникациялык каражат жана системалар коопсуздугуна коркунучтар;

Маалымат айдыңындагы коркунуч булактарын ички жана тышкы деп бөлүп кароого болот. Негизги тышкы коркунуч булактарын төмөнкүлөр түзөт:

- чет өлкөлүк саясий, экономикалык, аскердик, чалгындоо жана маалыматтык түзүмдөрдүн ишмердүүлүгү;
- ар башка өлкөлөрдүн бири-биринин кызыкчылыктарына үстөмдүк кылуу жана бузууга умтулуусу;
- маалыматтык технологияларга жана маалыматтык ресурстарга ээ болуу үчүн эл аралык атаандаштыктын курчуусу;
- эл аралык террористтик уюмдардын ишмердүүлүгү;
- дүйнөнүн ири өлкөлөрүндөгү технологиялык ажырымды жогорулатуу;
- бир катар мамлекеттерде маалыматтык согуш концепциясын иштеп чыгуу.

Маалымат чөйрөсүндөгү ички коркунуч булактары:

- ченемдик-укуктук базанын жетишсиз деңгээлде иштелип чыгуусу, укук колдонуу практикасынын жетишсиздиги;
- жарандык коом институттарынын өнүкпөгөндүгү;

- маалымат коопсуздугун камсыздоо боюнча иш-чараларды жетишсиз бюджеттик каржылануусу;
- мамлекеттин экономикалык күчүнүн жетишсиздиги;
- квалификацияланган кадрлардын жетишсиздиги;
- маалыматтык-коммуникациялык технологияларды түзүү жана иш-жүзүнө ашыруу чөйрөсүндө, маалыматтык кызмат көрсөтүү индустриясын өнүктүрүүдө жана чет элдик программалык-аппараттык каражаттарды кеңири колдонууда башка өлкөлөрдөн артта калуу;
- маалымат ресурстарына жетүү үчүн уюшулган кыйратуучу күчтөрдүн аракети [28]:

Учурдагы маалыматтык коомдо көптөгөн жаңы диний агымдар, экстремисстик, сепаратисттик кыймылдар, илимий теориялар, философиялык ой-жүгүртүүлөр, искусствонун түрдүү тармактары болуп көрбөгөндөй көбөйүп, маалыматтын ролу күн санап өсүүдө А.Д. Дөнөнбаевдин пикиринде эл аралык терроризм, уюшкан кылмыштуулук, баңги аткезчилиги сыяктуу глобалдык коркунучтардын пайда болушу жана өсүшү дүйнө коомчулугун мындай көрүнүштөргө максаттуу мүнөздөмөгө берүүгө мажбурлайт. Албетте, мындай бурулуш чоң кыйынчылыктар менен коштолот, бирок талкууланган моделдер өзүнөн-өзү иштебейт. Жогорку саясий искусство менен өз ара аракеттенүүчү улуттук таламдарды терең илимий түшүнүү менен өз ара айкалыштыруу жемиштүү натыйжаларды берет [ 29, 67-70]:

А.Д. Джекшенкулов белгилегендей, өнүккөн мамлекеттерге монополияны сактап калууга жана массалык коммуникацияларды көзөмөлдөөгө мүмкүндүк бергендигине карабастан, коомдук турмуштун бардык тармактарына компьютердик техниканы кеңири киргизүү. Регионалдаштыруу шарттуу факторлорго негизделет: аймактык, социалдык-психологиялык, ошондой эле негизди түзүүчү факторлор, аймактын өзөгү - экономикалык, андан кийин саясий. Алардын бардыгы аймактын формасына жана структурасына таасир этет, жалпы жана дал келген кызыкчылыктарды ишке ашыруу үчүн

биргелешкен чечимдерди кабыл алуунун өз механизми бар подсистема катары анын эл аралык турмуштагы ордун алдын ала аныктайт [30]:

Ааламдашуу шартында дүйнө окумуштуулары менен катар Кыргызстандын окумуштууларынын көңүлү мамлекеттин коопсуздук тармагындагы, интеграциялык процесстерди изилдөөгө көбүрөөк бурулууда. Бул багытта төмөнкү окумуштуулардын илимий эмгектери жарыяланган, алар: А.Д. Дөнөнбаев [29], А.Д. Джекшенкулов [30], Ж.Ж. Жоробеков [31], З.К. Курманов [32], А.М. Акматалиева [33], О. Молдалиев [34], А.Н. Кангельдиев [35], С. Г. Иванов [36], ж.б. Мамлекеттик маалымат коопсуздугун А.А. Акназарова [37], Р.М. Токсоналиева [38], М.М. Мусуралиева [39] изилдешкен.

Маалыматтык коопсуздук практикасынын тарыхында, бир нече этаптарды бөлүп көрсөтүүгө болот. Адаттагыдай, коопсуздуктун бул чөйрөсү маалыматты коргоо менен аныкталган – жана бул ыкма кеңири таралган жана заманбап дүйнөдө негиздүү. Компьютердик маалыматтар тармактарынын таралышы менен маалыматтык системалар маалымат менен бирге өз алдынча коргоо объектиси катары карала баштаган. Бирок, азыркы учурда жеке маалыматтык коопсуздуктун негизи катары маалыматтык-психологиялык коопсуздуктун өсүп жаткан көйгөйүнө көңүл буруу керек. Азыр маалыматтык коопсуздук жөнүндө айтсак, маалыматтык жана маалыматтык системаларды коргоо менен катар адамдарды маалыматтын таасиринен коргоо зарылчылыгы келип чыгууда. Кыска мөөнөттүн ичинде маалыматтык коопсуздук системасында коргоонун бул объектисинин мааниси жана ролу жогорулап, маалыматтык коопсуздуктун компоненти мамлекеттин улуттук коопсуздук системасында биринчи орунду ээлейт деген чоң ыктымалдуулук бар.

Маалымат стратегиялык ресурс болуп саналат, аны натыйжалуу пайдалануу экономикалык өнүгүүнүн келечегин да, маалыматтык жарандык коомду калыптандырууну да аныктайт, мамлекеттин жана жарандардын коопсуздугун камсыз кылат. Бул маалыматтык чөйрө аркылуу мамлекеттин маалымат коопсуздугуна коркунучтар мамлекеттик ишмердүүлүктүн ар

кандай чөйрөлөрүндө жүзөгө ашырылат. Саясий кызыкчылык чөйрөсүндө маалыматтык факторлор барган сайын маанилүү болуп баратат. Экономикалык потенциал ошондой эле барган сайын маалыматтык ресурстардын көлөмү жана маалыматтык инфраструктуранын өнүгүү деңгээли менен аныкталууда. Ошол эле учурда экономикалык түзүмдөрдүн коммерциялык маалыматтын ишенимсиздигинен, кечиктирилишинен жана мыйзамсыз пайдалануусунан, өндүрүштүк шпиондуктан жана хакердик чабуулдардан алсыздыгы өсүп жатат. Адатта, жеке маалыматтын коопсуздугу деп биринчи кезекте жарандын купуя маалыматынын коопсуздугу түшүндүрүлөт: купуялуулук, жеке (анын ичинде коммерциялык) жана үй-бүлөлүк сырлар, кат жазышуулардын, телефон сүйлөшүүлөрүнүн, почта, телеграф жана башка билдирүүлөрдүн купуялуулугу.

М.В. Арсентьевдин аныктамасында «маалыматтык коопсуздук» – бул глобалдык маалымат мейкиндигин көзөмөлдөө жана бул коркунучтарды жоюу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн, шарттардын жана каражаттардын болушу аркылуу объективдүү жана субъективдүү болгон реалдуу жана потенциалдуу коркунучтарга карата маалыматтык белгисиздикти жоюу, маалымат укугу предметинин маалыматтык коопсуздугунун даражасын аныктайт [40, 50-52]

Ар бир мамлекеттин маалыматтык коопсуздугуна эң белгилүү коркунучтардын бири болуп маалыматты бурмалоо, жок кылуу, сыртка чыгаруу жана техникалык жабдуулардын иштешинде бузулууларды пайда кылуучу каражаттардын жана ар кандай ыкмалардын жыйындысы болуп саналган маалыматтык курал саналат. Ошондуктан мамлекеттин маалыматтык коопсуздугу азыр мамлекеттердин агрессивдүү пропагандасынын шарттарында мамлекеттин, инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылууда мурдагыдан да маанилүү ролдо турат.

Азыркы учурда дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшү маалыматтын жыйындысы, маалыматтык түзүмдөр, бул маалыматты чогултуучу, иштеп чыгуучу, таратуучу жана пайдалануучу субъекттер, ошондой эле экономиканы жөнгө салуунун жаңы түзүлүп жаткан системасы менен

чагылдырылган маалымат чөйрөсүнүн ролунун өсүп жатканын ачык көрсөтүп турат. Ал эми XXI кылымда коомдун өнүгүүсүнүн негизги вектору маалымат чөйрөсүндө деп ишенимдүү айта алабыз жана маалымат коопсуздугун камсыздоодо негизги көйгөйлөр катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот [41,25]:

- киберкылмыштуулуктун жайылышы;
- заманбап шартта трансчегаралык маалыматтык кылмыштуулукка каршы натыйжалуу күрөшүүнүн жоктугу;
- жарандардын аң сезиминин зыяндуу жана коркунучтуу маалымдоо каражаттарындагы мазмундан корголбогон абалы жана интернет колдонуучуларга таасир берип пикири менен иштөө;
- жарандарды мыйзамсыз иш-чараларга катышууга тартуу;
- интернет аркылуу радикалдык мүнөздөгү материалдарды колдонуу менен жарандарды алдоо.

Өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыздоодо массалык маалымат каражаттарынын анын ичинде интернет тармагынын ролу чоң. Маалымат тармагын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды учурдун талабына ылайыкташтырып, Интернет тармагында да өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыздоо, тышкы күчтөрдүн коомдун таасирин нейтралдаштыруу аракеттери көрүлүүсү зарыл.

Маалымат коопсуздугун камсыздоодогу мамлекеттик саясатты талкуулоо ыкмалары саясий жана башка документтерге карабастан, улуттук кызыкчылыктарды аныктап, укуктук жактан камсыздоону максат кылат. Мамлекеттик саясатты талкуулоо укукту талкуулоо сыяктуу эле эки элементти өзүнө камтыйт [37]. Тактоо, каралып жаткан тармактагы мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн милдеттеринин мазмунун, тандалып алынган ыкмалардын жана принциптерди аткарылышын айкындоо. Бул аракеттеги укуктук жөнгө салуунун ролун жана ордун аныктоо жана укуктук камсыздоонун багытын жана максатын аныктоо болуп саналат. Маалымат коопсуздугун камсыздоо принциптери өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: мыйзамдуулук, инсандын

кызыкчылыктарынын теӊ салмактуулугу, коом жана мамлекет, комплекстүүлүк, системалаштыруу, эл аралык коопсуздук системалары менен биригүү, экономикалык эффективдүүлүк. Демек, маалымат коопсуздугунун теориялык жана практикалык негиздерин билүү маанилүү.

Маалыматты коргоо теориясы ага тиешелүү негизги идеялар түзүмү катары аныкталат. Теориянын курамдык бөлүктөрү төмөнкүлөр [42,184]:

- коргоо маселелеринин келип чыгышы, негизи жана мааниси тууралуу толук жана системалаштырылган кабар;
- теориялык изилдөөлөр менен иштеп чыгуулар талдоонун системалаштырылган жыйынтыгы, ошондой эле коргоо тапшырмаларын практикалык негизде чечүү тажрыйбасы;
- мүмкүн болгон коргоо шарттарынын көп түрдүүлүгүн эске алган маалыматты коргоону уюштуруучу жалпы стратегиялык багыт;
- маалыматты коргоого багытталган ишти камсыздап, уюштуруучу илимий негизделген сунуш;
- маалыматты коргоонун теориялык жана практикалык перспективдүү өнүгүү багыттарынын илимий далилденген прогнозу.

Маалымат коопсуздугуна коркунуч жараткан маалыматтык согуш (англ.-Information war) түшүүнүгүнө кайрылсак, эки мааниге ээ: биринчиси башка өлкөлөрдүн жарандык коомчулугуна же күжүрмөн кызматкерлерине белгилүү бир маалыматты таркатуу жолу менен таасир берүү. «Маалыматтык-психологиялык согуш» термини орус тилине же аскер тармагынын сөздүгүнөн алынган. Бул сөздү англис тилинен «information and psychological warfare» так которгондо берилген расмий же илимий макаланы текстине жараша «маалыматтык кармаш», «маалыматтык-психологиялык согуш» деп которулат [42, 12].

Маалымат коопсуздугуна коркунуч жараткан маалымат согушунун келип чыгуу себептерин, бир катар орус окумуштуулары изилдеген, алардын бири окумуштуу, философ А. Зиновьев «Русский эксперимент» аттуу эмгегинде маалымат согушунун пайда болуу этаптарын аныктаган: [43,285].

1. Маалымат алуу, иштеп чыгуу жана таркатуу процесстеринин өнүгүүсү;
2. Коммуникациялык каражаттардын өнүгүүсү;
3. Элди башкаруу каражаттарынан прогресси, аларды көзөмөлдөө, массалык кыймылдарга жол бербөө;
4. Калктын жашоо образын калыптандыруудагы массалык маданияттын таасири.

Маалымат согушунун келип чыгуусунун бир себеби, маалымат коомунун, маалымат каражаттарынын өнүгүүсү менен байланыштуу. Я.Н. Засурский өлкөлөрдүн статусун аныктоодо маалымдоо, маалымат менен камсыздоо тармагынын төмөндүгү, ошол мамлекеттин экономикалык жактан өнүкпөгөндүгүн билдирет деген пикирин билдирген [44,10].

Заманбап маалыматтык коомдо социалдык жана саясий мамилелерди жөнгө салууда негизги орунду мамлекеттин маалымат саясаты ээлейт. Ал эми мамлекеттин маалымат саясаты - тиешелүү мыйзам менен чектелген мамлекеттик бийлик органдардын жана маалыматтык-психологиялык чөйрөнү башкаруу түзүм ишмердүүлүгү көп.

Учурда мамлекеттин маалымат саясаты коомду жаңы, революциялык өнүгүү этабына өткөрүү менен улуттук кызыкчылыктарды, жарандардын, коомдун жана мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун камсыздоо менен көп жагынан жаңы маалыматтык коомго мүнөздүү мамилелердин калыптанышына жана өнүгүүсүнө түрткү берет. Негизинен заманбап коомдо маалымат чөйрөсү эки түзүмгө ээ, маалыматтык-техникалык (жасалма жол менен адамдар тарабынан түзүзүлгөн техника, технологиялар ж.б. дүйнөсү) жана маалыматтык психологиялык (адамдын өзүн да камтыган жандуу жаратылыштын табигый дүйнөсү). Бүгүнкү күндө көптөгөн мамлекеттердин маалыматтык саясаты маалыматтык коомчулук шартында эффективдүү мамлекеттик башкаруу технологияларын жана жолдорун издөө менен калыптануу, жаңы ыкмаларды өздөштүрүү  этабында турат.

Негизинен мамлекеттин маалымат коопсуздугунун саясаты мамлекеттин тышкы жана ички саясатынын маанилүү бөлүгү болуп эсептелет

жана коомдук турмуштун бардык катмарларын камтыйт. Заманбап маалымат коомунда социалдык жана саясий мамилелерди жөнгө салуу түзүмүндө жана маалымат согушуна каршы туруштук берүүдө негизги орунду мамлекеттин маалымат саясаты ээлейт. Татаал маалыматтык-технологиялар өнүккөн жаңы шартта мамлекеттин маалымат саясаты коомчулуктун аң сезимине өз таасирин тийгизип, жаңы маалыматтык-психологиялык мамилелердин калыптанышына, өнүгүүсүнө өбөлгө боло алат.

Бүгүнкү күндө мамлекеттин маалымат саясаты өзү калыптануу мезгилинде туруп, маалыматтык коом шартындагы эффективдүү жаңы ыкмаларды, мамлекетти башкаруу технологияларын жана эрежелерди издөөдө. Мамлекеттин маалымат саясаты мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги маанилүү бөлүгү катары мамлекеттин кызыкчылыгын коргоп, калкка объективдүү маалымат жеткирүүгө шарт түзүү менен өлкөнү дүйнө коомчулугуна жакшы жактары менен тааныттууга аракет кылуусу зарыл. Мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыздоо саясатынын негизги милдеттери:

- маалыматтык-телекоммуникациялык инфраструктураны модернизациялоо;
- маалыматтык, телекоммуникациялык технологияларды өнүктүрүү;
-улуттук маалымат ресурстарын эффективдүү калыптандыруу жана колдонуу менен алардын толук жеткиликтүүлүгүн камсыздоо;
жарандарды коомдук маанилүү маалыматтар менен камсыздоо жана көз карандысыз маалымдоо каражаттарынын өнүгүүсүнө шарт түзүү;
- жарандарды жаш курактан тартып маалымат дооруна даярдоо, окутуу иштерин жүргүзүү;
- маалымат коомун курууда зарыл болгон ченемдик-укуктук базасын түзүү [45]. Мамлекеттин маалымат саясаты максаттарына жетүү үчүн XXI кылым маалымат коомундагы адамдардын ишмердүүлүгүн камсыздаган бардык жалпы билим берүү системасындагы жаңылануулларды жана кесипкөй адистерди даярдоону өнүктүрүүнү талап кылат. Мамлекеттин маалымат саясаты төмөнкү негизги принциптерди карманат:

1. Ачык саясат принциби-маалымат саясатынын бардык негизги иш-чаралары коомчулук тарабынан ачык-айкын талкууланат жана мамлекет коомдук пикирди эске алат;
2. Кызыкчылыктардын теңдик принциби-саясат бирдей даражадагы маалымат ишмердүүлүгүнүн катышуучуларынын бардыгынын кызыкчылыктарын коомдогу ээлеген ордуна карабастан эске алат;
3. Мамлекеттик колдоо принциби-социалдык чөйрөнү маалыматтык жактан өнүктүрүүгө багытталган маалымат саясат иш-чаралары мамлекет тарабынан каржыланат.

Ал эми мамлекеттик маалымат саясатынын объектисине жана субъектисине кайрыла турган болсок, коомдун социалдык жана саясий тармагындагы бардык объекттери анын объектиси катары эсептелинет. Мамлекеттин маалымат саясатынын объектисинин жалпы белгилери болуп маалыматты колдонуунун бардык түрлөрү эсептелинет. Мындан тышкары, маалыматтык-психологиялык чөйрөдөгү тармактар да кирет [45]:

1. Жарандардын жалпы жана жеке аң сезими;
2. Социалдык-саясий түзүмдөр жана процесстер;
3. Маалыматтык инфраструктура;
4. Маалымат ресурстары.

Учурда маалымат ресурстарынын саны, сапаты жана жеткиликтүүлүгү көпчүлүк мезгилде өлкөнүн өнүгүү деңгээлин аныктайт. Ал эми маалымат ресурстарын өнүктүрүүдөгү мамлекеттик маалымат саясатынын алгачкы иш-чаралары төмөнкүлөр болуп эсептелет: а) тиешелүү мыйзамдарды изилдөө жана аларга толуктоо киргизүү; б) маалымат ресурстарын каттоо системасын түзүү; в) мамлекеттик маалымат ресурстарын ар тармакта башкаруу түзүмүн иштеп чыгуу. Өлкөнүн маалымат ресурстары, бул-коомдун жана мамлекеттин капиталы. Улуттук маалымат ресурстарын калыптандыруу, чогултуу жана таркатуу аракеттери жалпы мамлекеттик мааниге ээ, анткени, маалымат коомуна өтүү этабы саясий жана коомдук турмуштун демократиялашуусу менен байланыштуу. Маалымат коомуна өтүүдө экономикалык өнүгүүлөрдүн,

жарандык коомдун, саясий плюрализмдин маалыматка болгон чоң талабы пайда болот. «Маалыматтык ресурс» түшүнүгү коомдук турмуштагы маалыматтын ролунун маанисин кайра кароодон жаралган эмес, тескерисинче интеграциялык маалыматтык кызматтардын пайда болуусун изилдөөнүн жыйынтыгында пайда болгон.

Экономикалык потенциалдардын элементтери ресурс-деп аталып, белгилүү бир чарбалык, социалдык максаттарды ишке ашыруу үчүн колдонулат. Мисалы, массалык маалымат каражаттары бийликтин ишмердүүлүгү тууралуу коомго, ал эми коомдун турмушу, бийликке болгон элдин пикирин бийлик бутактарына жеткирип турган көпүрө болуп саналат. Бул өзгөчөлүктөр маалымдоо каражаттарын маанилүү социалдык институт жана мамлекеттик маалымат ресурстарына зарыл болгон объектке айландырат. ММКга карай мамлекеттик маалымат саясатынын негизги милдети, бул маалымдоо каражаттарынын ишмердүүлүгүндөгү жарандардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарынын бир калыптуулугун камсыздоочу укуктук, экономикалык, уюштуруучулук эрежелерди иштеп чыгуу.

Мындай шартта ММК бийликтин, ишкердиктин, маданий өнүгүүнүн кызыкчылыктарын билдирген эл менен коомдун социалдык институттардын уюштуруу механизми болуп кызмат кылат. Бирок, ММК маалымат саясатынын объектиси эле эмес, активдүү субъектиси да боло алат. Бул мамлекеттин эле куралы эмес, көпчүлүк аң сезимге коомдук таасир берүүчү, коомдук пикир жаратуучу курал. ММК маалымат таркатуу менен бирге коомго социалдык маанилүү суроолор боюнча идеологиялык жактан таасир берүүчү, коомдук пикир жаратуучу каражат болуп эсептелет. Бул жаатта, эң маанилүү болуп, мамлекеттик жана коомдук маалымдоо каражаттарынын ишмердүүлүгүнүн ортосундагы тең салмактуулукту издөө саналат. Көрсөтүлгөн концептуалдуу эрежелерди, тажрыйбаларды эске алуу менен мамлекеттик маалымат саясаты тармагында келечектүү стратегия кабыл алуу жана тиешелүү мыйзамдарга түзөтүүлөрдү киргизүү керек.

Мамлекеттик маалымат саясатынын субъектиси - мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары, алардын милдети маалыматтык-психологиялык чөйрөдөгү социалдык-психологиялык мамилелерди жөнгө салуу болуп эсептелет. Мамлекеттик маалымат саясатынын субьектисин негизги эки бөлүккө бөлүп кароого болот, алар: мамлекеттик маалымат саясатынын мамлекеттик субьектиси жана жалпы маалымдоонун жана байланыштардын субъектиси. Мамлекеттик субъектилер бир канча топко бөлүнөт:

- бийликтин жана башкаруунун деңгээлдери;
- мамлекеттик бийлик тармактары;
- бийлик органдарынын ишмердүүлүк багыттары [46,98].

Мамлекеттик маалымат саясатынын негизги жобосу ченемдик-укуктук актта, мисалы алгач мыйзамдарда көрсөтүлөт. Төмөнкүлөрдү эске алуу менен мамлекеттин маалымат саясатынын негизги маселелерин чечүү маалымат чөйрөсүнүн кийинки объектилерине таасир берүү аркылуу ишке ашырылышы зарыл:

- калыптануу жана маалымат ресурстарын колдонуу системасы;
- маалыматтык-телекоммуникациялык инфраструктура;
- маалыматтык-телекоммуникациялык мейкиндиктин түзүлүшү үчүн зарыл болгон илимий-техникалык жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүк;
- маалыматтык, телекоммуникациялык каражаттар, маалыматтык өнүмдөр жана кызмат көрсөтүүлөр рыногу;
- үйдү компьютерлештирүү;
- эларалык кызматташтык;
- маалымат коопсуздугун камсыздоо системасы;
- маалыматтык өз ара байланыштын укуктук базасы.

Бардык мамлекеттер маалымат коомунун түзүлүшүн өздөрүнүн социалдык-экономикалык, саясий жана маданий өнүгүүсү катары карап, максаттуу багытталган мамлекеттик маалымат саясаттарын жүргүзүшөт. Ар башка өлкөлөрдүн маалымат саясаты алардын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүнө көз каранды. Муну ишке ашыруу үчүн бул

өлкөлөр кыска мөөнөттүү, орто жана узак мөөнөттүү программаларды кабыл алат, жана бүгүнкү күндө маалыматтык өнүгүүнүн бирден-бир ресурсу катары кароого болот. Учурда сөз болуп жаткан маалымат белгилүү бир коомдун, мамлекеттин жашоо тиричилигине эмес, бүткүл дүйнөлүк коомчулукка өз таасирин тийгизүүдө.

Бирок, маалымат дайыма эле оң таасирин тийгизе бербейт, айрым учурларда жарандардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына коркунуч жаратат. Ал эми, так ошол «маалымат коопсуздугу» түшүнүгүнүн негизи бул жарандардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарынын ички жана тышкы коркунучтардан корголгон абалы. Коопсуздуктун негизги объектилери: жаран (укук жана эркиндик), коом (материалдык жана руханий баалуулук), мамлекет (Конституциялык түзүлүш, көз карандысыздык жана аймактык бүтүндүүлүк) [37, 29].

Ошондуктан улуттук коопсуздук түзүмүнүн маанилүү багыттарынын бири маалымат коопсуздугу эсептелет. Мамлекеттин маалымат саясатын изилдөөдө жарандардын, юридикалык жактын жана мамлекеттин эркин маалымат алуу, таркатуу жана колдонуу укугу тууралуу гана сөз болбостон, мамлекеттин маалымат ресурстарын рационалдуу колдонуу, коргоо зарылчылыгы, конфиденциалдуу маалыматты жана интеллектуалдык жеке менчикти коргоо зарыл. Маалымат коопсуздугу боюнча көйгөйлүү маселелерди чечүү мамлекеттин тиешелүү саясатынын негизинде ишке ашырылышы зарыл. Бул учурда, маалымат коопсуздугун камсыздоо мамлекеттик саясатынын принциптери эске алынат.

Биринчиден, мамлекеттик саясат маалыматтык бирдиктүү аракеттенишүү процессиндеги бардык катышуучуларды алардын саясий, социалдык жана экономикалык статусуна карабастан тең укуктуулугун камсыздоосу керек. Ал жарандардын укугун камсыздоо жана бардык мыйзамдуу жол менен эркин маалымат издөө, маалымат алуу жана таркатууну уюштуруу процессинде негизделет. Мамлекет, бул максатта жаңы мыйзамдарды иштеп чыгуу менен коомдогу маалыматтык мамилелердин

ченемдик-укуктук базасын түзөт. Ошондой эле, мыйзамдардын жана ченемдик-укуктук актылардын аткарылышына көзөмөл жүргүзөт.

Экинчиден, мамлекет үчүн маалымат ресурстары жеке менчик объектиси болуп эсептелет жана аларды чарбалык колдонууга киришүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Үчүнчү: мамлекет улуттук телекоммуникациялык, дүйнөлүк маалымат тармактарын жана мониторинг системасын түзүүнү камсыздаган заманбап маалыматтык жана телекоммуникациялык технологияларды, каражаттарды өнүктүрүүнү приоритеттүү - деп эсептейт. Төртүнчүдөн, мамлекеттик саясат бийлик органдарынын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун бирдиктүү маалымат мейкиндик чегиндеги маалымат коопсуздугун камсыздоодогу кабыл алынган чечимдерин карап чыгат. Мамлекеттик саясат маалымат коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндө министрликтердин, мекемелердин жана уюмдардын монополистештирүүсүнө жол бербейт. Ал эми маалымат коопсуздугун камсыздоодогу негизги милдеттерге кайрылсак, бул үчүн бир нече маселелерди чечүүчү өнүккөн методологиялык базаны түзүү талап кылынат.

- маалымат коопсуздугуна жооптуу органдардын системасын түзүү;

-маалымат коопсуздугун камсыздоочу теориялык-методологиялык негиздерди иштеп чыгуу;

-маалыматты коргоо жана аны автоматташтырууну башкаруу маселесин чечүү;

- маалымат коопсуздугун камсыздоодогу бардык тапшырмаларды чечүүнү жөнгө салуучу ченемдик-укуктук база түзүү;

- маалымат коргоо каражаттарын жөнгө салуу;

- маалымат коргоо тармагындагы тиешелүү адистерди даярдоону уюштуруу;

-маалыматтык технологиялардын коопсуздугун камсыздоо иштерин жүргүзүү үчүн ченемдик-методологиялык база даярдоо [47, 253].

Карама-каршы тарапка (конкурент, оппонент) карай максаттуу маалыматтык таасир этүү дүйнө сыяктуу эски көрүнүш. Бирок, учурда жаңы

технологиялардын жардамы менен башка маалыматтык иш-аракеттерден жана диверсиялар эволюцияланышат.

Маалыматтык куралга сапаттуу универсалдуулук, таасир берүүнүн радикалдуулугу жана жеткиликтүүлүк мүнөздүү. Маалыматтык курал убакыт тандоо жана колдонуу жайынын кенендиги менен айырмаланат. Маалыматтык курал колдонууга чоң аскердин зарылчылыгы жок болгондуктан маалыматтык согуш салыштырмалуу көп жагынан үнөмдүү. Ошондой эле ал географиялык аралыкты эске албагандыктан салттуу мамлекеттик чек ара түшүнүгүн жокко чыгарат.

**Жыйынтыгында** маалымат коопсуздугун камсыздоодогу негизги багыттарга токтолсок. Маалымат коопсуздугун камсыздоо төмөнкүлөрдү өзүнө камтуусу зарыл:

- маалымат коопсуздугун камсыздоодогу бирдиктүү мамлекеттик саясатты түзүү жана бул багытта иш жүргүзүү;
- маалымат коопсуздугун камсыз кылуудагы нормативдик-укуктук базаны иштеп чыгуу;
- мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердүүлүгүн координациялоо жана маалымат коопсуздугун камсыз кылууну башкаруу.

Маалыматтык коопсуздук - бул глобалдык маалымат мейкиндигин көзөмөлдөө жана реалдуу жана потенциалдуу коркунучтарды жоюу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн, шарттардын жана каражаттардын болушу. Мамлекеттин маалымат саясаты өлкөнүн коопсуздугун камсыздоодо негизги бөлүгү катары өлкөнүн кызыкчылыгын коргоп, калкка объективдүү маалымат жеткирүүгө шарт түзүү менен дүйнө коомчулугуна өлкөнүн жакшы имиджин түзүүгө багытталат.

## 1.3. Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары

Диссертациялык изилдөөнүн объектиси – ааламдашуу доорундагы маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүшүү менен

байланышкан жаңы чакырыктардын жана коркунучтардын контекстинде мамлекеттердин маалыматтык коопсуздугу.

Диссертациялык изилдөөнүн предмети - Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылууда массалык маалымат каражаттары тарабынан мамлекеттик саясатты ишке ашыруусу.

Диссертациялык изилдөөдө инсандын, коомдун жана мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ар түрдүү методдору системалуу колдонуу болуп саналат.

Диссертацияда илимий талдоо, классификациялоо жана жалпылоо ыкмасы катары индукция жана дедукция ыкмалар, логика, синтез жана аргументация жана башка эмпирикалык-теориялык ыкмалары колдонулган. Ар бир ыкманын анализдөө мүмкүнчүлүктөрү ар түрлүү жана объективтүү жыйынтыктарга келүү мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Белгилүү болгондой илимий талдоо ыкмасы изилденип жаткан предметтин айрым сегменттерин жана элементтерин изилдөөгө, алардын мазмунун жазууга, реалдуу түшүнүүнү камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Индукция ыкмасы изилденүүчү предметтерге жана кубулуштарга карата бир катар жалпылоочу тыянактарды жана баа берүүлөрдү жасоого мүмкүндүк берет. Дедукция ыкмасы жеке кубулуштардын мүнөзү, жалпы жоболордун, тезистердин жана идеялардын маалымат жана маалымат коопсуздугунун камсыз кылуу иш-аракеттери жөнүндө бир катар жеке корутундуларды чыгарууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Синтез ыкмасы оригиналдуу түшүнүктөрдү, аныктамаларды, системаларды түзүүгө мүмкүндүк берет. Категориялардын синтези «теория» менен «методология» бардык билим тармактарынын теориялык методологиялык негизин берет. Андыктан, методологиялык-теориялык негиздер - деп айтуу туура болот, себеби методология бул теориянын базасы болуп саналат. Ал эми «философиялык энциклопедиялык сөздүк» буга төмөнкүдөй аныктама берет: Методология – теориялык жана практикалык ишмердүүлүктү түзүп жана уюштурган принциптердин, жолдордун түзүмү,

ошондой эле, ал түзүм тууралуу окуу. Ошентип, методология кайсы бир илим тармагынын негизги курамын түзүүчү жалпы принциптердин, ыкмалардын системасы катары аныктала алат [48].

Маалымат тармагындагы идеялардын, принциптердин жана ыкмалардын жыйындысында, ошондой эле ал идеялардын, ыкмалардын, принциптердин теориялык жактан далилдениши маалымат коопсуздугунун методологиялык негизин түзөт. Башкача айтканда, маалымат коопсуздугунун методологиясы улуттук коопсуздуктун негизги бөлүгү болгон мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыз кылууга багытталган илимий методология жана маалымат коомунун чөйрөсүндөгү илимий изилдөөнүн логикасын өзүнө камтыйт. Башка тарабынан караганда, теория (грек. тилинен- theoría - карап көрөм, изилдейм дегенди түшүндүрөт) кеңири мааниде - кандайдыр бир көрүнүштү түшүндүрүү жана айтып берүүгө багытталган ар кандай көз караштардын, ойлордун топтому; кыскача мааниде илимий билимди уюштуруунун эң жогорку жана өнүккөн формасы [49].

Анын формасы-илимдин мыйзамдары, классификация, түрлөрү, алгачкы түшүндүрү түзүмдөрү болуп эсептелинет. Негизинен бардык теория өзүнүн ачык илимий билимин тартуулайт. Төмөндө айтылгандарды эске алуу менен маалымат коопсуздугунун теориясы мыйзам ченемдүүлүк жана маалымат коопсуздугун камсыз кылууга багытталган максат, милдеттерин жана негизги багыттары боюнча бүтүн түшүнүк берген илимий билимдин жогорку формасын камтыйт. Жыйынтыгында, эгер маалымат коопсуздугунун методологиясы өзүнө мыйзамдардын жалпылоосун, ыкмалардын иштеп чыгууну, изилдөөнүн принциптерин камтыса, ал эми маалымат коопсуздугунун теориясы белгилүү илимий ыкмаларды колдонуу менен илимий көз караштардын, идеялардын системасын берет.

Эң негизгиси жаңы мыйзамдарды ачып, изилденип жаткан объект боюнча классификация, типология, түшүндүрмө чиймелерди берип, маалымат коопсуздугунун предметин илим катары калыптандырат. Методология жана теориянын синтези, маалымат коопсуздугунун негизи болгон «теориялык -

методологиялык» онтология ушуну менен түзөт. Маалымат коопсуздугунун методологиясы алгач маалымат технологияларына байланыштуу маселелерди чечүү менен дисциплинарлар аралык аракет ыкмасын колдонуусу зарыл. Бул ыкма заманбап шарттагы келечектүү жана өнүккөн алдыңкы изилдөөлөрдүн ыкмасы болуп саналат. Дисциплиналар аралык аракет-билим алуунун ыкмасы жана алардын кийинки биригүүсүндө эки же андан көп илимий дисциплиналардын кесилишинде турат.

Маалымат коопсуздугу өзүнүн пайда болушунда жана тарыхый өнүгүүсүндө дүйнөнүн объективдүү диалектисинин логикалык мазмунун тартуулайт жана анын таануусу маалымат технологияларынын өнүгүү динамикасында камтылган. Бирок, маалымат чөйрөсүндө илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө тарыхый көз караш жана жаңы маалымат технологияларсыз толук кандуу болбойт. Маалымат коопсуздугу XXI кылымдын башында улуттук коопсуздук түзүмүндө ишенимдүү түрдө биринчи орунга чыгат. «Ким маалыматка ээ болсо, дүйнөгө ээ болот» деген афоризмдин маанилүүлүгүнүн сыры да ошондо.

Маалымат коопсуздук түшүнүк салыштырмалуу жаш, тез өнүгүп келе жаткан маалымат технологияларынын чөйрөсү десе болот. Ошондуктан, маалымат коопсуздугун изилдөөдөгү методологиялык аракеттердин жана ыкмалардын жыйындысы көп баскычтуу системаны өзүнө камтышы керек. «Теория» жана «методология» категорияларын бириктирүү бардык илимий тармакта теориялык-методологиялык негизин берет. Ошентип, методология жалпы ыкмалардын, жолдордун жана негиздердин түзүмү катары аныкталып, бардык илимдердин фундаментин түзөт. Жогоруда айтылган идеялардын, ыкмалардын, жолдордун маалымат чөйрөсүндөгү биримдиги болуп саналат жана бул идея, ыкмалардын теориялык жактан далилдениши маалымат коопсуздугунун методологиясынын жыйынтыгын түзөт. Башкача айтканда, маалымат коопсуздугунун методологиясы улуттук коопсуздуктун негизги бөлүгү болгон мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыз кылууга

багытталган илимий методологиясы болуп, маалымат коомунун чөйрөсүндөгү илимий изилдөөнүн логикасын өзүнө камтыйт [50,57-62].

Маалымат коопсуздугун камсыз кылуудагы жалпы ыкмалар укуктук, техникалык-уюштуруучулук жана экономикалык болуп үчкө бөлүнөт. Маалымат коопсуздугун камсыз кылуудагы укуктук ыкмага маалымат чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу талап кылат. Маалымат коопсуздугун камсыз кылуудагы нормативдик-укуктук ыкмалар маалымат чөйрөсүндөгү улуттук кызыкчылыктардын коркунучтарына каршы укуктук каражат катары эсептелет. Маалымат коопсуздугун камсыз кылуудагы эффективдүү ыкмалардын бири, техникалык-уюштуруучулук ыкмасы. Бул ыкма маалымат коопсуздугун камсыз кылуу системасын түзүп, иш жүзүнө ашат. Техникалык-уюштуруучулук ыкма маалыматты коргоочу укуктук жана маалымат коопсуздугун камсыз кылуу программасын түзгөн экономикалык ыкмалар менен байланыштуу. Маалыматты коргоо ар дайым комплекстүү иш-чара болуп эсептелет. Уюштуруучулук жана техникалык иш-чаралар маалымат каналдарын коркунучтардан коргоп, маалыматты иштеп чыгууда, колдонууда жана сактоодо бүтүндүгүн жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат. Маалымат коопсуздугун нормативдик-укуктук жактан камсыздоо ыкмалары маалымат чөйрөсүндөгү улуттук кызыкчылыктардын коопсуздугуна болгон коркунучтарга каршы туруучу укуктук каражат катары колдонулат. Алар коомдук илимдерде, маалымат коопсуздугун нормативдик укуктук камсыздоодогу жалпы теориялык-укуктук ыкмаларда жана атайын изилдөө ыкмаларында колдонулган жалпы илимий ыкмалардын биригүүсүн түзөт. Жалпы илимий ыкмаларга төмөнкүлөр кирет, мисалы: диалектикалык ыкма, тарыхый ыкма, системалык жана башка ыкмалар түзөт.

Теориялык-укуктук ыкмалар: формалдуу-логикалык, салыштыруу ыкмасы, укуктук нормаларды изилдөөдөгү эффективдүү аракеттер. Маалымат коопсуздугун укуктук камсыздоону изилдеген атайын ыкмалар төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт [51]:

1. Маалымат чөйрөсүндөгү мамлекеттин саясатын талкуулоо;
2. Маалымат тармагында улуттук кызыкчылыктарга коркунуч жаратуучу чөйрөнү жөнгө салуучу укуктук механизмдерди системалаштыруу;
3. Коркунучтарга каршы туруу менен бирге, төмөндөгү укуктук механизмдерди бекитүүчү мыйзамдарды да системалаштыруу;
4. Укуктук механизмдерди жана тиешелүү укуктук ченемдерди жакшыртууда белгилүү багыттарды аныктоо.

Диссертацияда ошондой эле илимий изилдөөнүн атайын ыкмалары колдонулган: салыштырма ыкмасы (эгемендүү Кыргыз Республикасындагы маалымат коомунун өнүгүү этаптары ошондой эле кыргыз маалымат коомундагы социалдык процесстер жана тенденциялар салыштырылат); ченемдик-юридикалык ыкма (айрым учурларда укуктук ченемдер аларды сөзмө сөз чечмелөө жолу менен каралат, андан кийин алардын колдонуу практикасын салыштыруу жана маалымат коопсуздугу боюнча укуктук-ченемдерин ишке ашыруу актылары жана тиешелүү укук колдонуу практикасы жөнүндө корутунду чыгарылат).

Диссертациялык изилдөөдө эмпирикалык төмөнкү ыкмалар колдонулган: байкоо, салыштыруу, өлчөө.

Байкоо ыкмасы - бул биринчи кезекте негизделген активдүү таанып-билүү процесси болуп саналат, адамдын сезимдеринин иши жана анын объективдүү материалдык ишмердиги жөнүндө, изилдөө максатында тышкы дүйнө кубулуштарын атайылап жана максаттуу кабыл алуу жана кубулуштардын маанисин табуу. Анын маңызы изилденүүчү объектке байкоочу таасир болбошу керек, башкача айтканда, субъект байкоочу изилдеген объектин ичинде нормалдуу, табигый шарттарда болушу зарыл. Бул эң жөнөкөй ыкма болуп саналат адатта башка эмпирикалык ыкмалардын элементтеринин бири катары. УТРКда иштөө менен (2007-2024-ж.) корпорациянын ишмердигине байкоо жүргүзүү, телекөрсөтүүлөр үчүн контентти түзүү процессине, кадрдык саясатка, маалыматтык технологиялардын корпорациянын ишмердүүлүгүнө, кызматкерлердин

сапаттары жана профессионалдык деңгээлдерине ж.б тийгизген таасирине мониторинг жүргүзүү ыкмасын колдонууга мүмкүнчүлүк болгон. Ошол эле учурда корпорациянын ишин жакшыртуунун механизмдерин көргөнгө мүмкүнчүлүк болду.

Диссертациялык изилдөө документтердин жана эмпирикалык материалдардын кеңири спектрин тартууну талап кылды, алар төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары; эксперттик жана жумушчу топтордун маалыматтык-аналитикалык материалдары; маалымат каражаттары; социологиялык изилдөөлөрдүн материалдары, мамлекеттик статистика, аналитикалык компаниялардын отчеттору.

Андан тышкары сандык жана сапаттык иликтөө, социологиялык ыкмасы колдонулган. Позицияны түзүүдө Медиа-К Интерньюс долбоорунун колдоосу менен 2023-жылдын ноябрында M-Vector компаниясы Кыргызстандын калк арасында «Кыргызстанда медиа колдонуу» боюнча социологиялык сурамжылоосу колдонулду. Бул социологиялык изилдөөгө 14 жаштан жогорку курактагы 3 636 респондент жана эркектер да, аялдар да катышкан. Иликтөө Кыргызстандын аймагы боюнча 165 калктуу конуштарда жүргүзүлгөн. Маектешүү кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде өткөн. Бул компания сурамжылоонун натыйжасын 2023-жылдын декабрь айында маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө, коомчулукка жарыялаган [52].

Ошону менен Эл аралык республикалык институттун (IRI) Кыргызстандагы Аналитикалык изилдөө борбору (CISR) кыргызстандыктардын арасында сурамжылоо жүргүзгөн улуттук репрезентативдик изилдөөлөрдүн маалыматтарын активдүү колдонулган. Маалыматтар 2023-жылдын 21-декабрынан 2024-жылдын 19-январына чейин компьютер аркылуу чогултулган. Кыргызстандын 18 жаштан жогорку курактагы 1500 тургундарынын (респонденттердин) жашаган жери боюнча жеке интервью аркылуу алынган [53] .

Кыргызстанда акыркы жылдарда телекоммуникациянын, Интернеттин, мобилдик байланыш тармагынын өнүгүүсү байкалууда. Алсак, жаңы маалыматтык технологиялар киргизилүүдө, компьютердик басма сөз өнүгүп жатат, жаңы веб-сайттар ачылууда, көптөгөн компаниялар IP-телефония кызматтарын сунушташат, уюлдук телефондор, компьютердик түзүлүштөр ж.б. сатылууда. Ааламдашуу процессинин тездик менен өнүгүүсү коомго кандай натыйжаларды, кесепеттерди алып келээри белгисиз.

Жаңы маалыматтык технологияларды өнүктүрүү мамлекет тарабынан кабыл алынган маалыматтык коомго өтүү боюнча мамлекеттик саясатты аныктаган ченемдик-укуктук документтер менен далилденет.

Диссертацияда УТРК, ЭлТР ж.б. телеканалдардын төмөнкү Интернет сайттарындагы, социалдык тармактардагы баракчалардагы маалыматтар жана аккаунттар, видео блоктор колдонулду (Instagram, TikTok, Facebook, Одноклассники, ВКонтакте, Twitter). Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин 2022, 2023-жылдарга карата статистикалык маалыматтары берилген.

Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты изилдөөдө илимий методдорду жана топтолгон теориялык-эмпирикалык материалдарды колдонуу менен авторго өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы рационалдуу мамлекеттик саясаттын ролу жана мааниси жөнүндө бир катар теориялык жалпылоолорду жасоого мүмкүндүк берди. Диссертацияда тышкы жана ички коркунучтардын шарттарында маалыматтык коопсуздукту оптималдаштыруунун кээ бир тенденцияларын системалаштырылган жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары үчүн бир катар сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн негиз болгон.

**Жыйынтыктоо:** Белгилүү болгондой маалымат коопсуздугунун методологиясы улуттук коопсуздуктун негизги бөлүгү болгон мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыз кылууга багытталган илимий методология жана маалымат коомунун чөйрөсүндөгү илимий изилдөөнүн логикасын өзүнө камтыйт. Ошондой эле маалымат коопсуздугунун методологиясы өзүнө

мыйзамдардын жалпылоосун, ыкмаларды иштеп чыгууну, изилдөөнүн принциптерин камтыса, ал эми маалымат коопсуздугунун теориясы белгилүү илимий ыкмаларды колдонуу менен илимий көз караштардын, идеялардын системасын берет.

Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты изилдөөдө илимий ыкмаларды жана топтолгон теориялык-эмпирикалык материалдарды колдонуу менен өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу багытындагы рационалдуу мамлекеттик саясаттын ролу жана мааниси жөнүндө бир катар теориялык жалпылоолорду жасоого мүмкүндүк берди жана мамлекеттик органдарга бир катар сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн негиз болгон.

## II БАП. КЫРГЫЗСТАНДЫН МААЛЫМАТ КООПСУЗДУГУНУН НЕГИЗДЕРИН ТҮЗҮҮДӨГҮ МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТ

### 2.1. Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугун камсыздоо тармагындагы ченемдик-укуктук базасы

Мамлекеттин маалыматтык коопсуздугу - маалыматтык каражаттарды колдонуу менен конституциялык түзүлүштү, эгемендүүлүктү, аймактык бүтүндүктү коргоо десек болот. Кыргыз Республикасынын (мындан ары КР) маалымат коопсуздугун камсыздоонун деңгээли өлкөнүн улуттук коопсуздугунун корголгон абалына, мамлекеттин маалымат саясатына, маалымат мейкиндигин сактоого багытталган учурдагы негизги ченемдик-укуктук актыларга жана мыйзамдарга көз каранды. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугунун ченемдик-укуктук базасын өлкөнүн эгемендүүлүк жылдарда кабыл алаган мыйзамдар жана ченемдик укуктук нормалар кирет.

Алардын эң негизгиси КР Конституциясы болуп саналат. Кыргызстандын маалыматтык саясатынын мааниси өлкөнүн эң биринчи Конституциясында эле белгиленген жана 2021-жылы кабыл алынган жаңы Конституциянын редакциясында маалымдоо каражаттарынын, сөз эркиндигинин маанилүүлүгү белгиленип, респонденттер менен корреспонденттердин милдеттери жана жоопкерчиликтери аныкталган. Аталган Конституциянын тиешелүү пункттарында өлкөдө цензурага жол берилбестиги, ММК мыйзамдарга ылайык ишмердүүлүк жүргүзүп, республикада маалыматтык коопсуздукту мамлекет коргой тургандыгы жазылган. Төрт пункттан турган 32-беренесинде көрсөтүлгөндөй, жарандар эркин ой жүгүртүү менен өз пикирлерин айтууга, маалыматты каалаган булагынан алууга укугу бар. КР Конституциясында көрсөтүлгөндөй, жарандык пикир билдирүүгө, же андан баш тартууда мажбурланбашы керек. Бирөөнүн намысына шек келтирүү, улуттар аралык, диний, гендердик маселелерди жана башка социалдык басмырлоолорду үгүттөөгө Конституция тыюу салат. Ал эми өлкөнүн Баш мыйзамынын 33-беренесинин дагы бир

пунктуна ылайык, жарандар мамлекеттик, аймактык башкаруу органдарындагы, мекеме-уюмдардагы маалыматтар менен таанышууга укуктуу [54].

КР «Жалпыга маалымдоо каражаттары тууралуу» мыйзам 1992-жылы 2-июлда кабыл алынган, «Маалымдоо каражаттарынын кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө» 1997-жылдын 11-ноябрында кабыл алынган мыйзамдарында белгиленген. «Маалыматка жетүү» 1997-жылдын 5-декабрындагы, «Мамлекеттик органдардын жана аймактык өз алдынча башкаруу органдарына караштуу маалыматка жетүү тууралуу» 2006-жылдын 28-декабрындагы, «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» 2008-жылдын 2-июнундагы мыйзамдары да белгилеген [55]. Бул мыйзам билдирүүлөрдү ММК аркылуу уюштуруунун жалпы укуктук, экономикалык жана социалдык негиздерин аныктап, маалымдоо каражаттарынын эркин иш жүргүзүшүнө багытталып, алардын мамлекеттик органдар, коомдук бирикмелер, ишканалар, уюмдар жана граждандар менен болгон мамилелерин жөнгө салат. Учурда мезгилдин талабына жараша талкуудагы «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» 55 беренеден турган мыйзам долбоорунда ММКны каттоо жана ишмердигин жүргүзүү жана журналисттердин милдети жана укугу каралган. Мында бардык маалымат сайттары тармактык жалпыга маалымдоо каражаты катары каттоодон өтүшү керек.

Мисалы, 1997-жылдын 11-ноябрында КР Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган «Массалык маалымат каражаттарынын кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө» мыйзамга ылайык, жарандар маалымат алуу укугуна ээ жана мамлекет ар бир адамдын маалымат алуу, берүү жана таркатуу укугун коргойт [56]. Бул мыйзамдарды тексттик талдоо көрсөткөндөй, бул мыйзамдардын бири да «маалымат коопсуздугу» түшүнүгүн аныктабайт. Маалыматтык коопсуздукту, анын компоненттерин жана колдоо механизмдерин аныктоодо көптөгөн теориялык кемчиликтерден улам кошумча ченемдик укуктук базаны кабыл алуу зарылчылыгы келип чыккан деп юристер белгилешип кетишкен [57].

2008-жылдын 11-июлундагы КР өкмөтүнүн № 373 токтому менен жактырылган Маалымат коопсуздугу Концепциясынын Долбоорунда төмөнкү багыттар көрсөтүлгөн: өлкөнүн маалымат саясаты жана коопсуздугу тармагындагы ченемдик жана укуктук базаны жакшыртуу менен андан ары калыптандыруу; КР маалымат коопсуздугун сактоо багытында реалдуу программаларды иштеп чыгуу, маалымат чөйрөсүнө таандык болгон укуктук, методикалык, илимий-техникалык ишти уюштуруп, өнүктүрүп, жакшыртууну камсыз кылуу [58].

Ошондуктан, 2012-жылдын 12-июнунда КР Президентинин Указы менен кабыл алынган КР улуттук коопсуздук Концепциясында маалымат коопсуздугун камсыз кылуу маселелери киргизилген. Аталган документ 2007-жылы кабыл алынган Концепциянын толукталып, иштелип чыккан варианты болуп саналат. Акыркы концепцияда эле улуттук коопсуздук түшүнүктүн ченемдик аныктамасы пайда болгон. Аталган концепция фундаменталдуу ченемдик-укуктук документ болуп саналып, КР маалымат коопсуздугун камсыздоодо боюнча мыйзам чыгарууну, мыйзамдык документтерди жана тиешелүү программаларды даярдоо, илимий-ыкмалык иштерди өнүктүрүү үчүн негиз болууда. Концепцияда көрсөтүлгөндөй, улуттук коопсуздуктун маанилүү бир тармагы болгон өлкөнүн маалымат коопсуздугу, коомдун жана ар бир жарандардын маалымат коопсуздугу КР Президенти, Коргоо Кеңеши, мыйзам чыгаруу органдары, аткаруу жана сот бийлиги тарабынан корголот. Улуттук коопсуздук Концепциясында маалымат чөйрөсүндөгү КР улуттук кызыкчылыктарга, маалымат коопсуздугуна коркунучтардын түрлөрү жана булактары аныкталган. Аталган Концепцияга ылайык, маалымат айдыңындагы КР улуттук кызыкчылыктары болуп төмөнкүлөр эсептелген:

- маалымат ресурстарын уруксааты жок кирүүдөн коргоо;
- КР мамлекеттик саясатын маалыматтык камсыздоо менен улуттук, эл аралык коомчулукка чейин КР мамлекеттик саясаты тууралуу так маалыматты жеткирүү;

- маалымат чөйрөсүндө адамдардын укуктары менен эркиндиктерин сактоо жана КР элинин руханий жаңылануусун камсыздоо;
- Маалымат чөйрөсүндөгү коркунучтардын түрлөрү төмөндөгүчө аныкталган:
- КР адамдардын жана жарандардын руханий жашоосуна, маалыматтык ишмердүүлүккө, жеке, топтук жана коомдук аң сезимине, руханий жаралуу чөйрөсүндө конституциялык укугу менен эркиндигине жаралган коркунучтар;
- КР мамлекеттик саясатын маалыматтык камсыздоо жаатындагы болгон коркунучтар;
- маалыматташтыруу каражаттарын, телекоммуникация жана байланыш индустриясы менен биргеликте, ата мекендик маалымат индустриясынын өнүгүүсүнө жаралган коркунучтар[59].

Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндөгү мындай коркунучтар XXI кылымдын эң олуттуу чакырыктардын бири. Бул коркунучтар жеке адамдарга, ишкерликке, мамлекеттик органдарга жана өкмөткө каршы багытталган чагымчыл аракеттерден көрүнүп турат. Алардын кесепеттери коомдук коопсуздукка, мамлекеттердин коопсуздугуна жана бүтүндөй дүйнөлүк деңгээлдеги эл аралык коомчулуктун туруктуулугуна олуттуу коркунуч келтирет, - деп айтылат.

Өз убагында кабыл алынган кийинки маанилүү документ 2013-2017-жылга карата КР туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук стратегияда өлкөнүн маалымат саясатынын негиздери көрсөтүлүп, тиешелүү багыттары аныкталган:

- өлкөнүн маалымат саясатын калыптандыруу анын коопсуздугун камсыз кылуу базасы катары бирдиктүү маалыматтык-телекоммуникациялык мейкиндикти түзүү талап кылынат**;**
- мамлекеттик саясаттын негизги багыттары жөнүндө Кыргызстандын жарандарынын маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу максатында долбоорлорду даярдоо;

- адамзат потенциалын өнүктүрүү, экономиканы өстүрүү, маданиятты, билим берүүнү, саламаттыкты сактоону өнүктүрүү, инсанды ар тараптуу өнүктүрүү маселелеринде приоритеттүү милдеттердин бири катары Интернетти өнүктүрүү [60].

«Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» КРнын мыйзамы 1992-жылдын 2-июлунда №938-XII кабыл алынып, 1993-жылы 8-майындагы, 2013-жылдын 22-февралындагы, 2014-жылдын 17-майындагы, 2017-жылдын 4-январындагы, 2017-жылдын 30-майындагы, 2018-жылдын 22-майындагы, 2023-жылдын 26-апрелиндеги, 2023-жылдын 9-августундагы Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык өзгөртүүлөр киргизилген. Мисалы, 2018-жылы киргизилген өзгөрүүлөрдө «телекөрсөтүү жана радиоуктуруу» деген сөздөр «телерадиоканалдар» деген сөзгө алмаштырылган. Массалык маалымат каражаттарын каттоо эрежелерине кеңири түшүнүк берген. 2023-жылдын 9-августундагы өзгөрүүлөрдө балдардын ден соолугуна, дене боюна, психикасына, адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтирүүлөрдүн алдын алуу, болтурбоо максатында тыюу салынган маалыматтарды таратууга бөгөт коюу боюнча беренелерге өзгөртүүлөр киргизилген [55].

2019-жылдын 3-майында КР өкмөтүнүн №209 – Токтому менен “КР маалымат коопсуздугунун 2019-2023-жылдарга карай Концепциясы” кабыл алынган. Аталган концепция менен КР улуттук коопсуздук концепциясынын максат, милдеттеринде шайкештиктер бар. 2019-2023-жылдарга карай концепция коомдук талкууга коюлуп, өлкөнүн маалымат коопсуздугуна негизги көйгөйлүү маселелерди көрсөттү, алар: киберкылмыштуулуктун жайылышы, жарандардын аң сезминин коркунучтуу мазмундардан корголбогон абалы, пикирди бурмалоо жөндөмдүүлүгү, мамлекеттик идеологияны алмаштыруу коркунучу, жалдоо, интернет-ресурстарын көзөмөлдөөнүн татаалдыгы, начар өнүккөн ата мекендик маалымдоо каражаттарынын мазмундук контенти жана жогорку квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги деп белгиленген [61].

Аталган концепцияда Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиялык приоритеттерин эске алуу менен маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун максаттары жана негизги багыттары аныкталган. Концепциянын негизги максаты маалымат чөйрөсүндө маалыматтык коопсуздукту камсыздоо, аймактык бүтүндүктү чыңдоо, сырткы жана ички маалыматтык коркунучтарга каршы туруу болуп эсептелет:

Концепцияда өлкөнүн маалымат коопсуздугунун негизги көйгөйлөрү көрсөтүлгөн:

- чек арага чекташ аймактардагы маалыматтык кылмыштарга каршы иш-чаралардын уюштурулбагандыгы жана киберкылмыштуулуктун өсүшү;

- адамдардын маалымат алууда моралдык жактан корголбогон абалы, ММК аркылуу терс мазмундарды сиңирүү, идеология жана дүйнө таанымды бурмалоо коркунучу, террористтик жана экстремистик уюмдардын мүчөлөрү тарабынан интернет тармагынын колдонуучуларынын пикирлерин бурмалоо мүмкүнчүлүгү;

- мыйзамсыз иш-чараларга катышууга, радикалдык мүнөздөгү материалдардын жардамы менен жалданууга жарандарды тартуу коркунучу;

- колдонуучулар арасында маалымат алмашууда түшүүдө ыкмасын колдонгон интернет-ресурстарын көзөмөлдөө татаалдыгы;

- массалык маалымат каражаттарынын начар өнүккөн ата мекендик мазмун [61].

Концепциянын долбоорунда Кыргыз Республикасынын маалымат чөйрөсүнө болгон тышкы коркунучтардын түрлөрү жазылган. Алар: негативдүү физикалык көрүнүштөр, саясий, экономикалык жана башка дүйнөлүк процесстер, ошондой эле Кыргызстандын кызыкчылыгына каршы багытталган бардык ар кандай чагымчыл иш-аракеттер. Андай коркунучтарга төмөнкүлөр киргизилген:

- бир катар өлкөлөр менен маалыматтык таасир берүү жана пропагандалоо боюнча программаны иштеп чыгуу, ошондой эле маалымат чөйрөсүндө

мамлекеттердин ишмердүүлүгү аркылуу артыкчылыкка жетүү кызыкчылыгын киргизүү;

- КР маалымат айдыңындагы сырткы мыйзамсыз тараптардын, ишмердүүлүгү;
- кыйраткыч мүнөзгө ээ болгон, коомдун адеп-ахлак негиздерин буза турган башка идеологияны чагылдырган мыйзамсыз мазмуундагы материалдарды Интернет тармагына жайылтуу;
- стратегиялык жактан маалыматтарга ээлик кылууда эл аралык атаандашуунун күч алышы, башка өлкөлөр тарабынан Кыргызстандын маалымат талаасында басым кылуусу жана чектелген маалыматка жетүү каалоосу;
- айрым мамлекеттер тарабынан өзүнүн маалымат мейкиндигинде Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарын басмырлаган бардык чектөөлөрдү киргизүү.

Маалымат чөйрөсүндөгү ички коркунучтардын арасында Кыргыз Республикасынын аймагында өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн субьектилердин жараандары жана алардын иш-аракеттери көрсөтүлгөн:

- мамлекеттик бийлик органдардын, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана чарбалык субъектилердин ишин маалыматташтыруу деңгээли боюнча Кыргыз Республикасынын дүйнө жүзүнүн көптөгөн өлкөлөрүнөн артта калуусу;
- Интернет тармагындагы терс таасир берүүчү маалыматтарды бөгөттөө боюнча мыйзам базасынын чабалдыгы, жалган маалымат бергендерге карата чара көрүү шарттарынын жетишсиздиги;
- Чек арага жакын Кыргызстан тараптын жерлеринде кыргыз телесинин жана радиосунун иштөөсү.

Концепциянын долбоорун иштеп чыккандар коркунучтарды жалпы багытары боюнча адамдардын аң сезимине, жашоосуна, укуктары менен эркиндиктерине болгон коркунучтар деп бөлүп карашкан.

КРнын колдоосу менен ишке аткарылган ички, тышкы саясатты маалыматтык камсыздоо коркунучтары:

- ченемдик-укуктук документтердин долбоорун даярдоодо мамлекеттик органдардын начар көңүл буруусу;

- Кыргызстандын ички жана тышкы саясаты боюнча маалыматтарды бузуучу Интернет желесиндеги агентстволордун, ММКнын жана башка медиа тармактарынын иши;

- Калкка маалыматтык терс таасир берүүлөргө каршы маалымат агентстволордун жана массалык маалымат каражаттарынын ишинин натыйжалуулугунун жетишсиздиги;

- маалыматтык саясат жана маалыматтык коопсуздугу тармагында иш жүргүзүүчү мамлекеттик органдардын каржы-техникалык жактан жетишсиз камсыздалышы.

Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугун сактоо тармагында негиз катары төмөнкүлөр саналат:

- улуттук коопсуздукту сактоонун мамлекеттик саясаты, Кыргызстандагы жана башка өлкөлөрдөгү окуялар боюнча расмий билдирүүлөрдү эл аралык коомчулукка, элге жеткирүүдө жаңы технологияларды колдонуу;

жана мамлекеттик сырлады сактоо тармагында жогорку квалификацияга ээ болгон кадрларды даярдоону уюштуруу;

- массалык маалымдоо каражаттарында атамекендик мазмуундагы берүүлөрдү өнүктүрүү жана жайылтуу [61].

Белгилей кетсек, КР Кылмыш кодексинде маалымат коопсуздугу чөйрөсүндөгү укук бузуу үчүн кылмыш же башка жоопкерчиликке тартуу каралган эмес. Бирок, 2019-жылдын 4-майында КР Ички иштер министрлиги (ИИМ) тараткан маалымат боюнча кылмыш тууралуу маалымат каражаттарына жалган маалымат тараткандар жоопкерчиликке тартылат. ИИМдин билдирүүсү боюнча өзгөчө Интернет аркылуу чагымчыл маалыматты тараткандар Кылмыш жаза кодексинин «Кылмыш жасагандыгы тууралуу атайылап жалган маалымат таратуу» беренесине жараша жоопкерчилик тартат деп көрсөтүлгөн [62].

КР улуттук коопсуздугуна жаралган бардык коркунучтарга каршы туруу, мамлекеттин коопсуздугун көздүн карегиндей сактоо максатында КР Президентинин 20-декабрь, 2021-жылдагы Жарлыгы менен КР улуттук

коопсуздук Концепциясы кабыл алынган. Аталган Концепцияда маалымат коопсуздугунун көйгөйлөрү, максаттарга жетүүдөгү тиешелүү милдеттерди чечүү жолдору көрсөтүлгөн:

- МКТны мыйзамсыз, кылмыштуу багыттарда колдонуу;
- өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыздоо, маалыматтык саясат жүргүзүү жана мамлекеттик сырларды сактоо тармагында адистештирилген кызматкерлерди даярдоонун начардыгы;
- укуктук документтердин, колдонуу практикасынын жетишсиздиги жана маалымат айдыңында талдоонун жана байкоо жүргүзүүнүн мамлекеттик түзүмүнүң жоктугу [63].
- Маалымат коопсуздугу тармагындагы учурдагы мыйзамдарды иликтөө төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууну шарттайт: кандайдыр бир деңгээлде карама-каршы бойдон кала берип, мекемелик кызыкчылыкты чагылдыруу менен реалдуу ресурстары менен камтылган эмес, укуктук мамилелердеги субъектилердин укуктарын камсыздоого натыйжалуу көзөмөлдү камсыздоого жол бербейт. Аталга концепциянын укуктук негизин өлкөнүн Конституциясы жана бир катар мыйзамдар түзөт: «Мамлекеттик сырларды коргоо жөнүндө», «Маалымдоо каражаттары тууралуу», «Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиктери», «Маалыматташтыруу тууралуу», «Улуттук архив фонду жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуулардын негиздери тууралуу», «КР өзүн-өзү башкаруу жергиликтүү органдарынын жана мамлекеттик органдардын маалыматка жеткиликтүүлүгү жөнүндө» жана башка КР ченемдик документтери, Жарандык, Үй-бүлөлүк, Кылмыш ж.б. кодекстер; Маалымат тармагындагы коомдук мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдык актылар; Кыргыз Республикасынын катышуусу менен кабыл алынган маалымат коопсуздугун камсыз кылуу багытындагы мыйзамдык тартип менен бекитилип, ишке ашырылып жаткан эл аралык келишимдер жана макулдашуулар түзөт [55].

Маалымат саясат тармагындагы ченемдик-укуктук базаны талдоодон белгилүү болгондой, өлкөдө маалымат коопсуздугун сактоо боюнча бир

багыттуу аракеттер жүргүзүлүүдө. Бирок, ааламдашуу шартына жараша технологиянын, ага карата адамдардын аң сезиминин өнүгүүсү бул тармактагы мыйзамдарды толуктоону, жаңы кабыл алууну талап кылат. Ошондой эле бирдиктүү маалыматтык-укуктук телекоммуникациялык мейкиндикти түзүү зарылчылыгы жаралууда.

Маалымат коопсуздугу тармагында өлкөнүн мыйзам базасы жана КМШ өлкөлөрү аралык ченемдик документтерди изилдөө көрсөткөндөй, коопсуздуктун укуктук негизи болуп маалыматтык терс таасир берүүлөрдөн жарандардын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун сактоо эсептелет. Маалыматтык өз ара карым-катнаштарды ченемдик-укуктук жактан жөнгө салуунун жетишсиз өнүгүүсү коомдо маалыматты манипуляциялоого алып келип, кээ бир учурларда өлкөнүн коомдук-саясий абалынын дестабилдештирүүгө түрткү болуп коомчулуктун терс реакциясын жаратат.

Маалыматтык коопсуздукту камсыздоо боюнча тиешелүү Кыргызстандын ченемдик-укуктук базасын изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

- мыйзамдык-ченемдик базанын кемчиликтери, маалымат коопсуздугун камсыздоо боюнча бирдиктүү органдын жоктугу көзөмөлсүз маалыматтык-психологиялык мейкиндикте коомдук аң сезимди башкаруунун себеби болду;
- Кыргызстандын заманбап коому укуктук мейкиндикте жарандардын руханий жана физикалык өнүгүүсүнө таасир берүүнү улантуу менен жыл сайын кеңири тараган, маалыматтык таасир берүүдөгү коркунучтардан корголгон эмес.

Андыктан КР маалымат коопсуздугун сактоо багытындагы ченемдик документтерди иштеп чыгууну өнүктүрүү керек:

- ар түрдүү коркунучтардын өсүшүнө карата адамдардын, өзгөчө жаш балдардын психикалык абалына терс таасир берүүчү негативдүү жаңылыктарды таратуу үчүн жоопкерчиликти далилдөөчү укуктук ченемдерди түзүү зарыл;
-адамдардын дене боюна жана моралдык абалына терс таасирин тийгизүүчү маалыматтарды жазууда, таратууда чоң жоопкерчиликти камсыз кылуучу

ченемдик-укуктук документтерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү мезгилдин талабы.

2021-жылы Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги (мындан ары ММСЖМ) «2021-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын маалымат саясатынын концепциясын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун демилгелеген. Министрлер Кабинетинин бул токтом долбоорунун максаты жана милдети Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66 жана 71-беренелерине ылайык, бирдиктүү улуттук маалымат саясатын, Кыргыз Республикасынын маалымат эгемендигин калыптандыруу, сөз эркиндигин жана маалыматка жетүүнү камсыз кылуу болуп саналат. Кыргыз Республикасынын маалыматтык саясат концепциясы - бул өлкөнүн маалыматтык эгемендүүлүгүн камсыздоо, жалпыга маалымдоо каражаттарынын деңгээлин көтөрүү үчүн жакшы чөйрөнү калыптандыруу, сөз эркиндигин камсыз кылуу үчүн мамлекеттик органдардын жана медиа коомчулуктун өкүлдөрүнүн биргелешкен аракеттери менен иштелип чыккан көз караштардын, принциптердин, мамилелердин жыйындысы жана маалыматка жетүүсүн камтымакчы.

Концепцияда көрсөтүлгөндөй, өлкөнүн маалымат саясаты маанилүү делген төмөнкү багыттарда жүргүзүлүшү шарт: биринчи медиа саясатын өнүктүрүү, эл аралык талаптарга жараша сөз эркиндигин жана маалыматка жетүүнү уюштуруу; экинчиси өлкө ичинде маалыматтык түзүмдөрдү, интернет тармагын, санариптик көндүмдөрдү өнүктүрүү; үчүнчү маалыматтык коопсудукту камсыз кылуу, маалыматты ылгоону үйрөтүү.

Бул документ Кыргызстандын маалыматтык суверенитетин камсыз кылуу жана медиа секторду өнүктүрүү, сөз эркиндиги менен пикирлердин ар түрдүүлүгүн коргоо үчүн шарт түзүүгө арналмакчы. Биринчи жана экинчи компоненттин негизинде Кыргызстанда 2023-жылга чейинки кабыл алынган документтер 2025-жылга карата да өз маанилүүлүгүн кетирбейт. «2021-2025-жылдардын КР маалымат саясатынын Концепциясы» буга чейин кабыл

алынган КР улуттук коопсуздук Концепциясы, 2019-2023-жылдардагы КР киберкоопсуздук Стратегиясы, 2019-2023-жылдарга КР маалымат коопсуздук Концепциясы, «Санарип Кыргызстан 2019-2023» санариптик трансформация Концепциясы, 2021-жылдагы КР улуттук коопсуздук Концепциясы негиз болгон бардык документтердин уландысы катары медиа чөйрөнү өнүктүрүүчү негиз болуп кызмат кылмак, бирок бүгүнкү күнгө чейин бул документ кабыл алына элек.

**Жыйынтыктоо:** Изилдөөнүн жүрүшүндө учурдагы Кыргызстандын маалымат коопсуздугун камсыздоонун ченемдик-укуктук базасынын негизин КР Конституциясы жана эгемендик жылдарынын ар кайсыл убакыттарында кабыл алынган 100дөн ашык мыйзамдар, Кодекс жана токтомдор түзөөрү аныкталды. Алардын эң негизгиси болуп, 2021-жылдын 20-декабрында кабыл алынган КР Улуттук коопсуздук Концепциясы эсептелет. Бул документ маалымат айдыңындагы жарандардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын камтуу менен маалымат коопсуздугун камсыздоодогу максаттар, негиздер жана багыттар менен байланышып, расмий кабыл алынган жоболордун топтому болуп саналат.

2019-2023-жылдар аралыгындагы маалымат коопсуздук Концепциясы өз маанисин жоготпойт, ал эми мамлекеттин маалыматтык саясатынын алдыңкы жылдарга карата Концепциясын кабыл алуу маалыматтын ролу өскөн азыркы коомдун талабы. Тиешелүү ченемдик-укуктук документтерге карай жүргүзүлгөн иликтөө көрсөткөндөй, маалымат коопсуздугу тармагындагы учурдагы документтерди, мыйзамдык базасын жакшыртуу жана толук иш жүзүнө ашыруу керек. Заманбап шарттарда маалымат айдыңында маалымат ресурстарын коргоо, коркунучтарды жоюу маанилүү болууда.

Маалымат коопсуздугу тармагындагы мыйзамдык-ченемдик базасын изилдөө көрсөткөндөй, жалпыга маалымдоо каражаттары чөйрөсүн жөнгө салуучу учурдагы ченемдик укуктук база маалымдоо каражаттарынын натыйжалуу иштешине өбөлгө боло албай жатат.

Учурдагы Кыргызстандын коопсуз маалымат менен камсыз кылуу тармагындагы мыйзам базасы жарандардын, коомдун жана мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыздоо механизмдерин камтыган эмес. Заманбап шартта маалымат ресурстарын коргоо жана маалымат тармагында коопсуздукту камсыздоо өзгөчө мааниге ээ болууда, ошондой эле аталган аспект Кыргызстандын улуттук коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу процесинде эске алынышы керек. Маалыматтык укук коргоочулар, ММК, мамлекеттик органдар тарабынан жетишсиз каржылоо, кадрлардын жетишсиздиги заманбап даярдыгы, ата мекендик медиа контенттин начардыгы терс таасирин тийгизүүдө. Ченемдик-укуктук базаны кайра карап чыгуу жана тиешелүү мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин жогорулатуу талабы турат.

## 2.2. Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугун сактоо багытындагы мамлекеттик саясатын ишке ашыруу ишмердиги

Кыргыз Республикасындагы маалыматты коргоо мамлекеттик түзүмүнүн тарыхына кайрыла турган болсок, 1973-жылы Советтер Союзунун саясий абалын эске алуу менен түзүлүп, негизинен Коргоо жана аскердик-өндүрүш комплекс Министрлигинин кызыкчылыгы үчүн иш жүргүзгөн. Советтер Союзу таркап, Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгон 1991-жылдардан соң, маалымат коопсуздугун коргоо багыты саясий өзгөрүүлөрдүн таасиринен өлкөнүн маалымат мейкиндиги корголбогон абалда калган.

-2000-жылдардан тартып, Кыргызстандын маалыматтык коргоодо мамлекеттик мекемелер түзүлө баштаган.

- 2006-жылы эле Маалыматтык ресурстар, технологиялар жана байланыш улуттук агенттиги түзүлгөн.

- КРнын Президентинин 2007-жылдын 16-мартындагы Жарлыгы менен КРнын маданият жана маалымат министрлиги түзүлгөн [64]. Маалымат тармагында мамлекеттик саясатты жүргүзүү ыйгарым укугу аталган

министрлике жүктөлүп, министрликке бир нече милдеттер коюлган. Алар маалымат тармагында мамлекеттин саясатын жүргүзүү, Кыргызстандын маалымат чөйрөсүндө бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзүүнү камсыз кылуу, маалымат каражаттарын деңгээлин көтөрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү боюнча сунуштарды киргизүү каралган.

- 2009-жылдын 22-октябрында КР маданият жана маалымат министрлиги «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмүн бекитүү жөнүндө» мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу маданият мамлекеттик комиссиясы болуп өзгөртүлгөн.

Кайра 2010-жылдын 26-апрелинде Убактылуу Өкмөтүнүн Декрети менен Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министрлиги болуп кайра түзүлгөн жана КР өкмөтүнө караштуу мамлекеттик байланыш агенттигинин кеңешмеси түзүлгөн.

Бирок 2012-жылдын КР Өкмөтүнүн токтомуна ылайык, КР маданият жана туризм министрлиги болуп өзгөрүп, министрликтин курамынан маалымат тармагы кайрадан алынып салынган. Кайра 2013-жылдын 21-февралында Жогорку Кенештин 2012-жылдын 5-сентябрындагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмү жөнүндө» токтомунун негизинде КР маданият, маалымат жана туризм министрлиги болуп ордуна келген. Белгилүү драмутург С. Раев министр болуп дайындалган.

2014-жылы ММСЖМ алдында маалымат саясат боюнча кеңеши түзүлгөн. Аталган Маалымат саясат боюнча кеңештин курамына массалык коммуникация, масс-медиа тармагынын 15 өкүлү кирген. Кеңештин алдыдагы планы бирден бир маанилүү стратегиялык документ Кыргыз Республикасынын мамлекеттик маалымат саясатынын концепциясын талкуулоо болгон [65].

2014-жылы 18-сентябрда ушул министрлигинин карамыгында Маалымат жана массалык коммуникациялар департаменти түзүлгөн. Департаменттин негизги максаты массалык маалымат каражаттарынын өнүгүүсү үчүн

ыңгайлуу шарттарды түзүү жана Кыргыз Республикасынын маалымат чөйрөсүн өнүктүрүү болуп саналган [66].

Белгилүү болгондой, Кыргызстан 30 жылдык эгемендүүлүк тарыхында олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болуп, эгемендүүлүккө ээ болуу менен эски идеологиядан чыгып, коомду заманбап багытта жаңы технологияларды колдонуу менен өнүктүрүү, маалымат алуунун жаңы жолдорун өздөштүрүү жолуна түштү. Өзгөчө 2005, 2010-жылдардагы өлкөдөгү саясий кризистерде, маалымат маанилүү курал экендиги аныкталды. Бирок өлкөнүн маалымат саясатын жүргүзүү иши начар болгондугу анык, жогоруда көрсөтүлгөндөй, маалымат тармагы 2007-жылы азыркы ММСЖМ карамагында болсо, 2009-жылы аталган министрлик өкмөткө караштуу маданият мамлекеттик коммиссиясы болуп өзгөргөн. Ал эми 2013-жылы маданият, маалымат жана туризм министрлиги болгон. 2014-жылы Маалымат жана массалык коммуникациялар департаменти түзүлгөн [67].

Экинчи жагынан кадр саясаты жана кадрларды дайындоо процесси 1-таблицада көрсөтүлгөн.

**1-Таблица:** Министирлердин КР Маданият, маалымат жана спорт жана жаштар саясаты министри кызматына дайындалган убакыттары

| **№** | **Министрлердин аты-жөнү** | **Иштеген жылдары** |
|---|---|---|
| 1. | Раев Султан Акимович | 2005-2010-ж. |
| 2. | Садык Шер-Нияз | 14.07. - 20.12.2010-ж. |
| 3. | Шакиев Нурланбек Тургунбекович | 2010-2011-ж. |
| 4. | Жунусов Ибрагим Кожоназарович | 2011-2013-ж. |
| 5. | Талиева Камила Абдыразаковна | 04.04. -16.09.2014-ж. |
| 6. | Максутов Алтынбек Аскарович | 2014-2016-ж. |
| 7. | Казаков Түгөлбай Токтогулович | 2016-2017-ж. |
| 8. | Жумагулов Султанбек Жумагулович | 2017-2018-ж. |

| | | |
|---|---|---|
| 9. | Жаманкулов Азамат Капарович | 2018-2020-ж. октябрь, 2021-2022-ж. |
| 10. | Кадырбеков Нуржигит Кадырбекович | 2020-2021-ж. |
| 11. | Максутов Алтынбек Аскарович | 2022-жылдан азыркы учурга чейин |

Кыргызстандагы саясий системанын туруксуздугу, башкаруунун толук эмес президенттик формасынан парламенттик-президенттикке өтүшү кадрдык секирикке алып келип, бул мекемеге министрлерди дайындоодо да байкалды. Белгилүү болгондой, 2010-жылы саясий партиялар өздөрүнүн өкүлдөрүн саясий кызматтарга дайындоо үчүн министрликтерди бөлүштүрүшкөн, бул республиканын министрликтери менен мекемелеринин жетекчи кызматтарына кесипкөй эмес адамдардын дайындалышына алып келген жана кадрлардын тез алмашуусу болгон. Койгон максаттар толугу менен ишке ашырылган жок.

Аталган министрлик тарабынан өткөрүлгөн эң маанилүү иш-чара Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары болду. Көчмөндөр цивилизациясын даңазалаган мындай иш-чара кыргыз өкмөтү тарабынан демилгеленип, 2014-жылы сентябрь айында Ысык-Көл облусунда өткөрүлгөн. Бардыгы 19 өлкөдөн 583 спортчу катышып, спорттун 10 түрү боюнча мелдештер өткөрүлгөн. Мында эң негизгиси маалыматтарды таратуучу телеберүү аудиториясы 230 миллион адамга жеткен. Ушундай эле экинчи көчмөндөр оюндары 2016-жылы өтүп Кыргызстан тууралуу оң имидж жараткан маалыматтардын таралышына шарт түзүлгөн. Телеберүү 500 миллион кишилик аудиторияга жетти. Биринчи оюндарга 19 өлкөнүн спортчулары катышты. Оюндарды 250 журналист, оператор жана дүйнөнүн алдыңкы массалык маалымат каражаттары чагылдырышты. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын көркөмдүү иш-чараларын чагылдыруу үчүн массалык маалымат каражаттарынын 650дөн ашык өкүлдөрү, ошондой эле ондогон белгилүү блоггерлер келишти. Алардын ичинен 300дөн ашуун ЖМК 35 өлкөдөн 90 чет элдик маалымат

каражаттарынын өкүлдөрү болсо, калгандары жергиликтүү ЖМКлардын өкүлдөрү болгон. Көчмөндөр оюндары аркылуу көргөзүлгөн бай мурастарды дүйнөнүн 60тан ашуун өлкөсүнөн келген көрүүчүлөрдүн кызыгуусун жаратып, Кыргызстан тууралуу дүйнө коомчулугуна жакшы пикир жаратты.

Бул оюндар Кыргызстандын эл аралык маалымат мейкиндигине киришинде тарыхый зор мааниге ээ болгон. Бүткүл дүйнөгө Кыргызстанды саясий кризистер жана бийлик алмашуулар эмес, тарыхы бай жана байыркы маданияты бар өлкө катары тааныган.

2013-жылы Маданият, маалымат жана туризм министринин орун басарлыгына А.Темирбекова дайындалып (2018-жылдын 25-декабрында кызматтан кеткен), ал ушул кызматта иштеп турганда министрликтин маалымат тармагы боюнча иштери жандана баштаган. 2016-жылы «Кыргызстандагы экстремизмге каршы күрөшүү саясатында ЖМКнын ролу» аттуу конференцияда баяндама жасап жатып, ал экстремисттик идеяларга маңыздуу жооп берүү керектигин жана маалымат кызматынын алар менен күрөшүүнүн эң жакшы жолу болорун, чындык, объективдүү маалымат таратуу менен гана күрөшүү болорун, бул жерде массалык маалымат каражаттарынын ролу баа жеткис, деп белгилеген [68].

КР ММСЖМ карамагындагы маалыматтык саясат башкармалыгы мамлекеттин маалыматтык саясатын жана маалымат коопсуздугун камсыздоо боюнча негизги органдардын бири болуп саналат. ММСЖМ интернет сайтында көрсөтүлгөндөй, Маалыматтык саясат башкармалыгынын функционалдык милдеттери төмөнкүлөр: [69]

- маалымдоо каражаттарын жана маалымат менен камсыздоону өнүктүрүү;
- ММКнын ишин жакшыртуу деңгээлин жогорулатууга багытталган иш аракеттерди уюштурууга жардам берүү. Маалыматтык саясат башкармалыгынын милдетине маалымат тармагындагы баардык ченемдик-укуктук документтердин аткарылышын камсыздоо, ММКнын ишин талдоо жана жөнгө салуу кирет. Ал эми 2014-жылы түзүлгөн Маалымат жана массалык коммуникациялар департаменти улуттук стратегияларды,

мамлекеттик программаларды иш жүзүнө ашырууга катышууга, ММКга жарыяланган материалдарга мониторинг жасоого катышууга милдеттүү болгон. Эске салсак, азыр ондон ашык стратегиялар жана мамлекеттик программалар бар [69].

Кыргызстанда өлкөнүн маалымат саясатын жүргүзүүгө багытталган мамлекеттик аймактык гезит, журналдардын редакциясы иштейт. Алсак, 12 облустук, 34 райондук, 1 республикалык гезиттин, 2 журналдын редакциялары бар. Бирок бүгүнкү күндө аймактык бул басылмаларга Интернет тармагынын өнүгүшү менен элдин суроо-тарабы жоголууда.

Эл аралык кызматташтыктын алкагында Маалыматтык саясат башкармалыгы Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ), Түрк кеңешинин ЖМКларды жөнгө салуу комитети, Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык уюму (мындан ары ЕККУ), БУУнун Аялдар уюму жана башка уюмдар менен активдүү кызматташат.

Маалыматтык саясат башкармалыгы ошондой эле президенттин ишмердүүлүгү, буйруктар, жарлыктар, кайрылуулар, мамлекет башчысынын жолугушуулары ж.б. президент катышкан иш-чаралар тууралуу маалымдоо каражаттарына маалымат берүү жана президенттин ишин ММК аркылуу кеңири коомго жеткирүү иштерин аткарат.

Илимий талдоодо маалым болгондой, ММСЖМ өз ишинде көп тармакты камтыйт (маданият, спорт, жаштар саясаты, туризм, миграция), ошон үчүн маалымат саясатын жүргүзүү тармагында жетиштүү иш алып бара албаган. 2024-жылдын башында Маалыматтык саясат башкармалыгында 9 адам кана иштеген. Ар тармактуу чаржайыт иш жүргүзүү министрликтин ишине терс таасир эткен. Өзгөчө маалымат тармагында аткарылган иштер жетишсиздиги байкалат. Маалыматтык саясат башкармалыгынын функционалдык милдеттери масштабдуу жоопкечиликтүү болгону менен аткарган иштери аз болгону көрүнүп турат.

Министирликтин сайтын, социалдык баракчасын анализдегенден кийин мындай кортундуга келсе болот: Министирлик негизинен уюштуруучулук-

техникалык иштерди эле жүргүзөт, мисалы 2023-жылдын жыйынтыгы катары маалымат саясаты тарабындагы жасалып жаткан иштер тууралуу төмөнкүдөй маалыматтар берилген: 2023-жылы Министрлик тарабынан телеканалдарга 112 уруксат кагазы берилди, анын ичинде: 3 радиоканалга, 3 телеканалга жана 106 телерадиоберүү каналдарга. Ошондой эле 22 телерадиоканалга жана 5 телерадиоберүү операторлоруна пландуу текшерүү жүргүзүлгөндүгү, айрымдарына айып пул салынып, эскертүүлөр берилгендиги жазылган [70]. Аталган министрликтин Facebook баракчасын карап чыгууда негизинен мекеме белгилүү инсандардын маарекелерин өткөрүү иштери менен алек болушат деп жыйынтык чыгарууга болот.

КР ММСЖМ курамына 40 райондук жана 14 шаардык маданият бөлүмдөрү кирет. Министрликтин аймактык бөлүмдөрүнүн жоболоруна ылайык, аймактык бөлүмдөрдүн милдеттери негизинен маданият жана искусство мекемелерин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү, калктын түрдүү катмарларынын маданий жана эс алуу ишинин ар түрдүүлүгүн камсыз кылуу болуп саналат, бирок маалымат саясаты жана маалымат коопсуздугу жөнүндө бир да пункт кирбеген. Бул түшүнүксүз абал. Мындан тышкары, Бишкек, Ош шаарларынын мэрияларында, ошондой эле республиканын аймактарында маалымат бөлүмдөрү иштейт.

Президенттик администрациянын маалымат саясат бөлүмү маалыматтык саясаттын ишин алып барат. Негизги милдеттерге ылайык, аталган бөлүм Концепцияны даярдоо жана иш жүзүнө иштерин аткарат. Ал эми учурда маалымат саясатын жүргүзүү башкармалыгына мамлекеттин бул багыттагы саясатын заман талабына ылайык иштеп чыгуу, маалыматтык коркунучтарды жоюу жана коопсуздукту камсыз кылуунун мамлекеттик түзүмүн түзүү боюнча атайын укуктар берилген. КР Конституциясынын жоболоруна ылайык (2021-ж.) Президенттик администрациянын маалымат саясат кызматынын жетекчисинин орун басары кызматы, президенттик администрациянын жана министрлер кабинетинин пресс-кызматтары бириктирилген. А. Темирбекова 2022-жылы маалымат саясат кызматынын жетекчисинин орун басары болуп

дайындалган [71]. Ал журналисттерге берген интервьюсунда анын негизги милдети - президенттин басма сөз кызматынын функцияларын белгилөө жана мамлекеттик маалыматтык саясатты ишке ашыруу. Өз ара аракеттенүүнү орнотуу жана мамлекет жарандар үчүн эмне кылып жаткандыгы тууралуу маалымат берүү максатында медиа топторду жана уюмдарды бириктирүү боюнча бир катар иш-чаралар пландаштырылууда деп белгилеген [72].

А. Темирбекова өзүнүн баяндамаларынын биринде маалыматтык саясат кызматынын артыкчылыктуу милдеттерин төмөнкүлөр деп белгиледи: [73]

1. Мамлекеттик органдардын социалдык тармактардагы байланыштары;
2. КР Президентинин жана анын командасынын имиджин жалпыга маалымдоо каражаттарында жайылтуу;
3. Медиаплан;
4. Мониторинг, талдоо, болжолдоо жана жооп кайтаруу;
5. Мамлекеттик массалык маалымат каражаттарын реформалоо;
6. Массалык маалымат каражаттары менен өз ара аракеттенүү;
7. Окуялар, иш-чаралар (медиа форумдар, сыйлыктар, сынактар, турнирлер);
8. Өзгөчө кырдаалдар боюнча маалымат каражаттарынын оперативдүү штабы;
9. Документтер жана ченемдик укуктук актылар;
10. Пресс-кызматтар.

Ошону менен, мамлекеттик органдардын социалдык тармактардагы эффективдүү байланыштарын өнүктүрүү максат менен мамлекеттик органдардын, мекемелик уюмдардын жетекчилери менен министрликтердин басма сөз катчылары жана мекемелик уюмдардын басма сөз кызматына жооптуу кызматкерлери үчүн тренинг өткөрүү бул эң актуалдуу көйгөй. Ошондуктан бул окутууларга профессионалдарды чакырып, эл аралык кызматташтыктын алкагында өткөрүү айтылган.

Мамлекеттик органдардын социалдык тармактардагы эффективдүү байланыштары түзүү үчүн мекемелик уюмдардын кызматкерлери үчүн окутуулар; мекемелик уюмдар менен пресс-катчылардын ортосундагы

байланыштарды өнүктүрүү боюнча тренингдер; социалдык тармактардагы мамлекеттик органдардын аккаунттарын түзүү жана жасалгалоо боюнча практикалык көндүмдөрдү окутуу тренингтер өткөрүлөт.

Ош жана Баткен облустарында 2022-жылдын 28-29-апрелинде КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Маалыматтык саясат кызматы тарабынан демилгеленген «Кризистик кырдаалдарда маалымдоо каражаттарынын оперативдүү штабынын ишин уюштуруу» долбоорунун алкагында бир катар координациялык жолугушуулар өткөрүлгөн [74]. Иш-чаранын максаты – «Кризистик кырдаалдарда ЖМКнын оперативдүү штабын уюштуруунун жана иштөөнүн тартиби» толук кандуу жана универсалдуу мыйзам базасын түзүү. Координациялык жолугушуу 2023-жылы 28-апрелде Ош шаарында жана 29-апрелде Баткен шаарында Интерньюс өкүлчүлүгүнүн колдоосу менен өткөн. Ага жаштар уюмдарынын лидерлери, жергиликтүү жарандык активисттер, блогерлер, облустук массалык маалымат каражаттарынын, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү катышты. Кризистик кырдаалдарды оперативдүү чагылдыруу боюнча мекемелердин, медиа тармагынын, жергиликтүү башкаруу органдарынын ошондой эле коомдук уюмдардын ортосундагы өз ара аракеттенүү тартибин иштеп чыгуу боюнча активдүү пикир алмашуунун жүрүшүндө баалуу жана конкреттүү сунуштар айтылган.

Биринчи координациялык кеңешме 2022-жылдын 15-апрелинде Бишкек шаарында өткөн. Кеңешмеге катышкан мамлекеттик органдардын, ММКнын, коомдук уюмдардын пресс кызматтарынын кызматкерлерине бир нече сунуштар берилди. Андан тышкаары орчунду окуя, шарттар боюнча маалымат даярдоо зарылчылыгы, Кыргызстан тууралуу жаңылыктарды англис, түрк жана башка тилдерде даярдоо мумкүнчүлүктөрү камтылды. Кеңешменин жыйынтыгында А. Темирбекова мындай иш-чаралар демилгелерди жана долбоорлорду ишке ашыруу максатында үзгүлтүксүз өткөрүлө турганын белгиледи. Бул тренингдерде адистер санариптик коопсуздуктун негиздери, жеке маалыматтарды коргоо ыкмалары, интернет цензурасы, чабуулдук жана коркунучтарга жана тобокелдиктерге жооп берүү механизмдери тууралуу

кеңири айтып беришет. Ошондой эле тренингдин жүрүшүндө катышуучулар жеке маалыматтарды, түзүлүштөрдү жана социалдык тармактардагы аккаунттарды коргоо боюнча практикалык көндүмдөрдү алышат.

2022-жылдын 24-25-ноябрында Баткен шаарында Интерньюс Кыргызстан тарабанынан Баткен районунун активисттери үчүн 2 күндүк «Конфликттер жана кризистер үчүн коммуникация» аталган тренингтер өткөрүлгөн.

Медиа Полиси Институту КР Президентинин Администрациясынын маалыматтык саясат кызматынын демилгеси аркылуу мамлекеттик мекемелердин пресс кызматынын өкүлдөрү үчүн үч күндүк «Социалдык тармактарда мамлекеттик органдардын натыйжалуу коммуникациялары» темасындагы тренинг уюштурган. Бул тренинг мамлекеттик түзүмдөр үчүн Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. Жапаровдун тапшырмасы менен системалуу тренингди өткөрүүдө. Кыргызстанда мамлекеттик органдар менен калктын өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү саясаты жүргүзүлүп жатканын эске алуу менен, бул тренингдер кадрдык өзгөрүүлөр болуп жаткан мекемеге караштуу органдардын пресс кызматтарынын жогорулатуу үчүн маанилүү. «Мамлекеттик органдарда маалымат саясатты жүргүзүүчү пресс катсылардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу максатында окууларды уюштуруу өтүп, 200гө жакын мамлекеттик органдарга интернет тармагында аккаунттар ачылды. Мында эл менен мамлекеттик органдардын ортосундагы ыкчам байланыш чыңдалып, иштин эффективдүүлүгү жогорулайт. Жарандар тарабынан көтөрүлгөн маселелер дагы күн тартибине киргизилиши зарыл» деп жыйынтыктады А. Темирбекова [73].

Учурда пресс кызматы мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзүүдө жана өнүктүрүүдө маанилүү орунду ээлейт. Мамлекеттик органдардын, аймактык бөлүмдөрдүн, жарандык коом, ММКда маалыматтык камсыздоо жана жана маалыматтык процесстерди колдоо мамлекеттин туруктуу өнүгүүнү ишке ашыруунун бөлүгү болмокчу. Пресс катчы мамлекеттик мекемелердин имиджин түзүп, маалымат саясатын калыптандыруу менен коомчулук менен байланыш түзмөкчү.

Заманбап мезгилдин талабына жараша маалымат саясатын ишке ашырууга толук кандуу мамиле кылуу жана пресс кызматынын туруктуу институтун калыптандыруу зарылчылыгы жаралууда. Активдүү жарандык коом мамлекеттик органдардын иши боюнча ыкчам жана анык маалыматка муктаж. Мындай шартта пресс борбор институтун толук өзгөртүү зарыл, себеби маалымат коомунда мамлекеттик органдар ачык-айкын иш алып баруулары керек.

Азыр Кыргызстанда 16 министрлик, 1 комитет, 4 агентство жана 1 фонд бар, булардын бардыгы өкмөттүн өкүлү болуп саналып, алардын бардыгына өлкө боюнча жүз пресс катчы эмгектенет [75].

Алсак, бир министрликте бир же эки штаттык бирдик менен пресс катчылар иштейт, ал эми мекемеге караштуу көпчүлүк уюмдарда бул кызмат таптакыр жок. Азыркы кездеги иш-аракеттин маанилүүлүгүнө көңүл бурбастан пресс катчылар негизинен ММК өкүлдөрү менен иштешишет. Мамлекеттик органдардагы пресс кызматтарынын негизги милдети ошол органдын коомчулукта оң имиджин түзүү, маалымдоо каражаттарына анык, такталган маалымат берүү жана өлкөнүн саясатын жүргүзүү. Заман талабына жараша пресс кызматтарынын ишинин сапатын жогорулатуу, пресс катчыларынын статусун көтөрүү мезгилдин талабы.

Медиа Полиси Институту Кыргыз Республикасынын 9 министрлик жана мекемелеринин пресс кызматтарынын ишине талдоо жүргүзүп, мында бир катар көйгөйлөр көрсөтүлгөн: [76]

- пресс-кызматтарынын ишин каржылоонун жетишсиздиги;
- мамлекеттик органдарда пресс кызматтарынын ишин уюштуруучу документтин жоктугу;
- кесипкөй адистердин аздыгы, пресс катчылык кызматка башка кесиптик багыттагы кадрларды дайындоо;
- керектүү материалдык, техникалык базанын жетишсиздиги;
- пресс катчылык кызматты жогорку деңгээлге көтөрүү зарылчылыгы;

Бул саналып өткөн көйгөйлөр калк менен тыгыз байланышта болуу, мамлекеттик саясат жөнүндө маалыматтарды жеткирүү жана алардын бийликке болгон ишенимин арттыруу үчүн мамлекеттик мекемелердин пресс кызматтарын эртерээк чечүүнү талап кылат.

**Жыйынтыктоо:** Рыноктук мамилелерге өтүү, жаңы саясий системанын калыптанышы, Кыргызстандагы саясий кризистер жана туруксуздук узак убакыт бою, дээрлик 15 жыл бою өлкөнүн маалыматтык коопсуздугуна тийиштүү көңүл бурулбай калганына алып келген.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары өлкөнүн маалымат мейкиндиги корголбогон абалда калып, 2000-жылдардан тартып маалымат коопсуздугун коргоо маселеси көтөрүлө баштаган. Изилдөөдө көрсөткөндөй, мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзүү милдети КР ММСЖМ министрлигине жүктөлгөн. 2007-жылдан 2013-жылга чейин маалымат тармагы аталган министрликтин курамына улам киргизилип, кайра чыгарылып эффективдүү иш жүргүзүлгөн эмес. Кадрдык секирик, бул министрликтеги жетекчинин тынымсыз алмашуусу (2005-жылдан учурга чейин 11 министр дайындалып, ар бири кыска мөөнөттө иштеп, маалымат саясатын жүргүзүү багытында көрүнүктүү иш алып барууга жетишишкен эмес) республиканын маалымат тармагынын чет элдик агенттер жана демөөрчүлөр тарабынан терс таасирин тийгизген. Бул департамент тарабынан бир гана маанилүү иш-чара өткөрүлгөн - Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары, анда дүйнөлүк коомчулук Кыргызстанды саясий кризистердин жана наразылыктардын өлкөсү катары эмес, байыркы жана бай маданияты бар өлкө катары таанытты. Мындай саамалык Кыргызстандын маалымат тармагында оң имиджин калыптандырууга шарт түзмөкчү. Аталган министрликтин карамагындагы Маалымат саясат башкармалыгынын милдети, ишинин негизги багыты маалымат чөйрөсүндө өлкөнүн саясатын жүргүзүү, бул тармактын өнүгүүсү үчүн жакшы шарттарды түзүү болуп саналат. Бирок, учурда бул кызматта тогуз адам эмгектенгендиктен иштин көлөмү аз болууда. Министрлик өз ишмердүүлүгүндө көп тармакты камтыйт (маданият, спорт, жаштар саясаты,

туризм, миграция). Ар тармактуу иш жүргүзүү министрликтин ишинин натыйжалуулугун азайткан. Өзгөчө маалымат тармагында аткарылган иштер жетишсиздиги байкалат. Маалыматтык саясат башкармалыгынын функционалдык милдеттери масштабдуу жоопкерчиликтүү болгону менен аткарган иштери аз болгону көрүнүп турат, региондордогу маалымат бөлүмдөр жок экенин белгилеп кетиш зарыл. Малымат саясат бөлүмү негизинен телеберүүлөр боюнча уюштуруучулук-техникалык иштерди аткаргандыгы белгилүү болду.

Аталган министрликтин Facebook баракчасын карап чыгууда негизинен мекеме мамлекеттин эсебинен каражат сарптоо менен белгилүү инсандардын маарекелерин өткөрүү иштери менен алек болушат экен. Бүгүнкү күндө басма сөз кызматы мамлекеттин маалымат саясатын калыптандырууда жана өнүктүрүүдө негизги ролду ойнойт. Бийликтин бардык бутактарын, административдик-аймактык жана улуттук түзүмдөрдүн, каражаттарынын жана мамлекеттик бийлик органдарынын ортосунда маалымат менен камсыз кылуу жана мамлекеттик маалымат коопсуздугу камсыздоо саясатын колдоо мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн ишке ашыруунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Учурда маалымат коомунда бийлик бутактарынын, аймактык түзүмдөрдүн, жарандык коом, ММК жана мамлекеттик бийликтин ортосунда маалымат менен камсыздоо жана мамлекеттик маалымат коопсуздугу камсыздоо саясатын колдоо мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн иш жүзүндө аткаруунун бир бөлүгү болуп саналат.

## 2.3. Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын Кыргыз Республикасынын саясий турмушундагы ролу

Маалыматтык коопсуздук коомдун жана мамлекеттин коопсуздугунун даражасы менен мүнөздөлөт, демек маалыматты ишке ашыруунун да, алуунун дагы деңгээлинде өлкөнүн кызыкчылыктарына доо кетирүүчү коркунучтуу дестабилдештирүүчү маалыматтык таасирлерге карата жашоонун негизги чөйрөлөрүнүн туруктуулугу болуп эсептелинет.

Кыргызстан маалымат чөйрөсүндө башка сапатка ээ болгон жаңы жана эски көйгөйлөргө туш болууда. Тышкы саясий чөйрөдө айрым мамлекеттер тарабынан республиканы дүйнөлүк маалымат мейкиндигинен сүрүп чыгаруу, маалымат чөйрөсүндөгү улуттук кызыкчылыктарды чектөө, анын ичинде өлкөнүн тышкы жана ички саясатын дискредитациялоо үчүн маалыматтык ресурстарды колдонуу аракеттери байкалууда.

Ал эми өлкөнүн ички саясатына келсек, бир жагынан ММКнын ачык мамлекеттик маалымат ресурстарына жетүүсү жана ички күчтөрдүн негизинен диний мүнөздөгү коопсуздукту бузуу аракеттери сыяктуу көйгөйлөр сакталууда. Экинчи жагынан, ММКлар Кыргызстандын маалыматтык согуштарга катышпоо жана маалымат каражаттарынын эркиндигин кыянаттык менен пайдаланбоо каалоосун бурмалоону улантууда.

Журналисттер тарабынан маалыматтык коопсуздукту атайылап бузуу фактылары - маалыматты мыйзамсыз чогултуу, таратуу, маалыматтарды манипуляциялоо, жалган маалымат берүү, жашыруу, пайда алуу максатында маалыматты бурмалоо, ошондой эле массалык маалымат каражаттарынын атайылап ката кетирүү фактылары бар алар өз кезегинде материалдык же психологиялык ресурстарды жоготуу алып келгени белгилүү.

Мындан тышкары, чет элдик коммерциялык структуралар медиа рыногунда монополияларды түзүү боюнча иш-аракеттерин активдештирүүдө. Рухий баалуулуктарды жоготуу, зордук-зомбулук жана ырайымсыздык культунун жайылуу маселеси чоң масштабда болуп жатканы байкалат. Мындай шартта сөз эркиндигин жана пикирлердин атаандаштыгын сактоо менен маалымат агымын иретке келтирүү - мамлекеттин учурдагы жана келечектеги негизги милдети болуп эсептелинет.

Улуттук жана анын маанилүү бөлүгү - маалыматтык коопсуздукту калыптандыруу көйгөйүнүн курчтугу жана өзгөчөлүгү өлкөнүн анын коопсуздугуна жаңы мамилелери менен шартталган. Маалыматтык коопсуздукка жаңы ыкмалар жаңы маалыматтык саясатты талап кылат.

Кыргызстан эгемен мамлекет статуска ээ болгондон кийин өзүнүн тарыхый кийинки этабына кадам шилтеп коомдук, саясий, экономикалык жана рухий өзгөрүлөр болууга массалык информация каражаттары зор ролду ойноду. Өлкөнүн турмушундагы өзгөрүүлөр массалык маалымат каражаттарынын калыптанышына жана өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизип, коомдук аң сезимде демократиялык принциптердин калыптанышына жана калктын ой жүгүртүүсүнүн жана маданий баалуулуктардын жаңы стандарттарына кайра багыт алышына шарт түзгөн. Рыноктук негиздерге өтүү ЖМК иштешинин ориентациясын жана принциптерин өзгөрүшүнө алып келди, ошондой эле республикада болуп жаткан процесстерди жана окуяларды чагылдырууда да болгон мамилесин өзгөрттүгө мажбур болушкан.

Мамлекеттик бийликтин децентралдаштыруу процесси жана демократиялык баалуулуктарды калыптандырууга коомдун умтулуусу Кыргызстандагы ЖМКнын жаңы түрлөрүнүн пайда болушуна таасирин тийгизген. Эгемен Кыргызстандын калыптанышынын процессинин өзүнүн өзгөчөлүгү бар десе болот. ЖМК басылмалардан рынок шарттарга ыңгайлашып, ишке ашыруу процессинде аман калышын талап болгон. Мамлекет маалымат каражаттарына монополиясын жогото баштады жана жеке мезгилдүү басылмалардын түзүлүшүнө жол берилген.

Азыркы Кыргызстандын тарыхында жалпыга маалымдоо каражаттары республиканын коомдук-саясий процесстерин чагылдырууда чоң роль ойнойт, анын ичинде өлкөдө болгон үч бийлик алмашууда негизги ролду ойнойт.

КР Конституциясында «Ар ким маалыматты эркин издөөгө, алууга, сактоого, пайдаланууга жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ар кандай жол менен жайылтууга укуктуу» [54]. Бул укуктарды сактоодо жана ишке ашырууда өлкөдөгү маалымдоо каражаттары маанилүү ролду аткарат. Кыргызстандагы эгемендүүлүк жылдарындагы маалымдоо каражаттарынын өнүгүү деңгээлин талдоодон белгилүү болгондой, кыргыз ММКлар саясат темасына өзгөчө көңүл бурат деп айтууга болот. Учурдагы рынок

экономикасынын шартында заман талабына жараша мамлекеттик жана жеке маалымдоо каражаттары, басма сөз каражаттары иштеп жатат. Эске салсак, Кыргызстандагы ММКлардын иши 1992-жылы кабыл алынган «Маалымдоо каражаттары тууралуу» КР мыйзамы менен жөнгө салынат [77]. Ошондой эле, КР 1997-жылдын декабрь айындагы «Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиктери» мыйзамында да Конституцияда көрсөтүлгөндөй, «Ар бир эркин адамдын маалыматты чогултуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка жол менен жайылтууга укуктуу» деп жазылган [78].

Учурда маалымат каражаттары социалдык институт катары мамлекеттин агентинин ролун аткарууну токтоттуп, мамлекеттик бюджеттен гана эмес, негизинен жеке таасирлерден да дотацияда турат. Маалымат каражаттарынын ишмердигинин негизин укуктук-ченемдик жана эл аралык келишимдер түзөт. Алар укуктук, кылмыш-жаза жана башка бир катар укук тармактарына ылайык келет. Ушуга байланыштуу «Маалымдоо каражаттары тууралуу» мыйзамы ММК жөнүндө мыйзамдардын концепциясына кирген ченемдик документтердин түрлөрүн аныктайт. Аталган мыйзам маалымат каражаттары тууралуу «Мамлекеттик сырды коргоо”, «Кесиптик ишти коргоо», «Жарнак жөнүндө», «Маалыматташтыруу тууралуу», «Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиктери» мыйзамдарды толуктайт. Негизинен өлкөдөгү жалпыга маалымдоо каражаттары маалыматтык саясий функциясын аткарат [79]. Жарандар жана бийлик органдары үчүн маанилүү окуялар тууралуу маалымат алуу жана жайылтуудан туруп, маалыматтар айрым фактыларды калыс, сүрөттүк чагылдыруу гана эмес аларга комментарий берүүнү жана баа берүүнү камтыйт. Алсак ММК тараткан маалыматтардын баары мисалы, аба ырайы, оюн-зоок, спорт ж.б. саясий мүнөзгө ээ эмес. Саясий жаңылыктарган коомдук мааниге ээ болгон жана мамлекеттик органдардын көңүл буруун талап кылган же аларга таасир берүүчү маалыматтар кирет [78]. Маалыматтардын негизинде жарандар өкмөттүн, парламенттин, партиялардын жана башка саясий институттардын иши тууралуу коомдук экономикалык, маданий-коомдук пикирлерин түзүшөт.

Кыргыз коомчулугунда ММК көзөмөлдөө функциясын аткарып, коомдук пикирге да, мыйзамга да таянат. Алар өз алдынча журналисттик иликтөө жүргүзүп, жыйынтыгында атайын депутаттык комиссия түзүлүп, кылмыш иштери козголуп, маанилүү саясий чечимдер кабыл алынат. Ошондой эле ММК саясаттагы жана коомдогу кемчиликтерди сындоо менен бирге конструктивдүү функцияны, коомдук кызыкчылыктарды, саясий субъектердин интеграциясын аткарат. Алар түрдүү социалдык топтордун өкүлдөрүнө өз пикирин билдирүүгө, пикирлеш адамдарды табууга, жалпы максаттарга жана ишенимдерге жетүүгө мүмкүнчүлүк берет. Көрсөтүлгөн маалымдоо каражаттарынын бардык функциялары түз же кыйыр түрдө алардын милдетин аткарат. Жалпыга маалымдоо каражаттары адамдардын аң сезимине жана ой жүгүртүүсүнө, баа берүүнүн ыкмаларына жана критерийлерине, саясий жүрүм-турумдун стилине таасир берүүчү чоң потенциалга ээ.

Жалпыга маалымдоо каражаттары мамлекеттин коомдогу «агенти» болуп саналат, алардын милдети коомго идеологиялык багыт берүү, коом менен мамлекеттин ортосунда ортомчу болуу менен мамлекеттик органдардын ишин ыкчам чагылдыруу.

Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы (мындан ары КТРК) мамлекеттик телекөрсөтүү катары республиканын калкын маалымат менен камсыздоочу маалымдоо борбору болуп саналат. 1996-жылы КР мамлекеттик телерадио комитет корпорация болуп түзүлгөн. Ошол мезгилдерде «Ала-Тоо» маалымат борбору, «Нур», «Ата-Журт» борборлору уюштурулган. Мурдагы «Манас» редакциясы өндүрүштүк бирикме болуп кайрадан түзүлгөн, «Айкөл» жаштар редакциясы, «Ата-Журт» коомдук-саясий, «Достук» элдердин достугу бирикмелери болуп аталган [80

Мамлекеттик телерадиоберүү корпорациясынын курамына 2001-жылы мамлекеттик телеберүү жана радио уктуруу, Республикалык телерадио борбор, Чүй, Ош, Жалал-Абад, Талас, Нарын, Ысык-Көл облустук телерадиокомпаниялар, «Кыргызтелефильм» студиясы, симфониялык оркестр

жана хор кирген. Ошентип рыноктук мамилелерге өтүү менен ММКны демократиялаштыруу, телекөрсөтүү жана радиоуктуруунун түзүлүшүнө жана уюштуруусуна өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынат. Телеберүү компания жоюлган башкы редакциялардын ордуна «Маалымат» жана «Рух» аталган эки продюсердик борбор, редактор кызматынын ордуна продюсер жаңы кызматы түзүлгөн. Башка кабарчы, баяндамачы жана комментатор кызматтары ошол бойдон сакталган. Тележурналисттер, кино ишмерлери өз алдынча жумуш топторун түзүп, ишмердүүлүктөрүн жүргүзө башташкан. Ушундай өзгөрүүлөр радио тармагында да жүргүзүлө баштаган. Мамлекеттик телерадиоберүү корпорациясы негизинен коом менен бийликтин ортосунда расмий маалымат таратуу менен маанилүү мамлекеттик деңгээлдеги иш-чараларды, жарлык, буйрук, өлкө президентинин эл менен жолугушууларын чагылдыруу менен элге маалымат берип турат. Мезгилдин талабына жараша тынымсыз өзгөрүлүп турган Мамлекеттик телерадио корпорациясы 2003-жылы КР Улуттук телерадиоберүү корпорациясы болуп аталып, (мындан ары УТРК) «Улуттук» статусун алган. 2006-жылы КР УТРК кайрадан Мамлекеттик телерадио комитети болуп, жетекчиси башкы директорлукка өзгөрдү [81]. Кыргызстандын телерадиоберүүсү республикадагы ар кандай саясий окуяларды жана кризистерди чагылдырып келет. 2005-жылы 24-мартта Бишкекте «жоогазын ыңкылабы» деп аталган окуяда оппозиция тарапкерлери Кыргызстандын улуттук телерадиоберүү корпорациясын (УТРК) басып алышкан. Дал ушул республиканын борбордук телеберүүсүнүн Бишкек шаарында болуп жаткан окуяларды түз алып көрсөтүү жүргүзүлүп, өлкөдө болуп жаткан окуялардан кабары жок аймактардагы калктын басымдуу бөлүгү ыкчам маалымат ала алды. Март окуясынан кийин коомчулук Улуттук телеберүүнү коомдук телеканалга айландыруу талабын коюшкан. 2006-жылдын 27-майында Бишкекте өткөн митингде нараазы тараптардын талаптарынын бири «Мамлекеттик телерадиокомпанияны (МТРК) Коомдук телевидениеге айландыруу» [34] болгон [1-б. 92].

2007-жылдын 26-мартында КР Президентинин «Мамлекеттик телерадиокомпанияны Улуттук телерадиоберүү корпорациясына айландыруу жөнүндө» Жарлыгы чыккан, анда «УТРК мамлекеттик телекөрсөтүү жана мамлекеттик мекеме статусуна ээ болгон радио уктуруу уюму, анын бөлүмдөрү менчиктештирүүгө жана мамлекеттик менчиктен ажыратылбайт» деп жазылган [82].

Көңүл бура турган нерсе, так ушул учурда 2007-жылдан 2009-жылга чейин Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын башкы директорунун кызматын белгилүү, прогрессивдүү жана патриот М.Эшимканов аркалаган. 2008-жылы КР Мамлекеттик телерадио комитети УТРК деп аталган.

Республиканын аймактарында да телерадиокомпаниялардын тармактары иш алып барган. 2008-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2008-жылдын 4-сентябрындагы Жарлыгына ылайык Улуттук телерадиоберүү корпорациясын түп-тамырынан кайра түзүү жүрүп, ага жараша облусттук телерадиокомпаниялар УТРКнын карамагынан чыгарылып, Маданият, маалымат министрлигине өткөн. Бирок УТРК өз кезегинде УТРК аймактардагы окуяларды чагылдыруу, аймактык телекомпаниялардын ишин координациялоо жана практикалык жардам көрсөтүү функцияларын аткарууну улантууда. Бул Жарлык менен УТРКнын Уставы бекитилип, анда 11 бөлүмдө жалпы жоболор, укуктар жана милдеттер, башкаруу органдарынын ишинин формалары, башкы директорду дайындоо тартиби жана 11 адамдан турган Байкоочу кеңеш түзүлгөн. Кеңештин бардык мүчөлөрү Президенттин сунушу боюнча Жогорку Кеңеш тарабынан бекитилген [83]. Ошондой эле УТРКнын курамында телепрограммалар дирекциясы, уктурууларды колдоо тобу, дикторлор тобу, телеоператорлор, үн инженерлери, юридикалык жана спорттук берүүлө, «Кыргызстан» программасы, коомдук фонддун башкы редакциясы түзүлгөн. Социалдык-экономикалык берүүлөр, корреспонденттик тармактар, балдарга арналган көрсөтүүлөрдү даярдаган борбор, дизайн борбору, «Санат», «Достук»,

«Кыргызвидеосериал» киностудиясы, текшерүү-техникалык контролдоо тобу түзүлгөн.

Өлкөдө УТРКдан тышкары аймактык телекомпаниялардын тармагы бар. Мисалы Чүй облусунда «Сары-Өзөн» телестудиясы, Ысык-Көл облусунда Мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын мамлекеттик телестудиясы, Нарында облустук телерадиокомпаниясы жана радиостудиясы, көз карандысыз «Аян» телестудиясы жана «Теңир-Тоо» радиостанциясы бар. Талас облусунда «ТНТВ» жеке менчик телеберүүсү, Жалал-Абад облусунда «ТРК» жана «Манас жаңырыгы» телерадиокомплекси иштеп башташкан.

Бирок, телерадиоберүү корпорацияны жаңылоо татаал каршылыка дуушар болгон. Реформа жүргүзүү саясаты кадрдык өзгөрүүлөр менен коштолуп, карама-каршылыктар жаралган. УТРКны жакшыртуу, берүүлөрдүн сапатын көтөрүү максатында жүргүзүлүп жаткан иштер айрым корпорациянын кызматкерлери тарабынан колдоого алынган эмес. М. Эшимкановдун кызматтан кетүүсүн талап кылуу менен жыйырмага чукул кызматкер ачкачылык акциясын жарыялашкан. Ал акцияны телекорпорацияны реформалоо жүрүп жаткандыгына жана жаңылануу жараянынын башталышына байланыштырган. Ошондой эле ачкачылык акциясынын катышуучулары М. Эшимкановду кызматтан алуу өтүнүчү менен президентке кат жолдошкон [84].

М. Эшимканов өз доорунун өзгөчөлүктөрүн чагылдырган, көрүнүктүү бирок ошол эле учурда карама-каршылыктарды жараткан инсан болгон. Коомдук ишмер С. Раев белгилегендей, М. Эшимкановду «кыргыз демократиясынын Бонапарты» деп атаса болот, көз карашы менен бир пикирге келбеген, абийир жана адеп мыйзамдарына таянган, карама-каршы жагдайларга карабай каршылык көрсөтүүгө, ошол эле учурда ага жетекчилик кылууга даяр болгон [85].

М. Эшимкановдун көз караштарына демократиянын баалуулуктары, башкаруунун тарыхый авторитардык салттары, уруучулуктун калдыктары, үй-бүлөлүк жана кландык байланыштарга үстөмдүк кылган Кыргызстандын

өнүгүүсүнүн өткөөл мезгилинин татаалдыгы жана бүдөмүктүүлүгү таасир эткен. М.Эшимканов бийликтин кысымдарына карабай ачык-айкындуулукту жактап, көз карандысыз жана демократиялык басма сөздүн салттарын түптөгөн. Жалпысынан анын көз караштарында мекенди сүйүү, авторитаризмди четке кагуу жана элдин кызыкчылыгын коргоо, бийликти сындоо жана тынчтыкты сактоого умтулуу болгон. Ушул принциптерге таянып мамлекеттин маалымат саясаттын УТРК аркылуу жүргүзүгө аракет жасаган.

Суверендүү Кыргызстандын телеберүүсүнүн өнүгүү тарыхында Ф. М. Чернов белгилегендей, өлкөнүн маалымдоо каражаттары болгон теле жана радионун жетекчилиги менен борбордук бийликтин ортосундагы мамилелердин өзгөрүүсүнөн турат: түшүнбөстүктөр жана тирешүүлөр болуп, кайра кызматташып иштөө мезгили менен коштолуп турат. Көз карандысыз маалымат каражаттарына каршы ачык репрессиялык чаралардын пайдасыздыгын түшүнгөн өкмөт аларды экономикалык рычагдарды: субсидияларды, бонустарды, кошумча төлөмдөрдү, салыктарды көбөйтүүнү, телерадио студиялардын каржылык эсептерине мамлекеттик үлүшүн көбөйтүүнү колдонуу менен баш ийдирүүнү чечишкен» [86,116].

2010-жылдын апрель айындагы саясий кризис жана бийликтин алмашуусу Улуттук телерадиокорпорацияны коомдук болуп өзгөртүүнүн башталышы болуп калды. Белгилүү болгондой, бул чечимдин кабыл алынышына саясий бийликтин алмашуусу, Бакиевдердин үй-бүлөлүк-кландык башкаруусунан президенттик-парламенттик башкаруу формасына өтүшү, ошондой эле саясий партиялардын лидерлеринин активдүүлүгү түрткү болду.

КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдагы Декрети менен, УТРК Коомдук телерадиоберүү корпорациясы болуп өзгөртүлүп, мамлекеттик эле эмес, коомдук пикирди да билдирүү башкы милдети болгон [87].

КР Президентинин 2010-жылдын 25-августтундагы № 144 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын

15 адамдан турган Байкоочу кеңеши дайындалган. Жогорку бийлик органын - Коомдук байкоочу кеңешти түзүү принцибинин өзү квалификациялуу жана профессионалдуу иштерди жасаганы коомчулукта кеңири резонанс жаратты. Бул окуя өзүнүн коомдук-саясий мааниси боюнча Кыргызстан үчүн маалыматтык коомду куруууга жасалган чоң кадам болду. Байкоочу кеңештин төрагалыгына Э. Сариева шайланган. Байкоочу кеңештин милдети КТРКнын башкы директорун тандоо милдети жүктөлгөн жана бул кызматка К. Оторбаев дайындалган.

Кыргызстанда өлкөнүн маалымат саясатын жүргүзүүгө багытталган мамлекеттик аймактык маалымдоо каражаттары өлкөнүн маалымат саясатын ишке ашыруучу компонент болуп саналат. КР 2015-жылдагы №834 бекитилген токтомуна жараша 600гө жакын кызматкер эмгектенген региондук телеберүү уюмдары УТРКнын карамагына өткөрүлгөн. Мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзгөн медиаларга «Пирамида», «5-Канал», аталган 7 облустук телерадиокомпания, УТРКнын 6 каналы, ЭлТР телеканалы кирет; республикалык гезиттер - «Кыргыз Туусу», «Эркин-Тоо», «Слово Кыргызстана» жана 12 областтык гезит; президентке караштуу -мамлекеттик «Кабар» маалымат агенттиги кирген [88]. 2008-жылы КР Мамлекеттик телерадио комитети кайрадан Улуттук телерадиоберүү корпорациясы деп аталган [89].

Кыргызстандагы 2005 жана 2010-жылдардагы саясий окуялар көрсөткөндөй, маалымат мейкиндигинде түрдүү коомдук-саясий акторлордун ажырымы курчуган. Бул бөлүнүүнүн натыйжасы саясаттын социалдык реалдуулуктан маалыматтык мейкиндикке өтүүсү болуп, биринчиден бул өз кезегинде массалык маалымат каражаттарынын жана коомчулук менен байланыш институттарынын саясий ролунун тынымсыз өнүгүүсүнө шарт түзүлгөн. Экинчи жактан, учурда мамлекет менен коомдун ортосунда гана эмес, алардын образдарынын, бренддеринин ортосундагы атаандаштык маселеси жаралган.

Өлкө калкын туура жолго салып, өнүгүүгө мобилизациялоого тийиш болгон эң маанилүү маалымат каналы идея жана бийлик үчүн күрөштүн жайына айланган. Кыргызстандагы башкаруунун демократиянын баалуулуктарын калыптанышына тарыхый авторитардык салттар, трайбализм калдыктары, жакын үй-бүлөлүк жана кландык байланыштар үстөмдүк кылганы эгемен республиканын түзүлүшүнө татаалдыкты жараткан. Бул процесстердин бардыгы УТРКнын кадр саясатына жана маалыматтык ишмердүүлүгүнө терс таасирин тийгизди. Негизги телеканал тынымсыз статусун жана программалардын мазмуну, кадрдык курамы да өзгөрүп турду.

Мына ушул карама-каршы саясий процесстердин баары, саясий партиялардын жана топтордун күрөшү Кыргызстандын маалымат мейкиндигинде түрдүү идеялардын жана максаттардын мозаикасын жаратып, жарандардын адеп-ахлактык аң сезимине терс таасирин тийгизген.

Кыргыз Республикасынын «Улуттук телерадиоберүү корпорациясы» жөнүндө мыйзамда (30.04.2022-ж. №33) көрсөтүлгөндөй, корпорациянын максаты жана милдети төмөнкүлөр:

- коомдук ынтымакты, тынчтыкты жана коопсуздукту, анын ичинде маалыматтык коопсуздукту жана мамлекеттин бүтүндүгүн сактоого багытталган улуттук маалыматтык саясатты ишке ашыруу;

- улуттар аралык ынтымакты, жарандардын биримдигин жана ынтымагын сактоого жана чыңдоого көмөктөшүү;

- Кыргыз Республикасынын бирдиктүү маалыматтык телерадиоберүү мейкиндигин түзүү жана анын дүйнөлүк маалыматтык процесстерге киришин активдештирүү;

- ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга маалыматтык саясатты жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын кадыр-баркын көтөрүүгө көмөк көрсөтүү;

- Кыргыз Республикасы, анын ички жана тышкы саясаты, өлкөдө жана чет өлкөлөрдө болуп жаткан процесстер жөнүндө объективдүү маалыматтарды таратуу, расмий билдирүүлөрдү таратуу;

- Кыргыз Республикасындагы жана чет мамлекеттердеги мамлекеттик бийлик органдарынын иши, социалдык-саясий жана башка окуялар жөнүндө коомчулукка ыкчам маалымат берүү;

- журналистиканын жогорку стандарттарын, толеранттуулук, ар бир адамдын укуктарын сактоону камсыз кылуу;

- балдар жана жаштар үчүн билим берүүчү, тарбиялык телерадиопрограммаларды өнүктүрүү;

- мамлекеттик бийликтин бардык бутактарынын иштерин бирдей чагылдыруу, айрым мамлекеттик органдарга жана уюмдарга артыкчылыктуу абалды түзүүдөн качуу [90]. Изилдөөдөн жана мыйзам базасын карап чыгуудан белгилүү болгондой, УТРК өз максаттарын жана милдеттерин аткарууда. Анткени ар бир өлкөнүн мамлекеттик телеканалдарындай эле УТРК мамлекеттик бийликтин, өлкөнүн кызыкчылыгын коргойт. Маалыматтык таасир берүүлөр, МКТнын өнүккөн шартта УТРК мындай өз милдеттерин аткарбаса мамлекеттин бүтүндүгүнө, жарандардын аң сезимине терс таасирлер жаралмакчы.

**Жыйынтыктоо:** Изилдөөдөн белгилүү болгондой, дүйнө өлкөлөрү менен катар Кыргызстандын саясий турмушунда маалымдоо каражаттары негизги орунга ээ болууда. Анткени, маалымдоо каражаттары мамлекеттин коомдогу «агенти» болуп саналат, алардын милдети коомго идеологиялык багыт берүү, коом менен мамлекеттин ортосунда байланышты чындоо менен ишин чагылдыруу болуп эсептелет. Өлкөнүн маалымат мейкиндиги ар кандай маалыматтык коркунучтарга туш болууда. Республикада басымдуу маалымдоо каражаттары ар кандай сырткы күчтөрдүн таасирине туруштук бере албай, өлкөнүн маалымат коопсуздугун дээрлик камсыз кыла албай келишкен.

Кыргызстандын турмушундагы саясий өзгөрүүлөр жана кризистер массалык маалымат каражаттарынын калыптанышына жана өнүгүшүнө терс таасирин тийгизген. Эгемендүүлүк жылдарынан тартып, рыноктук шартка ылайыкташкан мамлекеттик жана жеке менчик маалымдоо каражаттары коомду маалымат менен камсыздоо маалыматтык функциясын аткарууга аракет жасашат.

Мамлекеттик бийликтин, башкаруу органдарынын ишмердүүлүгү маалымдоо каражаттарында чагылдыруу менен элдин сынына коюлуп, ага карата коомдук ар түрлүү пикир жаралууда. Мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзүп, коомчулукка расмий маалымат жеткирүүдө КР Улуттук телерадиоберүү корпорациясы мамлекеттин маалымат борбору болуп эсептелет. Эгемен Кыргызстандын тарыхындагы саясий кризистерде (2005, 2010, 2020-ж.) наарызы тараптар УТРК телеканалга ээлик кылуу аракетинин себеби да, өз саясий пикирин коомчулукка жеткирүү аракети катары аныктаса болот. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, аймактык телеканалдардын УТРКнын курамына 2001-жылы киргизилип, кайра 2008-жылы кайрадан чыгарылышы маалымат саясатын жүргүзүүгө терс таасирин тийгизген. 2010 жана 2023-жылдардагы өлкөдөгү негизги каналдын статусу учурдагы бийликтин саясатын жүргүзүп келген.

Корпорациянын тарыхында М. Эшимкановдун (2007-2009-ж.) реформа жүргүзүү ишмердүүлүгү катуу сынга алынган, себеби аймактык телеканалдарды УТРКнын курамынан чыгарылган, саясий-социалдык, коомдук-экономикалык берүүлөр жаңы форматта иштей баштаган, ошондой эле кадрдык чоң өзгөрүүлөр болгон. М. Эшимканов бийликтин үстөмдүк кылуусуна карабай, ачык-айкындуулукту жактап, көз карандысыз жана демократиялык принциптерди карманган маалымдоо каражатына айландыруу аракетин коргон.

2010-жылдагы бийликтин алмашуусу УТРКны Коомдук телерадиоберүү корпорациясы болуп өзгөрүүсүнө алып келди. Курамында 15 адамдан турган Байкоочу кеңеш түзүлүп, ага КТРКнын башкы директорун

дайындоо милдети жүктөлгөн. Бирок Коомдук канал өз максатына жетпей, 2023-жылы кайрадан Улуттук канал болуп өзгөрдү. Облустук телеканалдар УТРКнын курамына кайтарылып, өлкөнүн маалымат саясатын жүргүзүүчү негизги канал катары иш алып барууда. Телерадиоберүү корпорация жана анын аймактардагы филиалдары үчүн негизги саясий актолордун ортосунда тынымсыз саясий күрөш болуп турган. Телекорпорациянын маалыматтык ишмердүүлүгү мамлекеттин суверендүүлүгүн сактоодо стратегиялык мааниси зор. Улуттук баалуулуктарыбызды, кызыкчылыктарыбызды сактоого багытталган маалыматтык саясат маалымдоо каражаттары тарабынан аткарылбаса өлкөнүн бүтүндүгүнө, эгемендүүлүгүнө коркунучтар пайда болмокчу. Маалымат коопсуздукту камсыздоодо мамлекеттик саясаты технологиялык жана мазмундук багыттан жүргүзүүнү талап кылат. Маалымат коопсуздугун камсыз кылууда маалымдоо каражаттарынын коомдо туруктуулукка жетүүдөгү, улуттук кызыкчылыктарды сактоодогу негизги каражат катары мамлекеттик өнүгүү стратегиясын, адеп-ахлактык жана руханий баалуулуктарды таркатуу жана пропагандалоо каражаты катары кароого болот.

# III БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МААЛЫМАТТЫК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО ЖААТЫНДАГЫ САЯСАТТЫН АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

## 3.1. Кыргызстандын маалыматтык коомунун өнүгүшүнө заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын таасири

XXI кылымда маалыматтык-коммуникациялык технологиялар заманбап коомдун турмушунда маанилүү орунду ээлейт, коммуникация каражаттары маалыматтык коомдун технологиялык негизи катары маалыматтык ааламдашуу процессин тездетип гана тим болбостон, адамдардын дүйнө таанымына жана психологиялык абалына да таасирин тийгизүүдө.

Е. Полиновская белгилегендей, жаңы коммуникация каражаттары коом жана жарандардын жашоосунун бардык катмарларында кеңири өзгөрүүлөргө алып келди. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (мындан ары МКТ) маалымат алуунун жаңы каражаттарын жана маалымат талаасында жаңы байланыштарды пайда кылды, алар өз учурунда коомдун баалуулуктар системасында жаңылануууларды пайда кылды [91].

МКТ Кыргызстанда анын социалдык-экономикалык жана социалдык-маданий өзгөчөлүктөрү менен аныкталуучу маалыматтык коомдун өнүгүшүнө таасир этүүчү негизги факторлордун бири болууда. Эгемендүү Кыргызстанда калктын турмушунун бардык чөйрөлөрүндө, анын ичинде байланыш инфраструктурасында маанилүү өзгөрүүлөр болду. Маалыматташтыруу боюнча улуттук саясатты ишке ашыруу максатында ар тармактуу иштер жүргүзүлдү: маалыматтык иш-чаралар, өнүктүрүүнүн программалары, мыйзам базасы түзүлдү.

КР Өкмөтүнүн 2001-жылдын 8-ноябрындагы Токтому менен «КР маалыматтык – коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү программасы” бекитилген [91]. 2002-жылдын март айында КР Президенти «КР өнүктүрүүнүн маалыматтык-коммуникациялык технологиялары» улуттук стратегиясы кабыл алынган. Бул документтерде үч негизги багытка артыкчылык берилген:

электрондук өкмөт, электрондук билим берүү жана электрондук экономика [93].

Белгилүү болгондой заманбап маалымат коомун өнүктүрүүдө маалыматтык технологиялардын жана байланыштардын ролу чоң. Кыргызстандын коомдук турмушундагы бардык процесстерди мамлекеттик институттар маалыматтык технологияларды колдонуу менен ишке ашырышкан. Мисалы С.Е. Ковалев белгилегендей, заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялар маалыматты өндүрүү ыкмаларын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн гана эмес, бош убакытты колдонуу, балдарды тарбиялоону жана башка процесстерди толук түрдө өзгөртөт. Маалымат технологиялар коомдун социалдык түзүлүшүндө, экономикадагы өзгөрүүлөргө, демократиялык институттардын өнүгүшүнө чечүүчү таасирин тийгизет [94].

Жаңы медиа коммуникациялардын пайда болушу менен маалыматтык кызматтарга суроо-талап өсүүдө. Жогорку технологиялардын тез өнүгүшү, интернеттин жана уюлдук байланыштын калкка жеткиликтүүлүгү заманбап кыргызстандыктар үчүн эң маанилүү фактор болуп калды. Уюлдук телефондор, ноутбуктар, планшеттер, факстар, оюн залдары заманбап кыргызстандыктардын атрибуту болуп баратат.

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар заманбап коомдун маданиятына, ал аркылуу негизги социалдык институттарга, экономикага жана саясатка тийгизген таасири кеңири масштабда жана күтүүсүз кесепеттерге ээ болууда деп Е.В. Радевич белгилейт [95].

МКТ дүйнөнүн, анын ичинде Кыргызстандын маалымат коомунун өнүгүүсүнө, маалымат алуунун жаңы булактарынын пайда болушуна шарт түзүүдө. Кыргызстандын медиа мейкиндигиндеги салттуу маалымдоо каражаттары баштапкыдай өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөнү менен мурдагыдай атаандашдыкка туруштук бере албай калышты. Учурда социалдык тармактар маалымат алуунун негизги булагына айланып, маалымат менен дайыма, ар бир

мүнөт сайын үзгүлтүксүз толукталып, колдонуучулардын суроо-талабына, табитине жараша маалыматтар берилүүдө.

Жаңы ММКнын ар түрдүүлүгү жана улам жаңылануусу бир эле учурда өзүнө тартат жана коркунуч жаратат. Бүгүнкү күндө республикада мобилдик байланыш тез өнүгүп жатат. Кыргызстанда уюлдук байланыш 1994-жылы пайда болуп, 2000-жылы абоненттердин саны 10 миңди түздү. Учурда кырдаал өзгөрдү, мобилдик абоненттердин саны өлкөнүн калкынан ашып кетти. Эгерде 2012-жылы уюлдук байланыш абоненттеринин саны 6 миллион 325 адамды (Улуттук статистикалык комитеттин 2017-жылдын башына карата маалыматы боюнча калктын саны 5 миллион 751 адамды түзгөн). Уюлдук байланыш колдонгон SIM-карта ээлеринин саны 7,49 миллион адам болгон (6,08 миллион адам). Улуттук статистикалык комитеттин 2022-жылдагы маалыматы боюнча Кыргызстанда 7 миллион 438 миң уюлдук байланыш абоненттери бар [96].

Бул уюлдук колдонуучулар бир мезгилде бир канча операторлордун абоненттери экендиги менен түшүндүрүлөт. Заманбап көп функциялуу уюлдук телефон адамдын жашоосун өзгөртүп, аны мобилдүү, ийкемдүү кылууда. Мобилдик байланыш коомдун ажырагыс бөлүгү болуп калды. Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар уюлдук телефондордун пайда болушу калкты массалык коммуникациялоонун, маалыматты иштеп чыгуунун эффективдүү каналына айланып, адамдарды «жалпы жан дүйнөсү» бар топко айлантат. Бул калктын коомдук-саясий активдүүлүгүнүн өсүшүнө шарт түзгөн [97].

2017-жылы Кыргызстан Борбор Азияда биринчилерден болуп санариптик эфирдик телеберүүнү колдонуп, пилоттук долбоорду ишке ашыруу 2008-жылы эле башталган. 2011-жылы Баткен облусунда Санариптик телеберүүгө өтүү боюнча мамлекеттик программа кабыл алынды. Расмий маалыматтар боюнча, учурда санариптик жер үстүндөгү телеберүү өлкө калкынын 95% камтыйт [98,130].

КР Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Байланыш тармагын тартипке келтирүү жана көзөмөлдөө кызматынын маалыматы

боюнча, 2021-жылы Интернет телекөрсөтүү (IPTV) абоненттеринин саны 2017-жылга салыштырмалуу 1,6 эсеге көбөйүп, 39 миңден ашкан, ал эми санариптик берүүнүн абоненттери бул мезгилде 1,2 эсеге көбөйүп, 20 миңден ашыкты түздү [99]. Бул көрсөткүч өлкөдө интернет тармагынын жайылышынан жана жарандар тарабынан маалымат алуунун булагына айланып жаткандыгынан кабар берет. Интернет сайттар, социалдык тармактар аркылуу улуттук контентти жайылтуу азыркы учурда актуалдуу. Белгилүү болгондой, теле, радио жана басма сөз учурда интернет тармагынан артка чегинип, маалымат таратуу жагынан экинчи планга чегинүүдө.

Телерадиоберүү тармагынын жаңы тармактары, ошондой эле телеканалдар үчүн санариптик стандарттарга негизделген аудиовизуалдык маалыматтын жаңы ыкмалары пайда болду. Интернет тармагынын өнүгүшү менен бардык мамлекеттик органдарда, мекемелерде МКТ менен камсыздалган жана алардын ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар жайгашкан мекемелик веб-сайттары, социалдык тармактарда өздүк баракчалары бар. 2019-жылдагы World Economic Forum рейтингинде Кыргызстан МКТнын өнүгүү деңгээли боюнча 141 өлкөнүн ичинен 65-орунга ээ болду [100].

Республикада 2024-жылы санариптик экономиканы өнүктүрүүгө 600 миллион сом бөлүнөт. Бул каражаттар өлкөдө санариптик трансформация долбоорлорун ишке ашырууга багытталмакчы, бул 2023-жылга караганда 100 миллион сомго көп деп Каржы министирлиги белгилеген [101]. Бөлүнгөн каражаттар жаңы маалыматтык системаларды жакшыртууга жана өнүктүрүүгө, ошондой эле маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча мамлекеттик борбордун курулушуна жумшалмакчы.

Учурда бардык мамлекеттик кызматтар «Түндүк» түзүмү аркылуу санарипке өтүп, интернет аркылуу жеткиликтүү болушу калк үчүн ыңгайлуу болууда. Мекемелердин ортосундагы электрондук өз ара аракеттенүүнүн сапатын жогорулатуучу «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасы, «Түндүк» мекемелер аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасында маалыматтык системалардын өз ара

аракеттенүүсүнө талаптар бекитилген жана бүгүнкү күндө да иш алып барууда. МКТ жашоо образын, иш стилин, инсандар аралык байланыш системасын өзгөрттү. Ушуга байланыштуу маалымат жаңы, ар түрдүү форматтарда жеткиликтүү болуп, заманбап коомдун кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Коомдо маалымат интеграциялык, коммуникативдик жана когнитивдик функцияны аткарып, коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүнө: саясатка, экономикага, маданиятка жана адамдардын жашоосуна жана коопсуздугуна таасир этүүдө.

Интернет кызматтары жыл сайын жигердүү өсүүдө жана өлкөнүн бүт аймагын камтып тынымсыз кеңейүүдө. Тактап айтканда, мамлекеттик кызматтарды аралыктан алуу өнүгүп жатат, көптөгөн ЖОЖдор аралыктан окутуу системасын киргизди, бардык банктарда интернет-банктар, электрондук төлөм жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү бар. Интернет аркылуу аралыктан иштөө, клиникада электрондук каттоо, электрондук учак билеттери, такси кызматтары ж.б.

Бул маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүүсү мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана коомдун турмушунун бардык тармактарында олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди. Калк азыр байланыш кызматтарынын жана телерадиоканалдардын кеңири спектрин тандап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Өлкөдө уюлдук байланыш жана интернет рыногу активдүү өнүгүп, Интернет колдонуучулардын санынын тез өсүшү байкалууда. Инсан менен коомдук-саясий чөйрөнүн өз ара аракеттенүүсүнүн системасы катары анын чоң потенциалы бар. Интернет заманбап адамдар тарабынан байланыш каражаты катары кабылданат жана учурдагы окуялар жөнүндө маалыматтан баштап олуттуу изилдөөлөргө чейин кеңири спектрдеги маалыматтардын чоң банкы болуп саналат.

Кыргызстанда медиа колдонуу боюнча изилдөөнү Медиа-К Интерньюс долбоорунун колдоосу менен M-Vector компаниясы жүргүзгөн. 2023-жылдын ноябрында аталган компания калк арасында «Кыргызстанда медиа колдонуу»

боюнча социологиялык сурамжылоо жүргүзүп, декабрь айында маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө, коомчулукка жарыялашкан [52]. Бул параграфта ушул компаниянын социологиялык изилдөөсүнүн жыйынтыктары колдунулган. Социологиялык изилдөөгө 14 жаштан жогорку курактагы 3636 респондент жана эркектер да, аялдар да катышкан. Иликтөө Кыргызстандын аймагы боюнча 165 калктуу конуштарда жүргүзүлгөн. Маектешүү кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде өткөн.

Бардык социалдык-демографиялык топтор менен калктын катмарларын камтыган изилдөөдөн элдин маалыматка болгон суроо-талабын, маалымат алуу булактарын жана жаңы технологияларды колдонуу шарттарын билүүгө болот. Сурамжылоого катышкан респонденттердин үй-бүлөлөрүндөгү негизги сүйлөшүү тили болуп кыргыз тили эсептелип 73 пайызды түзөт, орус тилинде 12%, өзбек тилинде 11% үй-бүлө сүйлөшөт. Ошондой эле сурамжылоого катышкандардын 94 пайызынын чөнтөк телефондору бар жана ал аркылуу орточо эсепте күнүнө эң аз дегенде бир жолу интернет колдонот. Бүгүнкү күндө социалдык тармактар маалымат алуунун негизги каналы болууда муну социологиялык изилдөөдө 53% респонденттер тастыктаган, ал эми телеберүү 36% жана Интернет болсо 32% түзгөн. Биринчи диаграммада көрсөткөндөй, социалдык тармактар биринчи орунда, экинчи орунда телеберүү жана үчүнчү орунда Интернет, төртүнчү орунда мессенджерлер, бешинчи орунда достор, тааныштар, туугандар аркылуу маалымат алуу турат. Ошондой эле радиодон маалымат алуу 3% жана басылма маалымат каражаттарынан 2% түзөт. Бүгүнкү күндө жаңылыктар түрдүү булактары, окуянын күбөлөрү, блогдор жана Интернет тармактары аркылуу тездик менен тарайт. Ошондуктан салттуу журналистика коркунучта деп айтууга болот. Маалымдоо каражаттары индустрия катары жаңылыктарды даярдоо жана таркатуу бир күндү талап кылса, азыр абал өзгөрдү. Маалыматтарды жыйноо, тактоо, талдоо жана көргөнгө ылайыктоо (визуалдаштыруу) – бул биз көрбөй жаткан, бирок ааламдашуу шартында баалуулугу өсүп бараткан көрүнүштөр.

**1-диаграмма:** Медиа колдонуу жана маалымат алуу каналдарына ишенүү деңгээли [52,82]




Өлкөнүн жашоочусу орточо эсеп менен бир күндө телеберүү көрүүгө 1 саат 45 мүнөт убактысын коротот. Медиа тармактарынан алган маалыматтарга болгон жарандардын ишеничи 10 баллдык көрсөткүчтүн 6,17 баллын түзөт. Радио угармандар 7,2 баллды, мессенджер аркылуу маалыматтарга болгон ишеним эң төмөнкү көрсөткүчтө болуп 5, 65 баллды түзөт. Белгилей кетсек, суралган жарандардын 79 пайызы жаңылыктарга кызыгыша, ал эми 33 пайыз үчүн медиа тармагында жаңылыктар негизги контент болуп саналат. Изилдөөгө катышкандардын 18% эле уккан бардык маалыматтарына ишенет, 49% негизинен тактап текшерүү менен ишенет. Телевидениеге боюнча белгилүү болгондой, телекөрсөтүү контентине көңүл буруу 2017-жылга салыштырмалуу 2023-жылы төмөндөө тенденциясында. Изилдөөгө катышкандардын 89 пайызынын телевизорлору бар.

Экинчи диаграммада көрсөткөндөй, учурда телекөрүүчүлөрдүн саны 88%дан 65%га чейин төмөндөгөн. Сурамжылоодон белгилүү болгондой, интернет колдонгондор 5 пайыздан (2017-ж.) 17 пайызга (2023-ж.) чейин кеңейген, мында кабелдик телекөрсөтүү 2 пайыздан 8 пайызга чейин көтөрүлгөн. Спутник берүүнү эл колдонбой калганы байкалган (1%, 2017-ж. - 6%). Телефон, планшет, компьютер аркылуу телеканалдарды көрүү 25 пайызды түзгөн.

**2-диаграмма:** Сурамжылоого катышкандардын маалымат алуу булактары [52, 30].




Практикалык изилдөө көрсөткөндөй, телеберүүнү кыргыз тилинде көрүүчүлөр, орус тилине караганда көп, аймактарда негизинен кыргыз тилинде көрүшөт. Телеканалдар арасында күнүмдүк аудиторияны камтуу боюнча боюнча алдыңкы орунда УТРК - 7,17% түзөт, УТРК Ала-Тоо 24 - 5,58% жана УТРК Баластан телеканалдары - 4,78% түзөт. Эл аралык республикалык институттун (IRI) Кыргызстандагы Аналитикалык изилдөө борбору (CISR) кыргызстандыктардын арасында сурамжылоо жүргүзгөн улуттук репрезентативдик изилдөөлөрдүн маалыматтарын активдүү колдонгон. Маалыматтар 2023-жылдын 21-декабрынан 2024-жылдын 19-январына чейин компьютер аркылуу чогултулган. Кыргызстандын 18 жаштан жогорку курактагы 1500 тургундарынын (респонденттердин) жашаган жери боюнча жеке интервью аркылуу алынган [102] изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча УТРК жана «Ала-Тоо 24» телеканалына көрүүчүлөрдүн ишеними жогору, бул көрсөткүчтөр M-Vector_Media компаниясынын изилдөсү менен далилденүүдө. «Ала-Тоо 24» телеканалы учурда кыргызстандыктарды жергиликтүү маалыматтар менен 24 саат бою камсыздап турат.

**3-диаграмма:** Респонденттердин төмөнкү каналдардын маалыматтарына жана саясий жаңылыктарына ишенүү деңгээли




3 - диаграммада көрсөтүлгөндөй, телекөрүүчүлөр УТРКга 23 пайыз, «Ала-Тоо 24» телеканалына 12 пайыз ишеним көрсөткөн. Төртүнчү диаграмма берилгендей, радио аудиторияны изилдөөнү карасак, бир жумалык радио аудитория 2023 жылы - 34 пайызды түзөт. Ал эми 2017-жылы бул көрсөткүч 61% түзгөн. Радио угуучулардын санынын кескин төмөндөөсү интернет

аркылуу музыка угуучулардын көбөйүшүнө байланыштуу болууда. Учурда радионун жарым жылдык аудиториясы 43% түзөт, бул көрсөткүч 2017-жылы 76 пайыз болгон.

Төртүнчү диаграмма берилгендей, радио аудиторияны изилдөөнү карасак, бир жумалык радио аудитория 2023-жылы 34 пайызды түзөт. Ал эми 2017-жылы бул көрсөткүч 61% түзгөн. Радио угуучулардын санынын кескин төмөндөөсү интернет аркылуу музыка угуучулардын көбөйүшүнө байланыштуу болууда. Учурда радионун жарым жылдык аудиториясы 43% түзөт, бул көрсөткүч 2017-жылы 76 пайыз болгон.

**4-диаграмма:** Радионун өлкө аймагын камтуусу [52, 48]




Өлкөдөгү радионун 71% аудиториясы кыргыз тилинде, 24% орус тилинде радио берүүлөрдү угушат. Учурда радиоуктуруулар калктын экономикалык активдүүлүгүнө жана руханий өнүгүүсүнө, жарандык коомдун институттарынын өнүгүшүнө жана социалдык стабилдүүлүккө таасир берүүчү эң маанилүү массалык маалымат каражаттары болуп саналат. Радиоберүүлөрдү өнүктүрүү улуттун маданий мурастарын, анын тарыхый каада-салттарын, коомдук жашоонун ченемдерин сактоону, патриоттуулукка тарбиялоону жана моралдык баалуулуктарды коргоону камсыз кылууга багытталган.

**5-диаграмма:** Радио угуудагы артыкчылыктуу тилдер [52, 50].




Радио угуучулардын болжол менен төрттөн бир бөлүгү (тандалган 34 пайыздын 8 пайызы радиону транспортто угат. Угармандарды радиого кызыктырган негизги эки мазмун бул кабарлар менен музыка болуп саналат. Бардык музыка стилдеринин ичинен көпчүлүк угармандар классикалык жана ретро музыкага артыкчылык беришет.

Кыргызстан боюнча орточо жумалык аудиторияда эң мыкты үч радиостанция кирди, алар: Кыргызстан Обондору (9,8%), Europe Plus (7,6%), Миң Кыял FM (6,8%). 2017-жылдан бери бул көрсөткүч өзгөргөн жок, «Европа Plus» менен «Миң Кыял FM» радиосу рейтингде орун алмашты. Европа Plus радиосун Бишкектеги угармандары (14%), «Кыргызстан обондорунуку» (11,9%), «Авторадио» (10%) түзөт жана бул көрсөткүчтөр аркылуу аудиторияны камтууда маанилүү фактор болуп автоунаа эсептелет. Автоунаасы бар үй-бүлөөлөрдөн турган жумалык радио аудитория 39%, автоунаасы жоктор 27% түзөт.

Изилдөөдө Интернетке өзгөчө басым жасалган, анткени бүгүнкү күндө Кыргызстандагы интернет аудитория 91% жетти. Аймактарда 87 пайыздан (Баткен облусу) 95 пайызга (Бишкек) чейин өзгөрөт. Респонденттердин 83% интернетти күн сайын колдонот. Ошондой эле өлкөдө 15 жаштан жогорку курактагы калктын 63 пайызынын интернет колдонуу мүмкүнчүлүгү бар. Бул көрсөткүчтөр 6-диаграмада көрсөтүлгөн.

**6-диаграмма:** Кыргызстан боюнча интернет колдонуучулар пайыздык көрсөткүчү [52, 74]




Сурамжылоого катышкан үй-бүлөлөрдүн 94 пайызынын интернетке кирүү үчүн колдонулуучу смартфондору бар. Ошондуктан интернет аркылуу маалымат алуунун пайыздык көрсөткүчү да өсүүдө. Кыргызстан боюнча 2013-жылы интернет колдонуу 39 пайызды түзгөн болсо, 2023-жылы 91 пайызды түздү. Үй-бүлөлөрдүн 20 пайыздан азырагында компьютер же ноутбук жок. Респонденттердин 88% ар кандай мессенджерлерди колдонушат. Эң алдыда WhatsApp (87%), андан кийин Telegram кыйла артта (43%) турат.

Жетинчи жана сегизинчи диаграммада көрсөтүлгөндөй, респонденттердин 83% YouTube платформасын музыка жана кино көрүү үчүн бирдей колдонушат. Кыргызстанда Youtube көрөрмандарынын 48% видеолорду кыргыз тилинде, 45% орус тилинде көрүшөөрү белгилүү болду.

**7-диаграмма:** Youtube колдонуунун көрсөткүчү



**8-диаграмма:** Youtube колдонуу тилдери [52, 74]




Жарандар маалыматтардан башка музыка, фильм көрүүдө акы төлөнүүчү видео, аудио кызматтарды көп колдонушпайт. Мында россиялык Кинопоиск кызматы биринчи орунда турат, Yandex.Music кызматтары да колдонулат. Респонденттердин 18% Кыргызстандын маалымат сайттарынан маалымат алып, жаңылыктарды окушса, 5% чет элдик маалымат сайттарын окушат. Кыргызстандын маалымат сайттарынан жаңылыктарды окугандардын үчтөн эки бөлүгү кыргыз тилинде, үчүнчү бир бөлүгү орус тилине артыкчылык берет. Кыргызстандагы маалымат сайттардын ичинен көрүмдүүлүгү жактан эң алдыңкы орунда Азаттык радиосу (9%), кийинкиси Kaktus.media (5%) жана Super.kg (4%) сайты турат.

**9-диаграмма:** Кыргызстандагы алдыңкы маалымат сайттар [52, 87]



Заманбап компьютердик технологиялардын өнүгүүсүнө байланыштуу өлкөдөгү калктын 77 пайызы социалдык тармактарды колдонот. Аймактарда, мисалы Ош, Баткен облустарында бул көрсөткүч 68 пайыздан 85 пайызга (Бишкек) чейин айырма бар. Эске салсак, 2017-жылдан бери бул сандар 31 пайыздык пунктка өскөн. Өзгөчө жаштар арасында 14-24 жаштагылар 94 пайыз социалдык тармактарды колдонушат.

Ал эми орто курак болгон 25-44 жаштагылар 80 пайыздан ашат, ал тургай 55-65 жаштагылар арасында 50 пайызга чейин жетет. 10-диаграммада 2017-жыл менен 2023-жылдардагы өлкөдөгү социалдык тармактардын колдонуучулары салыштыруу ирээтинде көрсөтүлгөн.

**10 -диаграмма:** Кыргызстандагы социалдык тармактарды колдонуучулар [52, 77]




Социалдык тармактардын ичинен эң көп колдонулганы Instagram, респонденттердин 56%, социалдык тармактын колдонуучуларынын 72% колдонот. Андан кийинки орундарда TikTok, Facebook жана башка соцтармактар турат. Жогорку билимдүүлөр арасында (43%) Facebook колдонуучулардын үлүшү орто билимдүүлөргө (19%) караганда эки эсе жогоруу. Instagram социалдык платформасында колдонуучулардын 70% үлүшү жогорку билимдүүлөр, орто билимдүүлөрдүкү 49% түзөт. Ал эми TikTok колдонуучулар тескерисинче КР аймагында чектөөгө алынганга чейин

орто билимдүү колдонуучулар 55 пайыз, жогорку билими барлар 43 пайызды түзгөн. 2024-жылдын 19-апрелинде Санариптик өнүктүрүү министрлиги TikTok социалдык тармагын балдардын психикалык өнүгүүсүнө жана ден соолугуна тийгизген терс жана зыяндуу таасирине байланыштуу жапкан. Кыргызстанда 14 жаштан жогорку курактагы калктын 77% социалдык тармактарды колдонот.

**11-диаграмма:** Колдонулуучу социалдык тармактар [52, 80]




Респонденттердин төрттөн бир бөлүгү Facebook колдонот. 6 жыл мурунку эң популярдуу тармак болуп эсептелген Одноклассники өзүнүн позициясын бүгүнкү күндө жоготту (тандалганда 17%, социалдык тармактын колдонуучулары арасында 22%). Социалдык тармактарды колдонуунун негизги максаты болуп «байланыш каражаты», «маалымат алуу булагы» катары колдонуу деп эсептелет. Учурда 41 пайыз негизинен видео тасмаларды көрүү үчүн социалдык тармактарды пайдаланышат. Бул көрсөткүчтөр 12-диаграммада берилген. Социалдык тармактардын тездик менен жайылышынын себеби, ар кандай мүмкүнчүлүктөрдүн кеңери колдонууга ыңгайлуу болуусу. Дүйнөдөгү эң масштабдуу Facebook социалдык тармагы билим берүү процессинде, коомду агартуучулук багытында мааниси чоң. Ошондуктар жарандар социалдык тармактарды ар кандай максаттарда колдоно алышат.

**12-диаграмма.** Социалдык тармактарды колдонуу максаттары [52, 79,82]




Маалымат-техникалык технологияларды колдонууда соцтармактар, мессенджерлер, маалыматтык сайттар, порталдар телеберүү, радио жана гезит, журналдарды маалымат каражаттарынын катарынан сүрүп чыгаруусу дүйнөлүк деңгээлдеги көрүнүш болууда. 13-диаграммада көрсөтүлгөндөй, сурамжылоого катышкандардын 53 пайызы маалымат алуу каражаты катары социалдык тармактарды колдонсо, 36 пайызы гана телекөрсөтүүлөрдөн маалымат алышат.

**13-диаграмма:** Маалымат булактары



Изилдөөнүн жүрүшүндө жаңылыктарды керектөөгө өзгөчө көңүл бурулган. Сурамжылоого катышкан респонденттердин 79 пайызы жаңылык көрүү үчүн сайттарга, соцтармактарга киришет. Ал эми жаштар арасында жаңылыктарга кызыккандардын деңгээли төмөн, негизинен улуу муун өкүлдөрү маалымат менен дайыма кабардар болуп турууга умтулушат.

**14-диаграмма:** Жаш курагына ылайык жаңылыктарга суроо-талап [102]




Маалыматтар күн тартибинде респонденттерди көбүнчө саясат жана аба ырайы тууралуу маалыматтар кызыктыра тургандыгын 15-диаграммадан көрсө болот.

**15-диаграмма:** Аудиторияны кызыктарган жаңылыктар [102, 85]




16-диаграммада көрсөтүлгөндөй, социалдык тармактар негизги маалымат булагы катары телерадионун ордун басууда, бирок айрым өлкөнүн аймактарында телеберүү интернет тармагы менен тең позицияны сактоодо, ал эми ишеним жагынан телеберүү соцтармактардан жогору турат.

**16-диаграмма:** Маалымат булактары [102, 17]




Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча Кыргызстандын 14 жаштан жогорку тургундарынын 91% интернет колдонушат. Бул 2017-жылга караганда көп (59%). Интернет колдонуучулардын эң көбү Бишкек шаары менен Жалал-Абад облусунда байкалат.

**17-диаграмма:** Жарандардын интернет колдонуу көрсөткүчтөрү [102,39]



Өлкөдө Баткен облусу боюнча интернет колдонгондордун саны аз экендиги 17-диаграммада көрсөтүлгөн. Ал эми 18-диаграммада Кыргызстандагы эң көп колдонулган мессенджер WhatsApp, андан кийинки орунда Telegram экендиги белгиленген [102, 43].

**18-диаграмма:** Кыргызстандагы мессенджерлерди колдонуу




Ошол эле учурда кыргызстандыктардын 48% мессенжерлерде кыргыз тилинде, 35% орус тилинде жана калган 5% башка тилдерде колдонушат. Орто эсеп менен Кыргызстандын калкынын жарымынан көбү (53%) мессенжерлерде күнүнө жарым сааттан эки саатка чейин убакыт коротот.

Youtube - Кыргызстандагы эң белгилүү видеосервис. Өлкөдөгү 14 жаштан жогорку 83% калк колдонот. Youtube колдонгондор видеолорду 48% кыргыз тилинде, 45% орус тилинде, 6% өзбек, 1% англис тилинде көрүшөт. Жарандардын көпчүлүгү бул платформаны негизинен тасмаларды, видеолорду көрүү, музыка угуу үчүн, маалыматтар менен кабардар болуп туруш үчүн колдонушат. Негизинен Youtube платформасы визуалдуу маалымат алуунун эң мыкты булагы болуп саналат. Жүктөлгөн видеолордун саны боюнча биринчи орунда турат. Бул сайттын колдонуучулары видеолорду сайтка жүктөө, көрүү жана бөлүшүү мүмкүнчүлүктөрүнөн колдоно алышат. Youtube видеолордун топтомун камтыган веб-сайт аркылуу билим алууга көп мүмкүнчүлүктөр камтылган, жана жаш өзгөчөлүккө жараша сабактардын топтомдору камтылган. Окутуу тилдери да ар түрдүү.

**19-диаграмма:** Youtube колдонуу максаты [102, 47]




Бул изилдөөдөн белгилүү болгондой, Кыргызстандын 14 жаштан жогорку курактагы 52% жарандар социалдык тармактарды маалымат алуу, сүйлөшүү максатында колдонушат.

**20-диаграмма:** Социалдык тармактарды колдонуу.



Мындагы көрсөткүчтөр 2017-жылга салыштырмалуу дээрлик 2 эсеге өскөн. Бишкек, Талас жана Нарын облустарында социалдык тармактын колдонуучуларынын саны эң көп экендиги төмөндө диаграммадан көрүнүп турат.

Көпчүлүк социалдык тармактарды сүйлөшүү үчүн, жаңылыктар түрмөгүн, көңүл ачуучу мүнөздөгү видеолорду көрүү үчүн колдонушат. Изилдөөдөн белгилүү болгондой, колдонуучулардын 30% социалдык тармактарды билим алуу үчүн же керектүү маалыматты издөө үчүн колдонушат. Ошондой эле колдонуучулардын 52 пайызы социалдык тармактарды кыргыз тилинде пайдаланышат, ал эми орус тилине 44% калкка ыңгайлуу. Калган 3% өзбек жана англис (1%) тилинде соцтармактарды колдонушат.

Социалдык тармакты колдонуу деңгээли боюнча биринчи орунда Instagram, колдонуучулардын үлүшү Бишкекте 69%, Талас облусунда 68% түзөт, ал эми TikTok колдонгондор Чүйдө 60 %, Жалал-Абадда 59%, Таласта 58%, Ысык-Көлдө 57% түзгөн.

**21-диаграмма:** Республика боюнча социалдык тармактарды колдонуу




Белгилүү окумуштуу Ж.Ж. Жоробеков белгилегендей, азыр заман өзгөрдү, маалымат-коммуникациялык технологиялар мезгилинде, нускасы бир-эки миңден ашпаган өкмөттүк газеталарды, КТР деген «кара жашикти» эч ким көрбөйт да, окубайт да. Азыр Кыргызстанда алты миллион эл болсо,

алардын колунда тогуз миллион телефон бар. Элди бир нече саатта эле пикирин өзгөртүп койсо болот [103, 254].

**Жыйынтыктоо:** Бүткүл дүйнө жүзү боюнча болуп жаткан ааламдашуу процесси жана IT технологиялардын өнүгүшү, маалыматтык-коммуникативдик технологиялардын кеңири таралышы (масмедиа, интернет) республикада маалыматтык коомунун калыптанышына жана өнүгүшүнө алып келүүдө. Учурда Кыргызстан ушул аймакта экендиги маалым болду. Изилдөөдөн белгилүү болгондой, телерадио онлайн медианын жана социалдык тармактардын басымы менен артка чегинүүгө аргасыз болуп жатканы көрүнөт. Социалдык тармактар: Instagram, Facebook, Одноклассники, В Контакте, Twitter жалпысынан негизги ыкчам маалымат булагы катары телеберүүлөрдүн ордун басууда. Телеберүү менен радионун ордун смартфондор алмаштырууда.

Кыргызстанда медиа колдонуу боюнча изилдөөнү Медиа-К Интерньюс долбоорунун колдоосу менен M-Vector компаниясы жүргүзгөн деталдуу изилдөө буга ачык мисал боло алат. 2017-жыл менен 2023-жылдагы «Кыргызстанда медиа колдонуу» аталган калк арасындагы сурамжылоо салыштыруу ирээтинде жүргүзүлүп, жыйынтыгында чоң айырма көрсөтүлгөн. Акыркы алты жылда өлкөдөгү элдин Интернет колдонуу деңгээли жогорулаганы, социалдык тармактар маалымат алуунун негизги булагына, байланыш каражатына айланганы аныкталды. Теле жана радио салттуу түрдө өз ишмердүүлүгүн жүргүзүү менен бирге интернет сайттарын, соцтармактарда расмий баракчаларын ачып, өз материалдарын интернет чөйрөсүнө да жайылтуу бүгүнкү күндө актуалдуу.

Бирок телеберүүдөгү жаңылыктар социалдык тармактар менен тең позицияны сактоодо, анткени телеберүүгө ишеним арткандар көп. Маалыматты колдонуучулардын көңүл буруусу да өзгөрүүдө - бул тексттик мазмундан визуалдык мазмунга өтүүдө. Маалыматтын каналдары гана эмес аны алуунун каражаттары да өзгөрүүдө.

Кыргызстандын медиа мейкиндигиндеги салттуу маалымдоо каражаттары баштапкыдай өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөнү менен мурдагыдай атаандашдыкка турууштук бере албай калышты.

Бул маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүүсү мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана коомдун турмушунун бардык тармактарында олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди. Калк азыр байланыш кызматтарынын жана телерадио каналдардын кеңири спектринен ыңгайлуусун тандап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Маалыматты колдонуучулардын көңүл буруусу да өзгөрүүдө - бул тексттик мазмундан визуалдык мазмунга өтүүдө. Маалыматтын каналдары гана эмес аны алуунун каражаттары да өзгөрүүдө.

## 3.2. Кыргыз Республикасынын маалыматтык суверенитетин камсыздоо жана улуттук контентти өнүктүрүү

Буга чейинки параграфта көрсөтүлгөндөй, Кыргызстанда учурда интернет маалымат алуунун негизги булагы болуп жатса да, мамлекет телерадио аркылуу мамлекеттик саясат жүргүүзү аракетинде. Анткени телерадио негизги мамлекеттик саясатты коомго жеткизүү булагы болуп эсептелинет жана коомчулук тарабынан ишеним жогору. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ишеним жагынан да телеберүүдөгү маалыматтар социалдык тармактардан жогору турааары аныкталды.

Мамлекеттик маалыматтык каналдардын милдеттери өлкөнүн маалымат саясаты тууралуу коомчулукка маалымдоо; жарандарды өлкөнүн артыкчылыктарына ынандыруу, идеологияны жайылтуу, калкты социалдаштыруу жана тарбиялоо; жүрүм-турумдун этномаданий үлгүлөрүн киргизүү, социалдык жана улуттук өзгөчөлүктү калыптандыруу; социалдык маанилүү маселелерди чечүүгө калкты мобилизациялоо ж.б. деп белгилейт орус окумуштуусу В. В. Фокин [104].

Кыргызстандагы ишенимдүү маалымат булагы болуп УТРК эсептелет КР Улуттук телерадиоберүү корпорациянын тарыхына кайрылсак, 1931-

жылдан башталат. Алгач Кыргызстанда радио өткөн кылымдын 1920-жылдарында пайда болуп, өлкө аймактарына радио түйүндөр орнотулуп, 1926-жылы радиолоштуру демилгеси башталган.

Ал эми Улуттук биринчи телеканалдын тарыхы 1958-жылы башталып, мезгилдин шарттарына, өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаалдарга жараша мамлекеттик телеканал улуттук, коомдук статуска ээ болуп, кайра 2022-жылы улуттук канал болуп өзгөртүлдү.

Эгемендүүлүк жылдар аралыгында УТРК элдин мактоосуна, сынына кабылуу менен мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзүү милдетин аткарып келе жатат. Маалымат саясатын жүргүзүү менен бирге маданиятты жайылтуу, коомду агартуу, улуттук баалуулуктарды сактоо, кыргыз тилин өнүктүрүүдө чоң ролду аткарат. Сурамжылоолор, ар кандай көз карандысыз иликтөөлөр көрсөткөндөй Улуттук биринчи канал Кыргызстандагы белгилүү, элдин ишенимине ээ телеканал болуп саналат.

Сөзсүз түрдө коомдук-саясий баскычтарды эгемендүү Кыргызстанда басып өткөн УТРК коомчулукка таасир берүүчү негизги маалымат куралы катары орду чоң. Буга далил катары 2005, 2010, 2020-жылдары өлкөдөгү саясий кризис учурунда нааразычылык билдирип чыккандар бийлик менен кошо телеберүүгө ээлик кылууну көздөшкөндүгүнүн себеби да ушунда.

Улуттук биринчи каналдын курамында учурда он үч телеканал кирет: УТРК, «Ала-Тоо 24», «УТРК Музыка», «Маданият-Тарых-Тил», «Баластан» жана «УТРК Спорт» эфирге чыгууда. Ошондой эле облустук жети телекомпания УТРКнын карамагына кирген (УТРК Ош, УТРК Баткен, УТРК Талас, УТРК Нарын, УТРК Чүй, УТРК Ысык-Көл, УТРК Жалал-Абад). Алар КР маалымат саясатын жүргүзүү максатында коомчулукка маалымдоо, маданий-таанып билүү, социалдык-экономикалык берүү программаларын уюштурат. Алар төмөнкүлөр: «Ала-Тоо» маалымат программасы, «Жумакайрык» маалыматтык-аналитикалык программасы, «Ой ордо» саясий-коомдук программа ж.б.

Мындан тышкары аталган УТРКда өлкөнүн артыкчылыктарын чагылдыруу, маданияттын жетишкендиктерин жана идеологиялык баалуулуктарды, тарых, нарктуулук, мекенди сүйүү темасындагы контентин жайылтуу максатында бул программалар көрсөтүлөт: «Ак артуу», «Нарктуулук», «Манас таануу», «Аймактар», «Жаштар Деми», «Бейне», «Кыз-жигит Сармерден», «Кызматым мекенге» [105].

Корпорациядагы Кыргыз радио бирикмесинде төрт радио бар булар: «Биринчи радио», «Кыргыз радиосу», «Миң кыял FM», «Балдар FM» радиолору иш алып барышат. «Биринчи радио» маалыматтык радиосунда өлкөдөгү маанилүү окуялар тууралуу маалыматтар ыкчам түрдө берилип турат. Андан башка бул радиодо «Актуалдуу маек», «Регион», «Күн маек» программасында белгилүү саясатчылар, эксперттер, окумуштуулар, мамлекеттик кызматкерлер учурдагы маанилүү саясий, экономикалык, социалдык маселелер боюнча темаларды талкуулашат. Ошондой эле УТРК мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн, көйгөйлөрүн чагылдырып, өзгөчө кырдаалдар учурунда ыкчам расмий маалымат менен камсыздоо милдетин аткарат.

ЭлТР мамлекеттик телеканалында «Жаңылыктар» маалымат программасы өлкөдөгү коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, маданият, спорт багытындагы жаңылыктар берилет. Төмөнкү программалар: «Агартуунун асылдары», «Элет баяны», «Демилге», «Таберик», «Өчпөс ысым», «Зоболо» жана башка кыргыз тилиндеги телепрограммаларда улуттук кызыкчылык мазмуну чагылдырылган контенти камтыйт [106]. Бүгүнкү күндө мамлекет тарабынан каржыланган УТРК менен ЭлТР телеканалдарында берүүлөдүн 70-80 пайызы кыргыз тилинде көрсөтүлүп, калкты маалымат менен камсыздап турат. Ошондой эле программалар орус тилинде жана англис тилинде Ала-Too Live программасында кыскача жаңылыктар берилет.

Аталган телеканалдар маалыматтык суверенитетти камсыз кылуу, өлкөнүн маалымат саясатын жүргүзүү, калктын маалымат коопсуздугун камсыз кылуу боюнча тиешелүү милдеттемелерге ээ. Мисалы, калкты өлкөдө

жана дүйнөдө болуп жаткан окуялар жана процесстер тууралуу ишенимдүү жана объективдүү маалыматтар менен камсыз кылуу, аймактардагы жашоочуларга өлкөдө болуп жаткан бардык маалыматтар менен кабардар болуп турууга мүмкүндүк берүүчү бирдиктүү маалыматтык талааны түзүү жана мамлекеттин жана анын калкынын позитивдүү имиджин өлкө ичинде гана эмес, тышкары да түзүү жана колдоо.

Жалпысынан улуттук контентти жайылткан УТРК, ЭлТР каналдарынан башка активдүү мамлекеттик каналдар: «Бешинчи канал» жана «Пирамида» 2010-жылга чейин жеке менчик телеканал катары иш жүргүзгөн, саясий өзгөрүүлөрдөн кийин 2010-жылы өлкөнүн карамагына өткөн. Бүгүнкү күндө Маданият министрлиги тарабынан бул эки каналды жабуу маселеси көтөрүлүүдө.

Ош шаарындагы 2010-жылдагы этникалык конфликттен кийин «Ынтымак» жана «Ош ТВ» телеканалдары кыргыз-өзбек элинин биримдиги чыңдоо үчүн түзүлгөн. Бул телеканалдар кыргыз жана өзбек тилдеринде контент даярдап, 2011-жылдан бери Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарында көрсөтүлүп келет.

Бирок, төмөнкү параграфта көрсөтүлгөндөй, Кыргызстанда учурда телекөрүүчүлөрдүн саны 2017-жылы 88 пайыздан 2023-жылы 65 пайызга төмөндөп, интернетти колдонгондор 2017-жылы 5 пайызды түзсө, 2023-жылы 17 пайызга чейин көбөйгөн. Телефон, планшет, компьютер аркылуу телеканалдарды көрүүнү 25 пайыз жарандар түзгөн.

Кыргызстанда социалдык тармактар маалымат алуунун негизги каналы болуп 53 пайызды түзөт, ал эми телекөрүүчүлөр 36 пайыз жана Интернет колдонуучулар 32 пайызды түзгөндүктөн өлкөдөгү телеканалдары социалдык тармактарда баракчаларын ачып, өз контенттерин коомчулукка жеткирүүдө.

УТРКнын www.ktrk.kg жана ЭлТР телеканалынын www.eltr.kg сайттары бар. Бул сайттарга телеканалдан көрсөтүлгөн жаңылыктар, телеберүүлөр жүктөлүп, интернет аудитория үчүн сунушталат.

УТРКнын төмөнкү социалдык тармактарда баракчалары бар: Instagram 632 миң киши катталган жана 7989 маалымат жарыяланган [107], TikTok (154.7К) [108], Facebook (207 мин) [109], Youtubда 711 миң киши катталган жана 23 миң видео жарыяланган [110].

ЭлТР телеканалынын төмөнкү социалдык тармактарда баракчалары бар: Instagram 42 миң 700 киши катталган жана 7989 маалыматтар жарылаган [111], TikTok (20.5К), Facebook (89 миң) [112], Youtube 384 миң киши катталган жана 31 миң видео жарыяланган [113].

УТРК, ЭлТР каналдарынын сайтында жана социалдык баракчаларындагы маалыматтар кыргыз жана орус тилинде берилген. Бирок Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугун жана имиджин түзүүдө англис тили колдонулган эмес. Бул көрүнүш мамлекеттин маалымат саясатын эл аралык деңгээлде көрсөтө албайт жана дүйнөлүк атаандаштыкта туруштук берүүсүн татаалдатат.

Мындан тышкары, Кыргызстанда жеке менчик телерадио компаниялар иш алып бараарын алдыдагы параграфта айтылган. Эгемендүүлүк алгандан кийин 1991-жылы өлкөдө биринчи жеке менчик телекомпаниялар пайда болгон. Бишкекте «Пирамида» жана Ош шаарында «Ош-ТВ», андан кийин «Асман», КООРТ, ВОССТ, НБТ ж.б. Биринчи тиркемде берилгендей, 2022-жылга карата Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистринин маалыматы боюнча Кыргызстандын аймагында 177 көз карандысыз телерадиокомпания, республикалык «Радиотелеборбор», «Новая телевизионная Сеть» телекомпаниясы, «Европа» радиокомпаниясы, «Независимое Бишкекское Телевидение» жана башкалар [114].

Ушул убакытта жеке менчик телеканалдар өздүк жана башкалар тарабынан даярдалган мазмунду колдонуп, программаларына Кыргызстандын медиа каналдарынан кыргыз тилиндеги клиптерди, тасмаларды көрсөтүү менен чектелишет [115]. Убакыттын өтүшү менен менчик телеканалдын саны көбөйүп, телерадиоберүү системасында атаандаштыктын пайда болушуна алып келди. Жеке каналдардын мазмунун көбүнчө кино тасмалар,

мультфильмдер жана жарнактар түзүп, жаңылыктар, аналитикалык көрсөтүүлөр программада кийинчерээк киргизиле башташкан.

Кыргызстанда эгемендүүлүк жылдарынын тартып эле орусиялык маалымат каражаттары жергиликтүү тургундарга маалымат жеткирүү боюнча талашсыз лидер болгон. Бирок кыргыз тилиндеги көз карандысыз басылмалардын саны өсүп, эл өлкөнүн ички көйгөйлөрүнө көңүл бура баштаган. Натыйжада Россиянын маалымат каражаттарына кызыгуу азайган. Жергиликтүү маалымат каражаттары биринчи кезекте улуттук жана аймактык жаңылыктарга басым жасашкан. Ошого карабастан, көпчүлүк жарандар Россия каналдарынан эл аралык жаңылыктарды алышат. Бул кырдаал Euronews, BBC жана башка эл аралык маалымат телеканалдарынын кабелдик тармактарда пайда болушу менен өзгөрдү, бирок жалпысынан азыр да Россия телекөрсөтүүлөрүн көрүү уланууда.

2023-жылдын июнь айына карата Юстиция министрлигинин Юридикалык жактардын бирдиктүү маалымат базасында 29 миң 130 коммерциялык эмес уюм катталган. Бул тууралуу министрлер кабинетинин «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзам долбоору боюнча корутундусунда маалымдалды. Анын ичинен 10 миң 313 коомдук бирикме, 7 миң 504 фонд жана 11 миң 313 мекеме катталган. Юстиция министрлигинин маалыматы боюнча, Бишкекте 18 миң 500 түрдүү бейөкмөт уюм катталган [116]. Бул маалыматтар Кыргызстанда түрдүү багыттагы кызыкчылыктарды көздөгөн уюмдардын көп экендигинен кабар берет. Коммерциялык эмес уюмдардын ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылууга багытталган «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамга президент С. Жапаров 2024-жылдын 2-апрелинде кол койгон. Бирок мындай шарттарда өлкөнүн бүтүндүгүн сактап, элди биримдикке үндөгөн мамлекеттик маалымдоо каражаттарынын таасири чоң болушу зарыл.

2023-жылы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамынын «Мамлекеттик тилди жалпыга маалымдоо каражаттарына пайдалануу» деп аталган жетинчи бөлүмүндө көрсөтүлгөндөй телекөрсөтүү

жана радиоуктуруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик тилди колдонуу тууралуу төмөнкүлөр жазылган: [117]

1. Телерадио уюмдары телерадиоканалдарын берүүнү мамлекеттик жана расмий тилдерде жүзөгө ашырат.

2. Телерадио уюмдары үчүн мамлекеттик тилде берүүнүн милдеттүү (минималдуу) көлөмү 60 пайыздан кем болбой, «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» КР мыйзамы менен белгиленет.

3. Эгер теле жана радио программалардын түп нускасы мамлекеттик тилде болбосо, мындай программалар жана көрсөтүүлөр мамлекеттик тилде кайталоо шарты менен берилет.

Бирок, бул мыйзамдын талабы жаңы эле кире баштады жана телеканалдар тарабынан толук сактала элек. Бул мыйзамга карата жеке менчик маалымат каражаттар өз наоразычылык пикирлерин билдирүүдө. Kaktus.media маалымат порталына берген жеке менчик Govori.TV маалымдоо телекомпаниясынын жетекчиси К. Урумканова мыйзамга карата төмөнкүдөй пикирин билдирген: «Учурда телерадиокомпаниялар чыгарган бардык продукцияга кыргыз тилинде 50% контент даярдоо талабы бар. Бирок бул норма да, жаңысы да сакталбайт, анткени кандайдыр бир контентти түзүү үчүн каражат керек. Айрыкча дээрлик бардык жарнак берүүчүлөр жарнак бюджетин кыскарткан кризисте компаниялар араң жашап жатса, анда тил жана мазмунду кайталоо боюнча мыйзамды сактоо мүмкүн эмес. ММКдан бир нерсе талап кылуудан мурун бийлик өнүгүүгө шарт түзүп бериши керек. Алар өздөрү түшүнбөгөн нерсени кантип талап кылышат. Мунун баары кагаз жүзүндө кала берет же массалык маалымат каражаттарына басым жасоого алып келет жана бул керексиз медиаdebиаларды жок кылуунун бир жолу болушу мүмкүн» [118].

НТС телеканалынын директору М. Балыбаевдин пикири боюнча КТРК баш болгон бардык телеканалдар эфирде мамлекеттик тилдин 50% үлүшү боюнча мыйзамды аткара албай жатат. Ал эми норманы 65-70 пайызга чейин кескин жогорулатуу телеберүүнүн сапатына чоң таасирин тийгизет. Берүүнүн

үлүшүн 100% көтөрө алабыз, бирок сапат жагы көйгөйлүү маселе жаратат. Бул норманы сактоо үчүн - клиптерди, кайталоолорду көрсөтүүгө мажбур болобуз, бул биздин кыргыз көрөрмандарыбыздын башка өлкөнүн каналдарына өтүшүнө алып келиши мүмкүн. Эч ким толугу менен оригиналдуу мазмунду түзө албайт. Мунун баары сапаттын начарлашына алып келет, биз коңшу өлкөлөр менен атаандаштыкка туруштук бере албайбыз [118].

Кыргызстандагы медиа рыногунун жана контентинин өзгөчөлүгү - чет элдик телерадиокомпаниялардын көптүгү. Жыйынтыгында телерадиоберүү боюнча мыйзам сакталбайт, анткени эртен мененки саат 7.00дөн 10.00гө чейин жана кечки 18.00дөн 23.00гө чейин теле аркылуу көрсөтүлүүчү контенттин жарымы өздүк өндүрүштөгү программалар болушу керек. Бирок телеканалдарга мониторинг жүргүзгөн Эксперт консалтинг агенттигинин изилдөөсүнө ылайык, бардык телеканалдар боюнча улуттук контентти жана мамлекеттик тилде берүүлөрдү жайылтуу кескин өзгөрүүсүз, болжол менен бирдей деңгээлде сакталып калган: ата мекендик берүүлөр 41-49 пайыз түзсө, эфирде мамлекеттик тилдин катышуусу 31-37 пайыз. Айрым чек арага чектеш аймактарда кыргызстандыктар коңшу мамлекеттердин телеберүүлөрүн көрүүгө мажбур, мисалы Баткен облусунда мындай учурлар көп катталат [119].

Изилдөөчү М. Мусуралиева белгилегендей, заманбап дүйнөдөгү маалыматтык мейкиндиктин өнүгүшү жана кеңейиши менен маалыматтык согуштун таасири бийлик жана кызыкчылыктар үчүн күрөштүн негизги түрү катары улам көбөйүүдө. Маалыматтык согуштун бул өзгөчөлүктөрү Кыргыз Республикасында да көрүнүп турат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, Кыргызстандын интеллектуалдык жана маалымат чөйрөсүнө чет элдик көзөмөл орнотуу аракеттери көрүлүп жатат деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет [39].

Мамлекеттик телерадио компаниялардан башка Интернет тармагында эң алгачкы мамлекеттик маалыматтык агенттик «Кабар» агентствосу түзүлгөн. Республиканын саясий, экономикалык жана маданий турмушун, илим менен

техниканын өнүгүшүн, маданият жаңылыктарын кабарлап турган жалгыз мамлекеттик маалымат агенттик. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары, 1992-жылы КР Өкмөтүнүн токтому менен Кыргыз Телеграф агентствосу мамлекеттик «Кыргызкабар» маалымат агенттиги, кийин 1995-жылы Улуттук «Кабар» маалымат агенттиги болуп аталган. Аталган «Кабар» агентствосу 1997-жылы британиялык «Рейтер» маалымат агенттиги, 1998-жылы Кытайдын «Синьхуа» маалымат агентствосу, Россиянын, Казакстандын жана Тажикстандын маалымат агенттиктери менен өз ара кызматташуу жүргүзүп келет. Учурда агентствонун сайтында маалыматтар кыргыз, орус, англис, кытай тилдеринде маалымат берип турат [120].

«АКИpress» агенствосу бүткүл дүйнөлүк Интернет тармагында Кыргызстандагы көз карандысыз ММКдын бири болуп саналат, ал ишмердүүлүгүн 2001-жылдан бери жүргүзөт. «АКИpress» маалымат рыногунда мамлекеттик агентство үстөмдүк кылган доордо пайда болгон биринчи жеке маалымат агенттиги. Ошентип «АКИpress» Кыргызстанда биринчилерден болуп тармактык журналистиканын ички чөйрөсүн толугу менен кеңейткен [121].

«АКИpress» маалымат агенттигинин сайтындагы материалдар негизги баракча аркылуу кирүүчү «Кыргызстан», «Сводка», «Ош», «Тазабек», «Баракелде», «Ц. Азия», «Спорт», «Мнения читателей», «Здоровье», «Я - репортёр», «Бешбармакия» аталган төмөнкүдөй бөлүмдөрдө жайгаштырылган [122]. «Кыргызстан» сайтында өлкөдөгү күнүмдүк жаңылыктардын топтому жайгаштырылган. «Аналитика» сайтында АКИпресстин башка бардык ресурстарынан айырмаланып «Саясат», «Экономика жана бизнес», «Коом» жана «Дүйнө жүзүндө» деген төрт рубрикада макалалар жарыяланат.

Комментарийлер өчүрүлгөн учурда «АКИpress» өзүнчө «Мнение читателей» («Окурмандардын пикири») аталган рубрика ачкан, мында автордун аты-жөнүн толук жазуу менен алар жөнөткөн кызыктуу материалдар сайтка жарыяланат. Мисалы, 2013-жылдын март айында 26 комментарий, февраль айында - 19, январда 29 комментарий болгон [121]. Бул сайттын

туруктуу жума сайын жаңы материалдар жарыяланып турганынан кабар берет. Мында көбүнчө «АКИpress» өкүлдөрү, Кыргызстандын саясатчылары, кээ бир пресс-кызматтар материалдарын жарыялайт.

«АКИpress» ар түрдүү ресурстарынын натыйжасында толук кандуу агенттик, интернет-портал катары коомчулукка таанылды. Колдонуучуларга коомдук домендеги кээ бир маалыматты жана бир нече акысыз кызматтарды (жарнактарды) камсыз кылганына карабастан, агенттик ээлеринин коммерциялык кызыкчылыгы үстөмдүк кылууда. Мисалы, «АКИpress» агентствосунун негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири - колдонуучуларга «Кто есть, кто» рубрикасындагы айрым маалыматтарга жана көптөгөн архивдик материалдарга акы төлөө, жазылуу аркылуу гана мүмкүнчүлүк берилет. Аталган сайттагы темалардын көптүгү, маалыматтын көлөмү өлкөнүн маалымат тармагында агенттиктин лидерлик орун алуусуна мүмкүндүк берет. «АКИpress» агенттигинин «Turmush» порталында Кыргызстандын аймактарындагы жашоосу, көйгөйлөрү жана окуялар тууралуу жаңылыктар кыргыз тилинде берилет. Ошентип «АКИpress» бүгүнкү күндө Кыргызстандын Интернет тармагындагы эл эң көп кирген маалымат ресурсу болуп саналат.

«24.kg» маалымат агенттиги Интернет аркылуу кыргыз окурмандары үчүн жаңылыктарды жана автордук макалаларды жарыялап турган сайттардын катарын 2006-жылы толуктаган. Бул агенттигинин долбоорунун автору жана уюмдун башкы директору белгилүү журналист А. Оторбаева. Алардын урааны: «Башкалар ийгиликти күткөнчө, биз иштейбиз» жана максаты: «Биздин максат - мамлекеттик, корпоративдик жана жеке түзүмдөргө маалыматтык кызматтардын кеңири спектрин көрсөтүү» [123]. Акыркы жылдары Кыргызстандын Интернет тармагында аталган расмий сайт бирден бир белгилүү маалымат булагы болууда.

«Кабар», «24.kg» жана «АКИpress» маалымат агенттиктерин классикалык деп атоого болот. Аталган уюмдар Кыргызстандагы Интернет-журналистиканын негизин түзүшкөн. Агенттиктердин маалыматтары

Кыргызстандагы башка маалымдоо каражаттары тарабынан шилтеме жасоо менен берилген, мисалы «Бешинчи канал», «Пирамида», «НБТ» телеканалдары өздөрүнүн жаңылыктар программасында агенттиктердин маалыматтарын биринчи ишенимдүү маалымат булагы катары колдонушкан.

Белгилей кетсек, «24.kg», «АКИpress» маалымат агенттиктери Кыргызстандагы эң чоң маалымат булагы, аталган сайттарда маалыматтар бир мүнөттөн жарым саатка чейинки убакытта жаңыртылып турат. Мында дайыма маанилүү кабарларга артыкчылык берилет.

Дагы бир маалымат агенттиги - «КирТАГ» Кыргызстандын маалымат рыногунда 2010-жылдын 15-июнунан тартып иштеп баштаган.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн жана КирТАГ медиа бренди Кыргыз патенттик мекемеси тарабынан камсыздалган. Кыргызстандын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, маданий, спорттук турмушундагы окуялар тууралуу маалыматтар интернет сайт аркылуу берилип турат. КирТАГдын башкы директору К. Урумканова дайындалган. Алсак 2010-жылдан кийин Кыргызстанда «Vesti.kg», «Polit.kg», «Region.kg» жана башка көптөгөн аналитикалык интернет-ресурстар пайда болуп, иштей башташкан. «Region.kg» менен «Polit.kg» бири-бирине потенциалдуу атаандаш сайттар болуп саналат, анткени эки басылманын тең редакциялары өлкөдө жайгашкандыктан, эки ресурс тең Кыргызстанга басым жасоо менен бүтүндөй Борбордук Азия чөлкөмүн изилдөөгө багытталган.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын маалымат агенттиктери өз материалдарын жарыялоо үчүн негизги аянтча катары өздөрүнүн расмий интернет сайттарын колдонушат. Алар өз катталуучуларына электрондук маалыматтарын жөнөтүп турушат.

Кыргызстанда интернеттин жардамы менен заманбап интернет-басылмалардын жайылышы маалымат продуктуларын өндүрүүдөгү жөнөкөйлөштүрүүлөр менен шартталды. Маалымат системасынын бир бөлүгү болгон басып чыгаруу, макет түзүү сыяктуу компоненттер үчүн каржылык ресурстарга муктаждык жоголуп, чыгымдар азайды.

Кыргызстандагы онлайн журналистика өзүнүн өнүгүү процессинде олуттуу көйгөйлөргө туш болууда. Бүгүнкү күндө эң актуалдуу көйгөйлөрдүн бири - маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу. Кыргызстандын маалымат ресурстарын киберкоркунучтардан коргоо маселеси чечүүнү талап кылган негизги көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. «Журналисттер» бейөкмөт уюму 2020-жылы жүргүзгөн «Бүгүнкү күндө кыргыз журналистикасынын абалы кандай» [124] аталган изилдөөдө жергиликтүү маалымат каражаттарынын абалы начар деп айтылды. Жарнак берүүчүлөрдүн башка Интернет платформаларга, анын ичинде социалдык тармактарга кетүүсүнөн улам киреше азайган. Басылмаларга жазылуулардын төмөндөшүнөн улам Кыргызстандагы көз карандысыз ЖМКлардын басымдуу көпчүлүгүнүн каржылык абалы начарлаган. Акыркы Vibrant Information Barometer6 [124] отчетуна ылайык, 2023-жылдан тарта кыргыз ЖМКларында кесипкөй кадрлар жетишсиз, бул сапаттуу контентти жаратуудагы олуттуу көйгөйгө айланууда. Экологиялык, урбанизациялык көйгөйлөрдү, коррупциялык көрүнүштөрдү иликтөө жана башка ушул сыяктуу социалдык мааниси бар темалар гранттык каржылоо аркылуу гана иликтенүүдө.

Freedom House уюму 2023-жылга карата отчетунда [125] Кыргызстандагы журналистиканын негизги көйгөйлөрү катары укук коргоо органдары тарабынан журналисттерди кармоолор, физикалык кол салуулар жана алардын ишине кийлигишүү, коркутуп-үркүтүүлөргө туш болуусу белгиленген. 2021-жылы «Жалган маалыматтан коргоо тууралуу» мыйзамдын негизинде ММСЖСМ аткаруу органы катары соттун чечими болбогон учурда да маалыматтык сайттарды жабуу укугу берилген. Мисалы, 2022-жылдын 26-октябрындагы «Азаттык Медиа» мекемесинин веб-сайтын эки айга жабуу чечимин чыгарган [126].

«Чек арасыз кабарчылар» эл аралык уюму тарабынан жарыяланган басма сөз эркиндиги - 2023-жылдын рейтингинде Кыргызстандагы негизги көйгөйлөр катары көз карандысыз маалымат каражаттары дайыма бийликти сындаганы үчүн жоопко тартылат, ошондой эле коррупция тууралуу

макалаларды жарыялагандан кийин кибер чабуулдардын бутасына айланган. Иликтөөчү журналисттер митинг, демонстрациялардагы кабарчылардай эле зордук-зомбулуктун объектиси болууда. Ошондой эле мамлекеттик маалымат каражаттарын бюджеттен каржылоо басылмалардын ортосундагы таза атаандаштыкты өзгөртүп жатканы белгиленген. 2021-жылы кабыл алынган «Жалган маалыматтан коргоо тууралуу» мыйзам Кыргызстандын Конституциясына жана эл аралык милдеттемелерге туура келбейт жана сөз эркиндигин негизсиз чектейт деп эсептешет [127].

Эске сала кетсек, 2024-жылдын февраль айында КР Президенти С. Жапаров АКШнын мамлекеттик катчысы Э. Блинкенди өлкөнүн иштерине кийлигишпөөгө чакырган. Анткени, 17-январда АКШнын мамлекеттик катчысы Э. Блинкен Жогорку Кеңеште каралып жаткан «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" мыйзам долбоору боюнча тынчсызданууусун билдирген катты С. Жапаровго жөнөткөн.

«Бул «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзам сиздин өлкөнүн эң чоң байлыктарынын бирине коркунуч туудурат. Учурда бул мыйзам Кыргызстандын жарандарынын АКШ өкмөтүнүн жана эл аралык өнөктөштөрдүн колдоосу менен бейөкмөт уюмдар тарабынан жүргүзүлүп жаткан программалар аркылуу саламаттыкты сактоо жана билим берүү сыяктуу маанилүү кызматтарга жетүү мүмкүнчүлүгүнө коркунуч туудурат. Кээ бир америкалык өнөктөштөр бул мыйзамга абдан тынчсызданып, Кыргыз Республикасындагы ишмердүүлүгүн алдын ала токтотуу мүмкүнчүлүгүн караштырып жатышат» [128], - деп айтылат АКШнын мамлекеттик катчысынын катында.

Мамлекет башчысы мыйзам 1938-жылы АКШда кабыл алынган чет элдик агенттер боюнча документке окшош экенин түшүндүрдү. «Эмне үчүн бул сизге мүмкүн, бирок биз үчүн эмес?» - деди Жапаров [129]. 2024-жылдын 12-февралда КР Президенти С. Жапаровдун АКШнын мамлекеттик катчысы Э. Блинкен жооп берген каты жарыяланды, анда мындай деп айтылат: «Сиздин катыңыздын мазмунунда биздин мамлекетибиздин ички иштерине

кийлигишүүнүн белгилери бар экендигин белгилейм. Мыйзам долбоорунун максаты - Кыргыз Республикасында иштеген өкмөттүк эмес/ коммерциялык эмес уюмдардын ишин ачык-айкын кылуу жана тартипке келтирүү болуп саналат. Албетте, чет мамлекеттер каржылаган же чет өлкөлөр катышкан жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишине канчалык деңгээлде мамлекеттик көзөмөл болушу керек деген кыргыз мамлекетинин мыйзамдуу кызыкчылыктарынан келип чыккан көйгөй бар.

Сөз кыргыз мамлекети өзүнүн статусуна ылайык ушул өкмөттүк эмес/ коммерциялык эмес уюмдарга акча каражаттары кайдан келип жатканын, аларды ким жана кайсыл максаттарга жумшап жаткандыгын көзөмөлгө алууга умтулгандыгы жөнүндө жүрүп жатат» [130].

Маалыматтык тармактардын ааламдашуусу жаңы мүмкүнчүлүктөрү көп тармактуу. Жаңы медиа барган сайын жеткиликтүү болуп, коомчулуктун ар кандай маалымат булактарын колдонууга мүмкүнчүлүгү бар. Башка маалымат булактары менен катар интернеттин жайылуу деңгээли жыл сайын өсүп жатат. Интернет буга чейин байланыш каражаты катары кабыл алынса, учурда маалымат алуу булагына айланды. Ачык булактардын маалыматы боюнча, 2002-жылы Кыргызстанда интернет колдонуучулардын саны 225 миң адам болсо, 2020-жылы алардын саны 2,5 миллиондон ашкан. Бир миллиондон ашууну мобилдик интернетти колдонот. 15 жаштан өйдө жаштагы калктын 60 пайыздан ашыгы интернет колдонот, ал эми эң активдүү колдонуучулар 15тен 28 жашка чейинкилер. Бирок социалдык факторлорго, жаш-куракка, улуттук өзгөчөлүктөргө карабастан интернет колдонуучулардын саны жыл сайын өсүүдө.

Заманбап медиа мейкиндигинде социалдык медианын (социалдык тармактар, блогдор, мессенджерлер, видеохостинг) мааниси өсүүдө. Бул массалык акцияларды жана үгүт иштерин жүргүзүүнүн эффективдүү технологиясы катары жаңы байланыш каналы болуп эсептелинет. Дал ошолор негизги маалыматтарды жеткирген журналистер, экспертер массалык аң сезимди жана жүрүм-турумду башкаруу рычагы болушат.

Кыргызстанда биринчи жолу 2019-жылдын ноябрында коррупцияга каршы митинг (конкреттүү уюштуруучусуз) жаңы технология - социалдык тармактар аркылуу уюштурулган. Социалдык тармактарды колдонуу менен көп сандаган адамдар чогулду. Белгилүү болгондой, коомдо эң көп колдонулган социалдык тармактар булар Facebook, Instagram, WhatsApp, Telegram. Ачык булактардагы маалыматтар боюнча учурда социалдык тармактарда 2,5 миллиондон ашык адам катталган (атап айтканда, жети жүз миңден ашуун адам Facebook, ал эми 2 миллиондон ашууну Instagramда катталган). Социалдык тармактар маалымат агымын берүү каражаты гана эмес, коомдук пикир, калктын маанайы калыптанган медиа чөйрөгө айланууда. Коомдук пикир адамдардын кээ бир окуяларга карата белгилүү бир мамилесин калыптандырат жана алардын аң сезиминде туруктуу образдарды жаратат [38].

Телерадиодо, социалдык тармактарда ар кандай пикирлер айтылып жатат. Белгилей кетсек, бүгүнкү күндө теле, радио, басма сөз жана интернет басылмалардын ишмердүүлүгү, алардын түпкү максаты болуп өткөн окуяларды тез кабардар кылуу болгону менен, үгүт-насаат иштерине багытталган. Маалыматтын таркатылышын массалык маалымат каражаттарынын ээлери өздөрү көзөмөлдөйт. Ошол эле учурда аудиториянын сапаты да ар кандай. Эгерде аудиториянын белгилүү бир бөлүгү медиа-контентке жогорку талаптарды койсо, башкалар учурдагы контентке канааттанышат, анткени алар башка маалыматтарды да издөөнү каалашпайт. Акыркы учурларда интернет тармактарынан тиешелүү бир маселе боюнча коомдук пикирди калыптандыруу аракети менен фейк маалыматтарды таратуучулар тобу жаралууда, өзгөчө мындай маалыматтар соцтармактарда, мессенджерлерде жана видеохостинг сайттарында (Youtube, WhatsApp, Telegram ж.б.) таркатылат, алар башка маалымат булактарына салыштырмалуу калкты тез мобилизациялоодо, айрым учурларда алар тирешүү талаасына айланат же тескерисинче тигил же бул башка маселелер боюнча коомдук пикирди калыптандыруунун куралы болууда. Өлкөдөгү

медиа чөйрөсүндө контент жаратуучулар жана таратуучулар да бул маалымат колдонуучулардын өздөрү жана алар агрессияны козгойт. Кыргыз эли саясатташып, массалык маалымат каражаттарынан ар кандай маалыматтарды кабыл алып жатканын эске алсак, табигый түрдө коомдогу ар кандай наразычылыктар жек көрүүчүлүккө түздөн-түз байланыштуу. Тактап айтканда, Кыргызстан журналисттеринин көз карандысыз союзу белгилегендей, соңку жылдарда жек көрүү сөздөрү баарлашуу тили катары көп колдонулуп, бул коомдогу кырдаалдын курчушуна алып келүүдө.

ЖМКларда, өлкөдөгү популярдуу социалдык тармактарда, интернет басылмаларында (24.kg, Azattyk.org, Sputnik.kg, Akipress.kg, ktrk.kg, Facebook, Instagram ж.б. көз карандысыз Журналисттер союзу 2020-жылдын 4-сентябрынан 3-октябрына чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2020-жылы өтө турган парламенттик шайлоонун жүрүшүндө мониторинг жүргүзгөн [38]. Каралып жаткан интернет-басылмалардагы жана социалдык тармактардагы макалаларга мониторинг жүргүзүү жана талдоо учурунда кастык маанайдагы сөздөрдүн төмөнкү түрлөрү аныкталган, алар: зордук-зомбулукка жана дискриминацияга чакырыктар, төмөндүктү айыптоо, тигил же бул саясий партиянын/талапкердин кылмыштуулугу жана моралдык кемчиликтери жөнүндө айыптоо, айрым партияларды бийликти басып алуу жана узурпациялоо аракети үчүн айыптоо. Мониторингдин жыйынтыгында саясий окуялар учурунда жек көрүүчүлүк сөздөр күчөп, коомчулуктун кооптонуусун жаратып жатканы белгиленди. Мониторинг жүргүзгөндөрдүн айтымында, массалык маалымат каражаттарынын тексттердеги жек көрүүчүлүк сөздөрүнөн баш тартууга багытталган максаттуу саясатын жүргүзүү зарыл, бул өлкөдөгү терс массалык акциялардын азайышына алып келет.

Заманбап маалыматтык коммуникацияларды өнүктүрүү контекстинде медиа мейкиндиктеги маалымат агымдары менен өз ара аракеттенүү маданиятын калыптандырууга, медиа сабаттуулукту көтөрүшүбүз керек, анткени сабаттуу жарандардан турган маалымат коомдун калыптанышы

медиа тармагынын абалына көз каранды, ага биринчи мамлекеттик саясат, маалымат технологиялар, коомдун маалыматтык керектөөлөрү таасир этет.

Учурда мамлекеттик органдар улуттук медиа мейкиндигинде болуп жаткан процесстерди жөнгө салуу маселелери менен алектенүүдө. Буга ылайык, медиа мейкиндиктеги процесстерге мамлекеттик көзөмөлдү камсыз кылуу үчүн ченемдик-укуктук актыларды аткаруусу көзөмөлгө алынышы зарыл. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын салттуу түрлөрү Кыргызстандын медиа мейкиндигинин мүнөздүү өзгөчөлүгү, атап айтканда, телекөрсөтүүнүн калк үчүн мааниси жогору бойдон калууда. Жаңы медиа дагы өнүгүп, иштеп жатат, аудиторияны кеңейтүүгө жана алардын массалык аң сезимге таасирин арттырууга жардам берүүдө. Социалдык тармактардын колдонуучулары негизинен жаш муундар. Ошол эле учурда Кыргызстандын медиа мейкиндиги элдин менталитетине жана мамлекеттин саясий системасына түздөн-түз байланыштуу.

**Жыйынтыктоо:** Мамлекеттик кызыкчылыкты, маалымат коопсуздугун коргоп улуттук контентти өнүктүрүүдө мамлекеттик маалымдоо каражаттарынын ролу чоң экендиги бул параграфта аныкталды. Коомчулукту расмий, өлкөнүн ички жана тышкы саясаты боюнча ишенимдүү маалымат менен камсыз кылууда, элдин бүтүндүгүн, биримдигин сактоодо, таалим-тарбия берүүдө, эне тилди жайылтууда жана идеологиялык баалуулуктарды жайылтууда мамлекеттик телерадионун кызматы маанилүү. УТРК, ЭлТР мамлекеттик каналдар өлкөнүн саясатын жүргүзүү менен бийлик менен элдин ортосунда бекем байланышты жана ишеничти түзүү аракетин жасоодо. Ошондой эле мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн, койгойлорун чагылдырып, өзгөчө кырдаалдар учурунда ыкчам расмий маалымат менен камсыздап турат.

Ааламдашкан маалымат коомунда мамлекеттик телеканалдар УТРК, ЭлТР телеканалдары контентин жайылтуу, улуттук кызыкчылыктарды сактоо максатында Интернет тармагында өздөрүнүн сайттарын (www.ktrk.kg, www.eltr.kg) жана социалдык тармактарда өздөрүнүн баракчаларын ачышкан

(TikTok, Facebook, Youtube). Радио, теле менен чектелбестен заман талабына жараша жаңы медианы колдонуу, Интернет тармагында улуттук контентти өнүктүрүү, социалдык тармактар аркылуу коомчулукка маалымат жеткирүү учурдун талабы экендиги аныкталды.

Ал эми 177ден ашык жеке менчик маалымдоо каражаттарынын берүүлөрүнүн мазмуну жеке адамдардын же ким тарабынан каржыланса ошол тараптын кызыкчылыгы мамлекеттикинен жогору тураары белгилүү болду. Кыргыз тилинде контенттин жетишсиздиги, тиешелүү мыйзам талаптарын аткаруу татаалдыгы аныкталып, мында мамлекет тиешелүү механизмдерди иштеп чыгуу зарыл экендиги далилденди.

«Кабар» маалымат агентствосу интернет тармагында мамлекеттин ишмердигин жана саясатын дүйнөлүк коомчулугуна таанытып, маалыматты кыргыз, орус, англис, түрк, кытай жана араб тилдеринде берген Кыргызстандагы жалгыз маалыматтык Интернет ресурсу болуп саналат.

«Акипресс», «24kg», «Кактус.медиа» ж.б. мамлекеттин жаңылыктарын, мамлекеттин саясатына байланышкан маалыматтар жана изилдөөлөрдү өз сайттарына жана социалдык барактарына жарыялайт. Негизинен мамлекеттик жана жеке менчик телеканалдар өлкөнүн маалыматтык эркиндигин камсыздоого, саясатын жүргүзүүгө жана ар бир жарандын маалымат коопсуздугун камсыздоого милдеттүү. Дүйнөдө болуп жаткан окуялар жана процесстер тууралуу ишенимдүү жана жетиштүү маалыматтар менен камсыз кылуу, аймактардагы жашоочуларга өлкөдө болуп жаткан бардык маалыматтар менен кабардар болуп турууга мүмкүндүк берүүчү бирдиктүү маалыматтык талааны түзүү жана мамлекеттин жана анын калкынын позитивдүү имиджин өлкө ичинде гана эмес, тышкары да түзүү жана колдоо ар бир кыргыз жаранынын милдети.

УТРК, ЭлТР телеканалдарында, Интернет тармагындагы бардык жеке медиалар да кыргыз жана орус тилинен тышкары англис тилинде контент жаратса Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугун сактап, оң имиджин түзүп, дүйнө коомчулугуна жакшы жагынан таанытып, өлкөнүн маалымат

мейкиндигинде дүйнөлүк атаандаштыкта туруштук берүүсүнө шарт түзмөкчү. Мамлекеттик кызыкчылыкты, маалымат коопсуздугун коргоп улуттук контентти өнүктүрүүдө мамлекеттик маалымдоо каражаттары чечүүчү ролду аткарат. Радио, теле менен чектелбестен заман талабына жараша жаңы медианы колдонуу, Интернет тармагында улуттук контентти өнүктүрүү, социалдык тармактар аркылуу коомчулукка маалымат жеткирүү учурдун талабы. Кыргыз тилинде контенттин жетишсиздиги, тиешелүү мыйзам талаптарын аткаруу татаалдыгы аныкталып, мында мамлекет тиешелүү механизмдерди иштеп чыгуу зарыл.

## 3.3. Ааламдашуу шартында Кыргызстандын маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун саясий механизмдери

Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу механизми - бул биринчи кезекте, өз функцияларын аткаруу аркылуу маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы саясатты түздөн-түз ишке ашыруучу атайын мамлекеттик органдардын тутуму болуп эсептелинет. Белгилеп кетсек, бул функцияларды аткаруу мамлекеттик органдардын милдети болуп саналат, ал дайыма ишке ашырылып, жарандардын жана бейөкмөт уюмдардын жана мекемелердин эркине көз каранды эмес болушу зарыл. Бул системада бардык мамлекеттик кызматтардын аткарган иши, милдеттери жана тиешелүү максаттары болушу шарт. Маалымат коопсуздугун сактоонун жолдору катары «маалымат чөйрөсүндөгү коопсуздукту камсыз кылуу боюнча мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтеринин, мамлекеттик, коомдук жана башка уюмдардын жана бирикмелердин, жарандардын ишинин тартибин аныктоочу система» [39, 26].

Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчыларын жана өзгөчө маалымат чөйрөсүндө камсыз кылуунун негизги механизми укуктук камсыздоо болуп саналат, ал укуктук ченемдердин мүнөзү менен аныкталат. Мамлекет гана ченемдик-укуктук актыларды чыгаруу менен жүрүм-турумдун жалпы милдеттүү эрежелерин - укуктук нормаларды түзүүгө мүмкүнчүлүгүнө

ээ. Башкача айтканда, тиешелүү укуктук жөнгө салуу аркылуу адамдын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун жана туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн мамлекеттин ички жана тышкы керектөөлөрүнүн көбү канааттандырылат.

Кыргызстанда маалымат чөйрөсүндөгү улуттук кызыкчылыктарын укуктук камсыздоо «инсан - коом - мамлекет» үчилтигинин таламдарын тең салмактуу укуктук камсыздоо аркылуу ишке ашырылашы зарыл.

Көптөгөн өлкөлөрдө маалыматтык-психологиялык операциялардын технологияларын колдонуу маанилүү милдет болуп саналат. Маалыматтык чабуулдар аркылуу тирешүү мамлекеттин коопсуздугун сактоо элементи катары каралат. Мисалы АКШнын, Улуу Британиянын, Россиянын, Кытайдын, ошондой эле ЕАЭБдин айрым өлкөлөрүнүн атайын мамлекеттик программаларында бекитилген.

Кыргызстанда маалыматтык коопсуздук маселеси аудитория жана коом маалыматтык чабуулдун таасирин ачык сезип, бүтүндөй өлкөгө таасирин тийгизип жатканын түшүнө баштаганда эле көтөрүлөт десек болот. Мисалы, Кыргызстан менен Тажикстандын Фергана өрөөнүндө жайгашкан чек ара аймактарында акыркы он жылда 144 түрдүү жаңжал чыгып, эки тараптан 200дөн ашуун адам каза болгон [131].

2021-жылдагы конфликти медиа тармактагы чагылдыруу жөнүндө медиа-эксперт А. Тынаев төмөнкүнү белгилеген: Кыргызстандагы журналисттер өздөрү иштеген шартта колдорунан келгендин бардыгын жасашкан. Бирок, чек арада кагылыш болгон алгачкы күндөрү тилекке каршы, расмий маалыматтар аз болгон. Пресс-релиздер, ошондой эле өкмөт өкүлдөрүнүн жекече сүйлөгөн сөздөрү жетишсиз болгон. Чек арадагы кагылышуулардан, күч менен бийлик алмашуулардан жана масштабдуу элдик толкундардан кийин медиа-эксперттер координацияланган жана туруктуу маалыматтык иш үчүн алгоритмдерди иштеп чыгуу боюнча сунуштарды беришкен, бирок бул кеңешке эч ким көңүл бурган эмес. Анын айтымында, мунун объективдүү себептери бар. Ереже катары, бүтүндөй элдин турмушу

жана коопсуздугу көз каранды болгон маанилүү мамлекеттик мекемелердин пресс кызматтарынын аткарган иштери начар. Аларда кадрдык потенциал жетишсиз, адам аз, техникалык каражаттар менен начар камсыз кылынган. Ал эми ушундай оор убактарда мунун баары өз таасирин тийгизет [132]. Экинчи жагынан, эксперттердин баамында, Кыргызстандагы ашыкча сөз эркиндигинин натыйжасында журналисттер чектен чыгып, фейк маалыматтардын таралышына жол ачылууда. Маалыматтык согушун жаратууда социалдык тармактардагы фейктер да активдүү ролун ойногон [132].

2022-жылдын январь айынан октябрь айына чейин 9 айда Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасында 14 конфликт катталган [133]. 2022-жылдын 13-апрелинде КР Президенти С. Жапаров фейсбуктагы баракчасы аркылуу элге кайрылуу жасап, жалпыга маалымдоо каражаттарын жана блоггерлерди кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжал жана Украинадагы согуш тууралуу жалган маалымат таратпоого чакырган. Президент кайрылуусунда төмөнкүдөй белгилеген, Кыргызстанда жарандардын укуктарына жана эркиндигине эч кандай чектөөлөр жок, бирок журналисттер абалды курчутуп, эки элдин ортосунда чыр чыгарбашы керек. Жалпы журналисттерден, өздөрүн блогер деп эсептеген жарандарыбыздан бир нерсени суранам. Кошуна мамлекеттер менен болгон чыр-чатактарда маалыматты өзүңөр каалагандай бурмалап жана алардын жетекчилерин мазактап, ар кандай видео-фотоматериалдарды таратканды токтоткула. Бул кылганыңар моралдык этикага туура келбейт [134].

Медиакритик Н. Каримов өз пикиринде төмөнкүлөрдү белгилейт: 2022-жылдын 14-19-сентябрь айындагы кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжал эки өлкөнүн ортосундагы маалымат согушун жаратты. Тилекке каршы, жаңжалдын терс таасири жалпыга маалымдоо каражаттарына да тийип, көптөгөн журналисттер тынчтык журналистикасын унутуп, толугу менен маалыматтык согуш режимине өтүп кетишкен. Бул чек ара жаңжалын чагылдырган мамлекеттик жана көз карандысыз медиалардын материалдарын

талдоодо өз ара айыптоодон башка мен алардан дээрлик эч нерсе тапкан жокмун [135].

Белгилеп кетсек, 2022-жылы кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалды чагылдырууда Кыргызстандын маалымдоо каражаттары активдүүлүк көрсөтүп, өздөрүнүн маалыматтарын чет элдик кесиптештери менен болушуп турушкан. Толук расмий маалыматтын жоктугунан Тажикстандын маалымат каражаттары чек арада болуп жаткан окуялар тууралуу азыраак маалымдап турушканы байкалган. Ошол эле учурда эксперттер эки өлкөнүн маалымат каражаттарын журналисттик стандарттарды сактабай жатат деп сынга алышты. Дүйнөлүк маалымат каражаттарынын басымдуу бөлүгү негизинен Кыргызстандын маалымдоо каражаттарына шилтеме жасап маалымат берип турушкан.

Маалыматтык суверенитеттүүлүккө жетишүүнүн негизги механизми болуп жалпыга маалымдоо каражаттарына бөлүнгөн мамлекеттик каражаттарды оптималдаштыруу зарылдыгын эске алып, Мамлекеттик бюджеттен 2023-жылга КР ММСЖСМге 7 миллиард 306 миллион 745,8 миң сом бөлүндү. Бул тууралуу Маданият министрлигинин жыл соңундагы коллегиясынын жыйынтыгы боюнча маалымат кызматы билдирди. Акыркы 5 жылга салыштырмалуу бул көрсөткүч 3 эсеге өстү деп билдирет Маданият министрлиги. Алсак, маалымат чөйрөсүнө 548 млн 79,9 миң сом бөлүнгөн [136].

Ошондой эле 2023-жылга бюджетте телерадиоберүү компанияларынын (Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы, «ЭлТР» мамлекеттик телерадиокомпаниясы, «Мир» мамлекеттер аралык телерадиокомпаниясы) чыгашалары 625,7 млн.сом өлчөмүндө каралган. Бул 2022-жылга салыштырмалуу 90,2 млн сомго көбөйдү. 2-Таблицада көрсөткөндөй, 2024 жана 2025-жылдардамамлекеттик телеканалдарга бюджеттин көлөмү көбөйгөн тенденцияда каралган.

**Таблица1:**

Мамлекеттик телеканалдарга которулган каражат (млн. сом)

| № | Аталышы | 2023-жыл | 2024-жылга божомол | 2025-жылга божомол |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бардыгы | 625,7 | 627,5 | 629,4 |
| 2 | Бюджеттик каражат | 578,9 | 580,8 | 582,6 |
| 3 | УТРК | 397 | 397 | 397 |
| 4 | “Мир” | 43,1 | 43,5 | 43,9 |
| 5 | “ЭлТР” | 138,8 | 140,2 | 141,6 |
| 6 | атайын эсеп каражаттары | 46,8 | 46,8 | 46,8 |
| 7 | УТРК | 42,8 | 42,8 | 42,8 |
| 8 | “ЭлТР” | 4 | 4 | 4 |

Бирок, мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын жалпы өсүшү медиа борборлор жана газета-журналдардын редакцияларынын кызматкерлеринин эмгек акысынын жогорулашы менен байланыштуу. Тилекке каршы, телерадиокомпаниялардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча азырынча эч кандай жобо жок, бул уюмдардын жетекчилери бул маселени чечүүгө түрткү бериши зарыл.

УТРК өзүнүн эл аралык байланышын чыңдап ийгиликтерге жетишүүдө. 2023-жылы  УТРКнын жетекчилиги Кытайдагы жана дүйнөдөгү эң мыкты контенттерди жаратуучу ири CICC корпорациясы менен эки тараптуу кызматташтыкка жетишкен. Бул кызматташтыктын үзүрү катары УТРКнын дубляж жасоочу 5 студиясынын керектүү жабдыктары толугу менен үн коштоочу заманбап техникалар менен толукталды. Кытайлык өнөктөштөр кайтарымсыз негизде берген бул техникалык жардам чет өлкөлөрдөн алынган сериалдарды, документалдуу жана анимациялык фильмдерди кыргыз тилине которуу сапатын жакшыртып, ыкчам иштөөгө шарт түзмөкчү. Ошону менен,

кызматташтыктын кийинки этабы контент алмашууну камтыйт деп белгилешкен [137].

Жалпыга маалымдоо каражаттарын өнүктүрүүгө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнүн негизги максаты редакцияларга жардам көрсөтүү механизмин өркүндөтүү, маалымат секторунда жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонууну стимулдаштыруу, коомчулук менен ЖМКнын жемиштүү кызматташуусун чыңдоо, журналисттердин кесипкөйлүгүн жана жоопкерчилигин жогорулатуу, аларды социалдык жактан коргоону күчөтүү, мамлекет жана коом үчүн артыкчылыктуу маселелерди чечүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын потенциалын натыйжалуу пайдалануу болуп эсептелинет.

Политолог М. Сариев билдиргендей, «эгер биз өзүбүздүн берүүлөрүбүздү, медиа контент түзбөсөк биздин маалымат мейкиндигибизди башка тараптар колдонуп, өздөрүнүн маалыматтык таасирин жүргүзүшөт». Терс маалыматтар таасирин жок кылуунун бир жолу катары, ага каршы башка каналдарды ачуу жана маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу менен коомчулуктун маалымат алууда сын көз караш менен ой жүгүртүп, маалымат алуу жаатында башка да маалымат булактары болуусу шарт. Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун коргоо максатында маалымат агымдарына каршы тийиштүү иш-чараларды жүргүзүү керек. Албетте мындай иш-чаралар көп ресурстарды талап кылат, бирок башка жол жок [138].

Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары Э. Байсалов жеке маалымат каражаттарына субсидия берип, колдоо керектиги тууралуу оюн төмөнкүчө белгилеген, мамлекет жеке маалымат каражаттарына субсидия бериши зарыл. Жеке маалымат каражаттарын каржылоо маселеси кечээ эле пайда болгон жок. Биз журналисттерибизди колдошубуз керек, бизде башка өлкөлөрдөгүдөй маалымат каражаттарына субсидия берүүдөн башка аргабыз жок, анткени биз журналистерди рынок экономикасына кое берип жатабыз, ал эми рынок экономикасы терең анализ талап кылат. Эгер маалымдоо каражаттарында терең аналитикалык журналистиканы, өзгөчө кыргыз

тилиндеги публицистиканы өнүктүрүп, саясий кырдаалды, улуттук кызыкчылыктарыбызды сактайлы десек, кандайдыр бир жол менен бүтүндөй улуттук басма сөзүбүздү колдошубуз керек [139].

КРнын "Массалык маалымат каражаттары жөнүндө" мыйзам [77] белгиленгендей, өлкөдө күчтүү көз карандысыз маалымат каражаттары сөзсүз болуш керек. Көз карандысыз, элдин ишенимине ээ жергиликтүү маалымдоо каражаттары болбосо, фейк жаңылыктардын, дезинформация жана терс мазмундагы материалдардын жайылышы күчөп, калктын медиа сабаттуулугу төмөндөйт. Ошондой эле бул изилдөөдө өлкөдө күчтүү маалымат каражаттары болбосо, авторитардык тенденциялар күчөп, жарандардын укуктарын сактоо, инвестициялык климат начарлайт деп жазылган.

Коңшу мамлекеттердин ортосундагы аскердик чыр-чатактар менен байланышкан татаал геосаясий кырдаал өлкөдөгү маалыматтык коопсуздукту сактоо үчүн улуттук маалымат каражаттарын чыңдоо зарылдыгын көрсөтүп турат. Интернет, социалдык тармак, мессенджерлерден маалымат алуу, жасалма интеллекттин өнүгүүсү жергиликтүү ЖМКлар үчүн жаңы коркунучтарды пайда кылууда.

М. Сариев белгилегендей [140] эгер мамлекет Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарын колдоого албаса, АКШ жана Евробиримдик ондогон жылдар бою маалымат каражаттарынын лоялдуулугу үчүн абдан көп өлчөмдө каражат төлөп келет. Республиканын маалымат чөйрөсүн көзөмөлдөө маселеси алар үчүн канчалык маанилүү экенин «эркин» жана «көз карандысыз» маалымат каражаттарына берип жаткан каржылоонун көлөмүн карап түшүнүүгө болот. Акыркы эле 5 жылда, 2023-жылды кошпогондо, USAID Кыргызстандагы 12 маалымдоо каражатын жана бейөкмөт уюмдарды колдоого 10 миллион доллардан ашык каражат жумшаган. Бул расмий түрдө көз карандысыз ММКларды колдоо демилгесинин алкагында жасалды. Кошумчалай кетсек, 2023-жылы ошол эле ЮСАИД аркылуу «Орусиялык пропагандага маалыматтык каршы туруугa» 21 миллион доллардан ашык каражат бөлүнгөн.

Америкалык Internews Network бейөкмөт уюму да Батышка лоялдуу журналисттердин, блоггерлердин жана редакторлордун армиясын түзүүгө чоң салым кошкон. Ал жалпыга маалымдоо каражаттарында иштөө үчүн кадрларды даярдоо боюнча адистешкен жана 25 жылдан ашуун убакытта, анын ичинде Кыргызстанда иштеп, бир нече миң «адистерди» даярдаган. Ошентип, 2018-жылдан бери эле 2 миңден ашык журналист, дээрлик 150 маалымат агенттиктери жана мамлекеттик эмес массалык маалымат каражаттары Internews Network программасынан 15 миллион доллар өлчөмүндө каржыланды. Уюмдун медиа тренингине дагы 6 миң журналист катышкан. Демек, АКШ Борбор Азия өлкөлөрүндө, тагыраак айтканда Кыргызстанда коомдук маанайды башкаруу жана батыш баалуулуктарын сиңирүү максатында маалыматтык экосистеманы түзүүдө. АКШ маалымат мейкиндигинин олуттуу бөлүгүн көзөмөлгө алып алган, эгер бул процесс токтотулбаса (мисалы ЖМКлар үчүн тиешелүү мыйзам базасы аркылуу), анда алар толугу менен маалыматтык таасирин күчөтүп, коомго неолибералдык баалуулуктарды, улутчулдук сезимдерди сиңиришет.

«Медиа Полиси Институту» фонду 2020-жылдын октябрынан 2022-жылдын мартына чейин Кыргызстандагы сөз эркиндигинин абалына мониторинг жүргүзүп, сөз эркиндигинин абалынын начарлоо тенденциясын жарыялаган. Ал эми эл аралык Human Rights Watch жана Helsinki Commitet укук коргоо уюмдары кыргыз бийлигин көз карандысыз журналисттерди жана ММКларды куугунтуктоону токтотууга чакырган.

2023-жылы басма сөз эркиндиги рейтингинде дүйнө өлкөлөрү арасында Кыргызстандын позициясы дароо 50 пунктка төмөндөдү (72-орундан 122-орунга түшкөн). Freedom House уюмунун докладында 2023-жылы Кыргызстан маалымат тармагында эркин эмес өлкө деп аталды. Буга сөз эркиндиги менен байланышкан окуя жана маалымат каражаттарынын учурдагы абалы себеп болгон. Өлкөдө ЖМК жөнүндө жаңы мыйзам долбоору демилгеленип, ага карата БУУ, ЕККУ жана өлкөнүн медиа коомчулугу терс баасын беришүүдө [141].

2023-жылдын башынан тартып Кыргызстанда бир катар көз карандысыз маалымат каражаттарына жана журналисттерге кылмыш иши козголгон. Алсак, Kaktus.Media, Next телеканалына, журналист жана Temirov.Live сайтынын негиздөөчүсү Б. Темировго кылмыш иши козголгон. Next телеканалынын директору Т. Дүйшембиев эки айга камакка алынып, телеканал көрсөтүүсүн токтотуп, кеңсесин жапкан.

Д. Орунбеков КР Президентинин аппаратынын маалымат саясат кызматынын жетечиси коомдук талкууга коюлган ЖМКлар жөнүндөгү мыйзамдын жаңы редакциясына токтолуп, төмөнкүлөрдү белгилеген: «Мурунку мыйзам 1992-жылы кабыл алынган жана моралдык жактан эскирген. Мыйзамдын жаңы редакциясы бүгүнкү күндүн чакырыктарын жана талаптарын чагылдырат жана эч кандай сөз эркиндигине кысым көрсөтүүгө же чектөөгө багытталган эмес».

Жогорку Кеңештин акыркы жумаларда бул КРнын «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» мыйзам долбоору парламентте кызуу талкууланып жатканын эске салып Жогорку Кеңештин депутаты Э. Абакиров айтымында «Кечээ мен экономика менен сөз эркиндигинин байланышы тууралуу абдан жакшы макала окудум. Сөз эркиндигинин индекси жогору болгон өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүү индекси жогору. Мунайга бай мамлекеттерде гана - Сауд Арабиясы, Оман, Бахрейн экономика сөз эркиндигине карабай өнүгөт, бирок башка өлкөлөрдө сөз эркиндиги болсо экономика өнүгөт, анткени көз карандысыз маалыматка муктаж болгон инвесторлор ал жакка коркпой келишет. Андан сырткары, сөз эркиндигинин индекси жогору өлкөлөрдө Коррупциянын көрсөткүчү төмөн, анткени сөз эркиндиги коррупцияга каршы күрөштүн күчтүү куралы болуп саналат. Ошондуктан, мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуудан жана киргизүүдөн мурда алар экономикага жана жарандардын кирешесине кандай таасирин тийгизери жөнүндө ойлонуп көрүүнү суранам».

Экинчи жагынан белгилүү саясий серепчи М. Сариев төмөнкүлөргө көңүл бурган: «Бүгүнкү күндө маалымат согушу Кыргызстандагы коомдук

пикирди өзгөртүүгө жана өлкө жетекчилигин кандайдыр бир узурпатор катары көрсөтүүгө багытталган. Ошентип, азыркы бийликти десакрализациялоо жана кырдаалды солгундатуу, жаңы «түстүү революцияны түзүү» аракети жүрүп жатат». 11 журналистти камакка алуу көрүлгөн чара катары ушуга байланыштуу деп ойлойм (КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 278-беренесинин «Массалык баш аламандык» үчүнчү бөлүмүнүн «Бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына активдүү баш ийбөөгө жана массалык баш аламандыкка ошондой эле жарандарга карата зомбулук көрсөтүүгө чакырыктар» боюнча козголгон кылмыш ишинин алкагында кармалган). Бул көрүнүш батышта абдан катуу резонанс жаратты. Кыргызстандын азыркы бийлиги менен тышкы оюнчулардын ортосунда күчтүү маалыматтык күрөш жүрүп жатат, анткени алардын кызыкчылыктары туура келбейт, анткени Батыш тараптын көз карашы боюнча Кыргызстандын бийлиги орусиячыл позицияны кармануууда. Андыктан бул маалыматтык согушта ким жеңээри абдан маанилүү жана мунун баары жазга даярдалууда. Батыштын маалыматтык таасиринен Кыргызстанда кырдаалды туруксуздаштыруу коркунучу өтө жогору экенин жокко чыгарбайм» [141].

Азыркы учурда КР Өкмөтүнө караштуу Кыргызстандын маалымат тармагындагы кызыкчылыктарын коргоодо максаттарды ишке ашыруу жана мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыздоо милдети коюлган. Милдеттерди толук кандуу иш жүзүнө ашырууда мамлекеттик маалымат саясат чөйрөсүндө аткарылышы керек болгон бир катар иш-чаралар турат. Мында мамлекеттик маалымдоо каражаттарынын ишин жөнгө салуу жана аталган өкмөттүн токтомун кабыл алуу мезгилдин талабы. Аталган иш-чараларды кабыл алуу, медиа түзүмдү өзгөртүү менен шартталып, мында басылмалар ачык рынок экономикасынын негизинде ишин улантуу үчүн басманын заман талабына жараша жаны формасын табышы зарыл болгон.

КР ММСЖМнин маалымат саясат башкармалыгынын иши негизинен маалымат айдынында улуттук кызыкчылыктарды сактоо, мамлекеттин коомдук-саясий өнүгүүсүнүн негизги маселелерин чечүү үчүн коомду

консолидациялоого багытталган. Багыты боюнча артыкчылык берилген маселелер КР Президентинин «Инсанды руханий - адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы тууралуу», «Инсанды руханий жактан тарбиялоо жана дене тарбияны өркүндөтүү боюнча чаралар тууралуу» Жарлыктарды ишке ашыруу, мамлекеттин маанилүү чечимдерин камсыздоо, шайлоо процесстерин, республикалык жана улуттук масштабдагы иш-чараларды чагылдыруу ж.б. кирет.

«Анык эмес (жалган) маалыматтардан коргоо жөнүндө» [142] Кыргыз Республикасынын кабыл алынган Мыйзамын ишке ашыруу үчүн тиешелүү мыйзам базаларын иштеп чыгуу жана Интернет тармагында изилдөө жүргүзүү борборун түзүү маселеси каралууда. Жогорку актуалдуулугунан жана учурда Кыргызстанда анык эмес маалыматтардын, айрыкча соцтармактарда жана алардын коомчулукка таасиринин өсүшү, калктын маалымат алууда медиа сабаттуулугунун начардыгында бул көйгөйлүү маселенин жаралашына алып келет.

2024-жылы февраль айында КР Маданият министрлиги маалымат каражаттарына кат жолдоп, журналисттерден төмөнкүлөрдү сураган:

- «Коомдогу кырдаалды курчутуп, жек көрүүчүлүктү, дискриминацияны жана бөлүнүүнү пайда кылган жалган маалыматтарды» таркатпоо;
- «Тышкы саясий жаңылыктарды чагылдырууда өлкөнүн дүйнөлүк аренадагы позициясын эске алуу менен саясий бейтараптык принцибин сактоо»;
- «Коңшу мамлекеттердин ички саясий процесстерине таасир этүүчү маалыматтарды чыгаруудан алыс болуңуз, анткени бул жакшы кошуналык принциптерин бузуп, эки тараптуу мамилелерге терс таасирин тийгизиши мүмкүн».

Ошондой эле Конституция ар бир адамга маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана жайылтуу укугун бергени айтылат. Ал эми «калк арасында жайылтууга болбой турган маалыматтарды тараткандар үчүн Кыргызстандын мыйзамдарына тиешелүү жоопкерчилик каралган».Маданият министринин орун басары Чыңгыз Эсенгул уулу бул билдирүү боюнча

комментарий беруудөн баш тартканын жазат. Басылма ошондой эле Кыргызстандын Конституциясы цензурага жол бербей турганын эске салат [143].

2021-2025-жылдарга карата Маалымат саясат концепциясынын долбоорун иштеп чыгуу 2020-жылы КР ММСЖСМ ошол кездеги Массалык коммуникациялар департаменти тарабынан демилгеленген. Аталган документтин мөөнөтүн өзгөртүү менен өлкөнүн келечектеги маалымат саясатынын максаттары жана милдеттери күтүлгөн жыйынтыктар жана натыйжалар, өлкөнүн медиа секторун өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары, анын ичинде маалымдоо каражаттар плюрализмине жана рыноктук мамилелерди өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү мамлекеттик жөнгө салуу чаралары боюнча тараптардын консолидацияланган пикирин билдирет.

Концепция Кыргызстандын маалыматтык суверендүүлүгүн камсыз кылуу үчүн шарт түзүүгө жана медиа тармагын өнүктүрүүгө, жарандардын маалымат алуу укугун коргоого багытталган. Аталган концепция журналисттер уюмдарынын, мамлекеттик мекемелердин, жергиликтүү органдардын, коомдук жана каржы уюмдардын, билим берүү тармактарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда жарым жылдан ашык мезгилде иштелип чыгып, бирок кабыл алынган эмес.

Кыргызстандагы акыркы 4 жылга карата маалымат саясатынын Концепциясынын долбоору коомдук талкуулоо үчүн http://kyrgyz.media/ сайтында КР Өкмөтүнүн расмий сайтында тиркеме менен жайгаштырылган. Сунуштар жана сын-пикирлер ММСЖСЖнин маалыматтык саясат башкармалыгынын kyrgyzmediakit@gmail.com электрондук дарегине жөнөтүлсө болот. Кыргызстандагы ар бир министрликтерге жана ведомстволорго бекитүү үчүн жөнөтүлгөн. Учурда Кыргызстанда мамлекеттик жана жеке маалымдоо каражаттары тарабынан даярдалган улуттук контент маалыматтык суверенитеттүүлүктү толук камсыз кылуу татаал максат болуп турат. Мамлекеттик тилдеги медиа контент аз, сапаты толук талапка жооп бербейт, ошондой эле кыргыз тилинде бирдиктүү медиа

терминдер иштелип чыккан эмес. Калктын маалымат алуусунун негизги булагы катары бүгүнкү күндө да телекөрсөтүү жана радио эсептелсе, ыкчам маалымат алуу жана ыңгайлуу байланышты шарттоочу катары социалдык тармактар, жаңы байланыш каражаттары эсептелет.

Медиа чөйрөнүн өнүгүшүнө тоскоол болгон негизги көйгөйлөр, маалыматтык инфраструктураны өнүктүрүү, контент өндүрүүчүлөрдүн медиа сабаттуулугунун деңгээли маалыматтык коопсуздугу менен өз ара байланыштуу жана көз каранды. Учурдагы маанилүү документ болуп саналган 2021-2025-жылга чейинки Концепциянын негизги максаты да - Кыргыз Республикасынын маалыматтык эгемендүүлүгүн камсыз кылуу жана жалпыга маалымдоо каражаттарын өнүктүрүү, сөз эркиндигин жана пикирлердин плюрализмин коргоо үчүн шарттарды түзүү болуп саналат. Анткени мамлекеттик тилде улуттук контентти өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыты - мамлекеттик органдар жана жалпыга маалымдоо каражаттары мамлекеттик тилде улуттук контентти даярдоо жана жайылтуу маанилүүлүгүн түшүнүп, күч-аракетин жумшашат. Концепциянын максатына жана күтүлгөн натыйжаларга жетишүү үчүн маалыматтык эгемендүүлүктү камсыз кылууда, сөз эркиндигин коргоодо, маалыматка жеткиликтүүлүктү кеңейтүүдө, жалпыга маалымдоо каражаттарын өнүктүрүүгө жаңы ыкмаларды киргизүүдө жана коомчулуктун потенциалын жогорулатууда негизги ролду ойногон негизги артыкчылыктарынын бири маалыматтык суверенитетти камсыз кылуу жана улуттук контентти өнүктүрүү болуп саналат. Бул артыкчылык Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук Концепциясын, 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын Киберкоопсуздук Стратегиясын, 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздук Концепциясын ишке ашыруу менен тыгыз байланышта. 2021-2025-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын маалымат саясат Концепциясынын алкагындагы максаттар жана милдеттер Кыргыз Республикасынын маалыматтык эгемендүүлүгүн камсыз кылууда жалпыга маалымдоо каражаттарынын ролун аныктоого,

жалпы жарандык идентификацияны маалыматтык жактан илгерилетүүгө жана сапаттуу улуттук контентти өнүктүрүүгө багытталган.

Маалыматтык суверенитеттүүлүккө жетишүүнүн негизги механизми болуп жалпыга маалымдоо каражаттарына бөлүнгөн мамлекеттик каражаттарды оптималдаштыруу, маалыматтык суверенитеттүүлүктү чыңдоону шарттаган улуттук контентти өндүрүүгө багытталган мамлекеттик буйрутманы ишке ашыруу үчүн адамдык, каржылык, техникалык жана башка ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу саналат. Бул максатка жетүү үчүн 2021-2025-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын маалымат саясат Концепциясынын долбоорунда көрсөтүлгөндөй, төмөнкү багыттар боюнча иш жүргүзүү зарыл деп белгиленген: [144]

1. Маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга аталган Концепцияны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон функцияларды жана ыйгарым укуктарды берүү.
2. Сапаттуу улуттук контент даярдоону өнүктүрүү үчүн тиешелүү жалпыга маалымдоо каражаттарына бөлүнгөн республикалык бюджеттин чыгашаларын жакшыртуу.
3. Чет өлкөлүк маалымдоо каражаттарына артыкчылыктарды бербестен, бардык маалымдоо каражаттары үчүн бирдей шарттарды түзүү;
4. Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарына жана коомдун талаптарына жооп берип, атаандаштыкка туруштук бере алган улуттук жана аймактык контентти түзүү.
5. Жалпы жарандык иденттүүлүктү маалыматтык жактан өнүктүрүү.
6. Мамлекеттик эмес медиа контент өндүрүүчүлөрдүн улуттук контент өндүрүүсүндө мамлекеттик каржылоого жетүүсүн камсыз кылуу.

Маалыматтык суверенитетти камсыздап, улуттук контентти өнүктүрүүдөгү негизги милдеттер:

1. Маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү мамлекеттик органга Концепцияны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ыйгарым укуктарды берүү.

2. Берүүнүн жаңы технологияларын өздөштүрүү, анын ичинде жогорку сапаттагы HD ж.б. форматына толук өтүү.
3. Мамлекеттик, расмий, казак, тажик, өзбек жана башка тилдерде жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүүнүн бирдиктүү улуттук тартибин маалыматтык өнүгүүсүн камсыз кылуу.
4. Улуттук деңгээлде аймактык контенттин жайылышын жана сапатын жогорулатуу.
5. Кыргыз Республикасынын аймагында көрсөтүлүүчү чет өлкөлүк телеканалдарда жарнактарга тыюу салууну киргизүү.
6. Медиа чөйрөдө колдонулган лицензиялык продукциялардын санын көбөйтүү.
7. Керектүү контентти түзүү үчүн (балдар, билим берүү, спорттук, ден соолукту чыңдоо, экологиялык ж.б.) аудиториянын талаптарын аныктоочу механизмдерди иштеп чыгуу.
8. Ар кандай топтордун (диний, этникалык ж.б.) өзгөчөлүктөрүн эске алган улуттук мазмунду чыгаруу.
9. Мамлекеттик жана жеке массалык маалымат каражаттарынын арасында сынактык негизде улуттук контентти (билим берүүчү, балдар үчүн ж.б.) даярдоо боюнча мамлекеттик буйрутманы аткаруу.

**Жыйынтыктоо:** Заманбап шартта КР маалымат коопсуздугун камсыздоо, өлкөнүн маалымат саясатын жүргүзүү үчүн аталган параграфта саясий механизмдер так көрсөтүлгөн. Алгач улуттук кызыкчылыктарды «инсан-коом-мамлекет» үчилтигинин таламдарын тең салмактуу укуктук камсыздоо аркылуу ишке ашырылышы зарыл. Интернет технологиялары өнүккөн заманбап шартта маалымдоо каражаттарынын, интернет тармагынын ишин жөнгө салуу жана ченемдик-укуктук документтерин толук кандуу иштеп чыгуу. «2021-2025-жылдарга карата Маалымат саясат Концепциясын» кабыл алуу. Бул концепция өлкөнүн суверендүүлүгүн камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүүгө жана медиа тармагын өнүктүрүүгө, жарандардын маалымат алуу укугун сактоого, маалымат коопсуздугун коргоого

багытталган. Экинчи механизм бул улуттук маалымат каражаттарын жана кадрларын (материалдык-техникалык базасын камсыздоо, кесипкөй кадрларды даярдоо, тажрыйба алмашуу, квалификациясын жогорулатуу ж.б.) чыңдоо. Изилдөөдө көрсөтүлгөндөй, чек арадагы кагылышууларда, өлкөдөгү саясий окуяларда Кыргызстандагы ашыкча сөз эркиндигинин натыйжасында журналисттер, блогерлер чектен чыгып, фейк маалыматтардын таркоосуна шарт түзүлгөн. Чек ара жаңжалы менен байланышкан татаал геосаясий кырдаал өлкөдөгү маалыматтык коопсуздукту сактоо үчүн улуттук маалымат каражаттарын чыңдоо зарылдыгын көрсөтүп турат. Үчүнчү саясий механизм катары бул маалыматтык суверендүүлүктү чыңдоо катары маалымдоо каражаттарын каржылоону оптималдаштыруу, жеке менчик ММКга мамлекеттик субсидия берүү болуп эсептелет. Анткени азыркы Интернет тармагы өнүккөн рыноктук шартта мамлекеттик да, жеке да телерадио компаниялар, мамлекеттик институттар жана коом колдоого муктаж. Кыргызстанда жеке менчик маалымат каражаттары каржылаган тарапка көз каранды абалда болууда. Жалпыга маалымдоо каражаттарын өнүктүрүүгө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнүн негизги максаты редакцияларга жардам көрсөтүп, алар да мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн иштөөсүнө шарттарды түзүү болуп саналат. Анткени, өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыздоо, мамлекеттин кызыкчылыгын эл аралык деңгээлде коргоо жеке эле мамлекеттик маалымдоо каражаттарынын милдети эле эмес, бул процесске коомдук уюмдар, бирикмелер, ишкерлер жана жалпы жарандык коом мамлекеттик суверендүүлүгүн сактоого кызыктар болушу керек. Төртүнчү саясий механизм катары ММКда улуттук контентти өнүктүрүү болуп саналат. Кыргызстандагы ар бир маалымдоо каражаты мамлекеттик колдоого ээ болуп, улуттук кызыкчылыктарга жана баалуулуктарга коомдун талаптарына жооп берген жана атаандаштыка туруштук берген кыргыз, орус, англис ж.б. эл аралык тилдеринде контентти бериши зарыл. Өзгөчө көңүл бурула турган маселе дүйнө коомчулугуна Кыргызстан тууралуу имидж оң мазмундуу контентти жайылтуу болуп саналат.

## Корутунду

Изилдөөдөн белгилүү болгондой, бүгүнкү күндө маалымат чөйрөсү улуттук коопсуздуктун жалпы тутумунун маанилүү бир багыты болуп саналат. XXI кылымдын башында маалыматтык коом мамлекеттердин экономикалык, коомдук-саясий түзүлүшүнө жана идеологиясына карабастан, заманбап цивилизация дооруна өтүүнүн жаңыча өнүгүү этабы катары аныкталган. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр төмөнкүдөй жалпы жыйынтыктарга келүүгө мүмкүндүк берди:

1. Теориялык материалдарды изилдөөнүн натыйжасында маалыматтык коомду постиндустриалдык, технологиялык доордун, цивилизациянын өнүгүүсүнүн жаңы тарыхый фазасы катары кароого мүмкүнчүлүк берет жана өндүрүштүн негизги товары болуп маалымат жана билим эсептелет. Маалыматтык коом ар башка өлкөлөрдө экономикалык жана социалдык өнүгүү шартына жараша ар түрдүү деңгээлде өнүгөт. Ал техногендик цивилизациялык маалыматтык жана телекоммуникациялык электрондук доорунун калыптанышы менен ар бир жарандын, коомдун маалымат алуусун камсыздайт жана мамлекеттик чечимдердин кабыл алынышына мүмкүнчүлүк түзөт.

2. Маалыматтык коопсуздук жана маалыматтык саясат түшүнүгүнө карата илимий эмгектерди жана концептуалдык көз караштарды анализдөөдө төмөнкү аныктамалар берилген: Маалыматтык коопсуздук бул глобалдык маалымат мейкиндигин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү, өлкө үчүн реалдуу жана мүмкүн болгон коркунучтарды жок кылуу шарттарын жана каражаттарын камтый тургандыгы аныкталган. Мамлекеттин маалымат саясаты бул өлкөнүн коопсуздугун камсыздоонун негизги бөлүгү катары өлкөнүн кызыкчылыгын коргоп, калкка объективдүү маалымат жеткирүүгө шарт түзүү менен дүйнө коомчулугуна өлкөнүн оң имиджин түзүүгө багытталат.

3. Мамлекеттик маалыматтык коопсуздукту изилдөөдө дисциплиналар аралык ыкмаларды колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталды. Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты изилдөөдө илимий

ыкмаларды жана топтолгон теориялык-эмпирикалык материалдарды колдонуу менен өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы рационалдуу мамлекеттик саясаттын ролу жана мааниси жөнүндө бир катар теориялык жалпылоолорду жасоого жана мамлекеттик органдарга сунуштамаларды берүүгө мүмкүн болду.

4. Саясий - укуктук жана аналитикалык ыкмалар маалымат коопсуздуктун, жарандардын, коомдун жана мамлекеттин эгемендүүлүгүнүн терс маалыматтык таасиринен коргоонун негизи өлкөнүн укуктук актылары экендигин көрсөттү. Бирок республиканын медиа тармагындагы учурдагы ченемдик-укуктук база өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу ишмердүүлүгүнө натыйжасыз таасир берүүдө. Жетишсиз каржылоо, маалымат тармагындагы кадрларды даярдоонун начардыгы, ата мекендик медиа контенттин сапатынын төмөндүгү массалык маалымат каражаттарынын жана мамлекеттик бийлик органдарынын ишине терс таасирин тийгизүүдө. Маалыматтык коопсуздук боюнча укуктук-ченемдерди кайра карап чыгуу жана глобалдуу дүйнөнүн өзгөрүүлөрүн эске алып алдыңкы жылдарга карата жаңы маалымат коопсуздугу боюнча Концепцияны кабыл алуу жана тиешелүү мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин жогорулатуу сунушталууда.

5. Системалык талдоонун жана автордун байкоосунда эмпирикалык материалдардын негизинде мамлекеттин маалымат саясатын ишке ашыруу милдети жүктөлгөн КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин ишмердигинде иретсиздик жана ар тараптуулук аныкталган, министрликтин ар тараптуу ишмердүүлүгү (маданият, спорт, жаштар саясаты, туризм, миграция) республикадагы маалыматтык саясаттын натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизген. Дүйнөлүк коомдо маалыматтын жаралышы ар бир мамлекеттин келечегин аныктаарын эске алуу жана аталган министрликтин иши боюнча жогоруда айтылган эмпирикалык далилдердин жыйындысында КР Өкмөтүнө караштуу өзүнчө маалымат агенттигин түзүү зарылдыгы сунушталды.

6. Эмпирикалык материалдарды изилдөөдө Улуттук телерадиокорпорация мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзүүчү жана элге расмий маалымат берүүчү мамлекеттин башкы маалымат борбору экендиги аныкталды. Маалымат ресурстарына жетүү үчүн саясий күрөш корпорациянын ишинде пикир келишпестиктерге алып келген. Эгемен Кыргызстандын тарыхында саясий кризистер мезгилинде нааразы болгон тараптар УТРК телеканалын басып алууга ар дайым аракет кылышкан. Телерадиокорпорациянын жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн негизги саясий оюнчуларынын ортосунда туруктуу саясий атаандаштык болгон. Корпорациянын маалыматтык ишмердүүлүгү мамлекеттин эгемендүүлүгүн камсыз кылууда чоң стратегиялык мааниге ээ экендиги аныкталды.

7. Сапаттык, сандык жана социологиялык анализдин негизинде республикада маалыматтык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү IT-технологиялардын өнүгүү процессинде жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (массалык маалымат каражаттары, Интернет) кеңири таралышында экендиги көрсөтүлдү. Кыргызстанда маалыматтык коомдун калыптанышы медиа мейкиндигинин өнүгүү деңгээлинен көз каранды. Өлкөдө салттуу маалымат каражаттары - теле жана радио онлайн медиа жана социалдык тармактардын басымы менен артка чегинүүдө. Социалдык тармактар: Instagram, TikTok, Facebook, Одноклассники, В Контакте, Twitter жалпысынан негизги маалымат булагы катары телевидениенин ордун басууда. Телевидение менен радионун ордун смартфондор алмаштырууда. Бирок ишеним жагынан телеберүү соцтармактардан жогору турат. Маалыматты колдонучулардын көңүл буруусу да өзгөрүүдө - бул тексттик мазмундан визуалдык мазмунга өтүүдө. Ушул факторлорду эске алуу менен УТРК, ЭлТР телеканалдарында жаңы технологияларды колдонуу менен интернетте улуттук контентти кеңейтүү жана өнүктүрүү, маалымат мейкиндигинде дүйнөлүк атаандаштыкка туруштук берүү үчүн ыкчам маалыматтык блокторду түзүү, Кыргызстан тууралуу позитивдүү имидж түзүүчү видеороликтерди, мультфильмдерди,

тасмаларды даярдоо жана социалдык тармактар аркылуу жайылтуу механизмдерин иштеп чыгуу сунушталган.

8. Эксперттик талдоодо мамлекеттик кызыкчылыкты, маалымат коопсуздугун коргоп улуттук контентти өнүктүрүүдө мамлекеттик маалымдоо каражаттары чечүүчү ролду аткараары аныкталды. Заман талабына жараша жаңы медианы колдонуу, Интернет тармагында улуттук контентти өнүктүрүү, социалдык тармактар аркылуу коомчулукка маалымат жеткирүү учурдун талабы. Ал эми көп сандаган жана түрдүү жеке менчик маалымдоо каражаттарынын берүүлөрүнүн мазмуну жеке адамдардын же ким тарабынан каржыланса ошол тараптын кызыкчылыгын мамлекеттикинен жогору коюлары белгилүү. Изилдөө көрсөткөндөй кыргыз тилинде контенттин жетишсиздиги, тиешелүү мыйзам талаптарын аткаруу татаалдыгы аныкталып, мында мамлекет тиешелүү механизмдерди иштеп чыгуу зарылдыгы сунушталды. УТРК, ЭлТР телеканалдарында, Интернет тармагында жана жеке медиалар да кыргыз жана орус тилинен тышкары англис тилинде контент жаратса Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугун сактап, оң имиджин түзүп, дүйнө коомчулугуна жакшы жагынан маалымат жеткирилет. Бул көрүнүш мамлекетти оң жагынан таанытууга таасир берип, маалымат мейкиндигинде дүйнөлүк атаандаштыкта туруштук берүүсүнө шарт түзмөкчү.

